# ГЕНДЕРДИК-СЕЗИМТАЛ ЖУРНАЛИСТИКА

Келечектеги журналисттерди даярдоо боюнча
окуу-усулдук комплекси
2–3 курстар үчүн

Кыргыз Республикасы, 2023

Инициатива «Луч света» Покончить с насилием в отношении женщин и девочек

Медиа сабак

ООН ЖЕНЩИНЫ

# ГЕНДЕРДИК-СЕЗИМТАЛ ЖУРНАЛИСТИКА

Келечектеги журналисттерди даярдоо боюнча окуу-усулдук комплекси
2–3 курстар үчүн

Бишкек 2023

УДК
ББК
Г

Г **Гендердик-сезимтал журналистика.** Келечектеги журналисттерди даярдоо боюнча окуу-усулдук комплекси 2–3 курстар үчүн. / / А. Асанова, М. Шабданбекова ж.б. – Б.: , 2023. – 230 б.

ISBN 978-9967-35-

Бул материал Кыргыз Республикасындагы БУУнун Аялдар түзүмүнүн колдоосу менен «Медиа Сабак» коомдук фонду менен биргеликте Европа Биримдиги менен БУУнун биргелешкен «Теңдик нуру» глобалдык демилгесинин алкагында иштелип чыгып даярдалган. Бул материалга камтылган көз караштар Европа Биримдигинин, БУУнун же «Теңдик нуру» глобалдык демилгесинин көз карашын чагылдырбайт.

ISBN 978-9967-35-

УДК
ББК

© Асанова А., Шабданбекова М., Калканбекова А., Бактыбек кызы А., Жекшен кызы К. , 2023

# Мазмуну


КИРИШҮҮ ........................................................ 5

**I бөлүм. Гендерге киришүү ........................................ 9**

Лекция 1. Гендер – тең укуктуулуктун негизи ........................ 9

Семинар 1. Гендер – тең укуктуулуктун негизи ....................... 24

Лекция 2. Зордук-зомбулукту жоюу коомдун
өнүгүшүнүн маанилүү шарты ........................................ 41

Семинар 2. Зордук-зомбулукту жоюу коомдун
өнүгүшүнүн маанилүү шарты ........................................ 57

Лекция 3. Харассмент – гендердик зомбулуктун
өзгөчө формасы ................................................... 67

Семинар 3. Коопсуз чөйрө – ар бир адамдын укугу! ................... 85

Онлайн викторина үчүн болжолдуу суроолор ........................... 93

I бөлүм боюнча студенттердин
өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар ................................ 95

«Гендерге киришүү» I бөлүм боюнча кирүү жана чыгуу тесттери ...... 96

**II Бөлүм. Гендердик-сезимтал журналистика ......................... 99**

Лекция 4. Максаттуу аудиторияны аныктоодо эмпатиянын ролу .... 99

Семинар 4. Эмпатия ................................................ 112

Лекция 5. Гендердик-сезимтал журналистика ........................ 118

Семинар 5. Гендердик-сезимтал журналистика ....................... 135

Лекция 6. Кыргыз Республикасындагы гендер жана медиа .............. 146

Семинар 6. Кыргыз Республикасындагы гендер жана медиа .......... 164

II бөлүм боюнча студенттердин
өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар ........ 172

«Гендерди-сезимтал журналистика»
II бөлүм боюнча кирүү жана чыгуу тесттери ........ 173

**III Бөлүм. Медиа мониторинги ........ 176**

Лекция 7. Гендердик линза медиа мониторингинин
негизги куралы ........ 176

Семинар 7. Гендердик линзаны жана медиа мониторингди
практикалык колдонуу ........ 190

Лекция 8. Гендердик анализдин куралдары жана ыкмалары ........ 199

III бөлүм боюнча студенттердин
өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар ........ 221

«Медиа мониторинги»
III бөлүм боюнча кирүү жана чыгуу тесттери ........ 222

**Корутунду ........ 225**

**Гендердик-сезимтал журналистика боюнча глоссарий ........ 227**

# КИРИШҮҮ

Азыркы коомдо медиа коомдук пикирди калыптандыруунун күчтүү факторлорунун бири болуп саналат жана коомдун аң-сезиминде айрым түшүнүктөрдү, анын ичинде стереотиптерди бекемдейт.

Бул, айрыкча, медиада гендердик тематиканы чагылдырууга тиешелүү, адам жашоосунун айрым чөйрөлөрүндө дагы эле эркек жана аял маданияттарынын обочолонгондугу, анын ичинде өнөктөштүк мамилелерден баш тартуусу мүнөздүү, бул өз кезегинде гендердик теңсиздикке алып келет.

Коомдогу гендердик теңсиздик маселелерин чечүүдө редакциянын, анын ичинде журналисттин позициясы чоң мааниге ээ. Тилекке каршы, медиа мейкиндик гендердик стереотиптерден эркин боло элек, аларды билбестик менен таңуулап, гендердик багыттагы маселелерди чагылдырууда сезимталдыктын жетишсиздигин көрсөтүүдө.

Буга байланыштуу келечектеги медиа кызматкерлердин, анын ичинде журналисттердин гендердик сабатсыздыкка байланыштуу көйгөйлөрүн чечүү жана гендердик-сезимтал журналистиканы өнүктүрүү билим берүү процессинде өтө актуалдуу маселе болуп саналат.

Аталган маселелерди чечүү максатында, жогорку окуу жайлардын журналистика факультеттеринин жана бөлүмдөрүнүн 2-3-курстарынын окуу планына киргизүү үчүн сунушталган «Гендердик-сезимтал журналистика» курсу түзүлгөн.

Аталган курстун негизинде бул окуу куралы иштелип чыкты. Анын максаты — келечектеги журналисттерди, анын ичинде медиа чөйрөнүн башка

кызматкерлерин: гендер, гендердик стереотиптер, харассмент, эмпатия, фемицид, виктимблейминг, гендердик объектив жана башка негизги түшүнүктөр менен тааныштыруу, каралып жаткан көйгөйлөрдүн себептерин түшүндүрүү, жүргүзүлгөн талдоонун негизинде гендердик теңсиздиктин айрым маселелеринин социомаданий маанисин аныктоо, ошондой эле сабактардын ар кандай этаптарын өткөрүү усулдарын, алардын түрлөрүн сунуш кылуу болуп саналат.

Окуу курал үч бөлүмдөн турат, алардын ар бири лекция жана семинар сабактарын камтыйт. Биринчи бөлүм "Гендерге киришүү" деп аталып, мында гендердик тең укуктуулук, гендердик зомбулук жана анын өзгөчө формасы болгон харассмент маселелери каралат. Экинчи бөлүмдө "Гендердик-сезимтал журналистика" - актуалдуу гендердик маселелерди чагылдырууда эмпатиянын ролу, гендердик сезимтал контенттин жана Кыргыз медиаларында гендердик зомбулукту чагылдыруу өзгөчөлүктөрү каралат. Үчүнчү бөлүм "Медиа мониторинги" деп аталып, гендердик линза түшүнүгүнө жана аны колдонуунун өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле медиа материалдарды талдоодо мониторингдин ролуна арналган.

Ар бир бөлүмдө студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар, ал эми студенттердин компетенцияларынын калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн тесттер каралган. Окуу куралында ошондой эле гендердик сезимтал журналистика боюнча глоссарий берилет.

Окуу курал түзүүчүлөр тарабынан иштелип чыккан бардык сабактар материалдарды берүүнүн бирдиктүү түзүлүшүнө ээ жана төмөнкү компоненттерди камтыйт:

- тема жана чакан темалар;
- предметтердин интеграциясы;
- сабактын максаты;
- окуу планында каралган сааттардын саны;
- сабакты өтүү усулдары жана ыкмалары;
- сабактын планы жана конспектиси;
- теориялык минимум;
- негизги түшүнүктөр;
- керектүү ресурстар;

- кошумча материалдар (жалаң гана фактылар);
- булактар.

> ***Предметтердин интеграциясы***

Бул курстун темаларын камтыган дисциплиналар көрсөтүлдү.

> ***Сабактын максаты***

Ар бир сабак билим алуучулардын когнитивдик, социалдык-эмоциялык жана жүрүм-турумдук комптенецияларын калыптандырууга багытталган.

> ***Сабакты өтүү убактысы***

Академиялык убакыт — 2 саат, же реалдуу режим – 90 мүнөт.

> ***Сабакты өтүү усулдары жана ыкмалары***

Сабакты диалог формасында өткөрүү: кейстерди талкуулоо, карточкалар менен иштөө, сабактын ар кандай этаптарында окутуунун интерактивдүү ыкмалары сунушталат.

> ***Сабактардын структуралык компоненттеринин мазмуну***

Сабактар окутуунун моделине ылайык сынчыл ой-жүгүртүү, коммуникация, кызматташуу, креативдүүлүк жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган төмөнкүдөй 4 этаптан турган жалпы түзүмгө ээ.

1. Чакырык, башкача айтканда, билим алуучулардын билимдерин жана тажрыйбаларын актуалдаштыруу.
2. Маалымат менен интерактивдик формада иштөө: тексттин фргаменттери менен иштөө, көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды аткаруу.
3. Иш-аракет. Студенттердин адистешүүсүнө басым жасоо менен каралып жаткан маселелерди, гендердик теңчиликти илгерилетүү маселелерин жеке тажрыйбанын негизинде талкуулоо.
4. Жыйынтыктоо, ой-жүгүртүү: алган маалыматтардын таасири менен бөлүшүү, тыянак чыгаруу.

## КИРИШҮҮ

Бул окуу куралынын түзүүчүлөрү курстун өзгөчө практикалык компонентине көңүл бурушат жана окутуунун белгилүү интерактивдүү усулдары (мээ чабуулу, конструктивдүү дискуссиялар ж.б.) менен катар GALS (Gender Action Learning System) жана Ой жүгүртүүнүн дизайны сыяктуу инновациялык ыкмаларды колдонууну сунушташат. Алар студенттерди жана мугалимдерди тигил же бул суроолорго чогуу жооп издөөгө шарт түзөт.

Ийгиликтүү окууну уюштуруу үчүн түзүүчүлөр окутуучуларга төмөнкүдөй окутуу ыкмаларын колдонууну сунуштайт:

а) сабактарда жагымдуу жана сый-урматтуу чөйрөнү түзүү;

б) коомдук жана жеке тажрыйбанын призмасы аркылуу курс боюнча көйгөйлүү маселелерди чечүү;

в) студенттер реалдуу жана виртуалдык чөйрөдө туш болгон байланыш көйгөйлөрүн аныктоо, ошондой эле үй-бүлөдөгү жана жалпы коомдогу терс нормаларга, мамилелерге, гендердик стереотиптерге байланыштуу маселелерди кароо.

Окуу куралынын материалдары келечектеги медиа кызматкерлерине жана адистерине алардын гендердик компетенттүүлүгүн калыптандырууда жана келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө гендердик мамилени ишке ашырууда жардам берет.

Белгилей кетсек, окуу куралы Кыргызстандын үч жогорку окуу жайында апробациядан өтүп, жыйынтыгында мугалим-апробаторлордон да, студенттерден да оң пикирлер алынган. Окуу куралда сунушталган усулдардын жана ыкмалардын эффективдүүлүгү жана натыйжалуулугу белгиленди.

Сунушталган теориялык жана практикалык иштелмелерди гуманитардык адистиктердин студенттерин окутууда жогорку окуу жайлардын окутуучулары гана колдонушпастан, ошондой эле коомдогу гендердик маселелер менен алектенген коомдук уюмдар үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

# I бөлүм. Гендерге киришүү

## Лекция 1. Гендер – тең укуктуулуктун негизи

**1.1. Гендер: негизги түшүнүктөр**

**1.2. Гендердик стереотиптер – коомдун өнүгүшүнө тоскоол болуучу фактор**

> ***Предметтердин интеграциясы***

Педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, психология, социология, маданият таануу, лингвистика, юриспруденция, медицина, саясат таануу, касташуу тили.

> ***Негизги сөздөр***

Гендер, жыныс, стереотиптер, дискриминация, гендердик теңчилик, укуктардын теңдиги, мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги.

> ***Сабактын максаты***

*Когнитивдик максаты:* «гендер» жана «гендердик стереотиптер» түшүнүктөрүнүн социалдык-психологиялык мазмуну жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: лекция***

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү жыйынтыктар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Гендер түшүнүгү, жыныс | 40 мүнөт | Студенттер гендер, жыныс түшүнүктөрүнө аныктама беришет.<br>Өздөрүнүн пикирлерин так жана аргументтештирип айта алышат. | Жеке иштөө<br>Чакан лекция<br>Талкуу |
| 2-кадам | «Гендер же жыныс?» көнүгүүсү | 5 мүнөт | Студенттер гендер жана жыныс түшүнүктөрүн айырмачылыктарын билишет. | Далилдер менен иштөө<br>Талкуу |
| 3-кадам | «Кимси ким?» көнүгүүсү | 10 мүнөт | Студенттер келтирилген мисалдарда гендердик стереотиптерди аныкташат. | Чакан топтордо иштөө<br>Презентация |
| 4-кадам | Гендердик ролдор жана ага байланыштуу стереотиптер | 35 мүнөт | Студенттер «гендердик стереотиптер» түшүнүгүнүн айланасында лексикалык (терминологиялык) талаага багыт алышат | Талкуу<br>Чакан лекция |

# 1.1. Гендер: негизги түшүнүктөр

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Жекече иш

Окутуучу бардык студенттерге эки түстөгү стикерлерди таратып, өз алдынча 2 мүнөттүн ичинде биринчи стикерге «Гендер деген эмне?», ал эми экинчисине «Жыныс деген эмне?» деген суроолорго жооп жазууну сунуштайт. Андан кийин ар бир студент жооп жазылган стикерлерди алдын ала даярдалган, «Гендер», «Жыныс» деген аталыштар жазылган эки флипчартка (же эки бөлүккө бөлүнгөн кадимки тактага) жайгаштырууну суранат.

### Чакан лекция

Студенттердин жоопторун тез карап чыккандан кийин, мугалим «Гендер жана жыныс» темасы боюнча чакан лекцияны баштайт Аягында студенттердин стикерлерде берген жоопторун эске алуу менен тема жалпыланат.

### Көнүгүү 1. Гендер же жыныс

Окутуучу белгилүү бир ишенимди чагылдырган билдирүүлөр жазылган слайдды алдын ала даярдап алышы керек (1.1.1. таблицасын караңыз). Көнүгүү учурунда мугалим слайдды көрсөтүп, студенттерди ар бир билдирүү менен иштөөгө чакырат. Ал үчүн аларды кезеги менен окуп, студенттерден кайсынысында гендер , ал эми кайсынысында жыныс жөнүндө сөз болуп жаткандыгын аныктоону суранат. Студенттер туура жооп


берүүгө аракет кылышы керек. Аудитория ар кандай жоопторду берген учурда мугалим талкууну уюштурат жана ошону менен бирге ар бир тараптан өз жоопторун аргументтештирүүнү суранат. Андан кийин туура жоопту көрсөтөт.

### Таблица 1.1.1 Жыныс же гендер?

| Ойлор | Туура жооп |
|---|---|
| Аялдар бала төрөйт, эркектер төрөбөйт | Жыныс |
| Көбүнчө кыздар мектепте жакшы окушат, эркек балдар жаман окушат | Гендер |
| Кыздар турмушка чыкканга чейин жүрүм-туруму жагынан таза болушу керек, эркек балдар үйлөнгөнгө чейин сексуалдык тажрыбай топтосо болот | Гендер |
| Аялдар баланы эмизе алышат, эркектер болсо бөтөлкө менен гана тамак бере алышат | Жыныс |
| Өткөөл мезгилде эркек балдардын үнү жоонойот, кыздардын үнү өзгөрбөйт | Жыныс |
| Эркектер шахтер болуп иштешет | Гендер |
| БУУнун статистикасына ылайык, аялдар дүйнөдөгү бардык жумуштардын 67% аткарышат, бирок алардын кирешеси жалпы дүйнөлүк кирешенин 10% гана түзөт | Гендер |

## Көнүгүү 2. Кимиси ким?

Мугалим эки башка флипчартка аял жана эркектин сөлөкөттөрүн алдын ала даярдайт (1.1.1. сүрөттү караңыз.). Жыныстык белги боюнча эки топ түзүлөт. Тапшырма: сөлөкөттөрдүн айланасында карама-каршы жыныстагы адамдар менен байланышкан нерселердин бардыгын чагылдыруу. Тапшырманы аткарууда сапаттык мүнөздөмөлөрдү да колдонсо болот.



*Сүрөт 1.1.1.*

Иш аяктагандан кийин чакан топтордон ыктыярчылар чыгып, аткарылган тапшырма менен тааныштырышат. Бул учурда мугалим студенттер айткан жыныстык айырмачылыктарга байланыштуу стереотиптерди жазат. Андан кийин аяктаган тапшырманы талкуулоону уюштурат жана студенттерге бул стереотиптерди көрсөтүп, аларды табууга жардам берет.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Азыркы мезгилде гендердик жана гендердик теңчилик маселелерине көп көңүл бурулуп жатат. **Гендер** — бул эркектер менен аялдардын социалдык жактан түзүлгөн ролун аныктаган термин. Бул ролдорду социалдык, саясий, экономикалык жана маданий ишенимдер жана контекст аркылуу аныктоого болот.

Азыр «гендер» деген сөз биринчи кезекте адамдын коомдогу жүрүм-турумун жана бул жүрүм-турумдун кандай кабыл алынарын аныктоочу социалдык-психологиялык жынысты билдирет. Гендердик изилдөөлөр мындай маанилүү суроолорду жаратат: өзүн эркек жана аял же кандайдыр бир гибриддик вариант болуу сезими биологиялык түзүлүштүн өзгөчөлүк-

төрүнөн же маданий контексттен жана коомдун талаптарына көз карандыбы? Адам «эркектик» жана «аялдык» жүрүм-турум талаптарына белгилүү бир жыныстык орган менен төрөлгөн үчүн эле жооп бериши керекпи? Ал эми «эркектик» жана «аялдык» жүрүм-турум деген эмне? Бул суроолорго эч кандай так жооптор дагы деле жок, бирок бир катар гендердик нюансстар чындап эле маданият менен гана аныктала тургандыгы айкын болду. Мисалы, кичинекей балдардын кийимдеринин түсүн тандоо.

XX кылымдын башында эле кызгылт — энергиялуу түс катары эркек балдарга, ал эми назик көгүш түс – кыздарга ылайык келет деп эсептешкен. Бул концепция XX кылымдын отузунчу жылдарынын аягында өзгөргөн. Башка жагынан алып караганда, изилдөөлөр эркек менен аялдын мээсинин ортосундагы физикалык айырмачылыктардын бар экендигин далилдөөнү улантууда. Бирок «нейросексизмдин» каршылаштары бул айырмачылыктар тубаса эмес, кийинчерээк калыптанганын далилдөөгө аракет кылып жатышат.

.

# Жыныс менен гендерден айырмасы кандай?

Жыныс – бул эркек менен аялдын ортосундагы биологиялык айырмачылык, ал төрөлгөндө аныкталат жана адам чоңойгондо кандай репродуктивдүү функцияны ишке ашыра аларын белгилеп турат.

Адамдын жынысы өмүр бою өзгөрбөйт. Бирок жаныбарларда башкача болот. Мисалы, клоун балыктарынын үйүрүн дайыма ургаачы жетектейт. Ал өлгөндө, үстөмдүк кылган эркек жынысын өзгөртүп, анын ордун ээлейт.


А гендер-социалдык түзүлүш; бул түшүнүк менен байланышкан нормалар коомдон коомго гана өзгөрбөстөн, саясий, социалдык жана экономикалык кырдаалга жараша ар кандай тарыхый мезгилдерде бир эле коомдун же мамлекеттин ичинде трансформацияланышы мүмкүн.

Кыргызстанда аялдардын жана эркектердин социалдык ролу да акыркы жүз жылда олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Социалдык шарттар, анын ичинде гендердик мамилелер өзгөрүлүп, жаңы көйгөйлөр жана чакырыктар аныкталды.

1.1.1. схема жыныс — бул адам менен кошо төрөлгөн анатомиялык чындык экенин ачык көрсөтүп турат. Ал эми гендер — бул адамдардын коомдогу башка адамдар кандай сезимде, жүрүм-туруму жана кабыл алуусу.

**Гендер эч качан «аялдардын маселеси» катары каралбашы керек, анткени гендердик мамилелер эркектерге да, аялдарга да тиешелүү, коомдук, саясий жана экономикалык турмуштун бардык аспектилерин камтыйт. Ошондуктан, саясатты жана өнүгүүнү пландаштырууда алардын маанилүүлүгүн тануу, алардын таасирин түшүнбөө терс кесепеттерге алып келиши мүмкүн**

Схема 1.1.1. Биологиялык жана социалдык ролдордун айырмачылыктары



# 1.2. Гендердик стереотиптер – коомдун өнүгүшүнө тоскоол болуучу фактор

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Чакан лекция

Мугалим «Гендердик ролдор жана ага байланыштуу стереотиптер» презентациясын колдонуп, анын мазмунун студенттердин мурунку көнүгүүдөн алган жооптору менен байланыштырган чакан лекция өткөрөт.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Стереотип – бул ой жүгүртүүнүн калыптанган үлгүсү, көп учурда чындык менен эч кандай байланышы жок ишеним. Стереотип деген сөз грек тилинен алынган: *stereo* –«катуу», *tipos* – «из» дегенди билдирет. Сөзмө-сөз которгондо «ой жүгүртүүнүн бекем мөөрү, мээнин изи» дегенди билдирет.

Гендердик стереотиптер – бул аялдар менен эркектердин ээ болгон же ээ болушу керек болгон касиеттери жана мүнөздөмөлөрү, ошондой эле алар ойной турган же ойноого тийиш болгон ролдор жөнүндө жалпы ишенимдер же бейкалыс пикирлер. Гендердик стереотиптер оң жана терс болушу мүмкүн. Салыштырыңыз: «аялдар – камкор» жана «аялдар – алсыз».

**Гендердик стереотиптердин калыптанышы** — аялдарга жана эркектерге конкреттүү касиеттерди, аялдардын жана эркектердин социалдык тобуна кандайдыр бир сапатты же ролду таандык кылуу. Гендердик стереотиптин өзөгүн белгилүү бир ишеним түзөт жана мындай ишенимге ээ болгон адам белгилүү бир топко тиешелүү адамдар - аялдар же эркектер жөнүндө божомолдорду жасайт. Ал эми гендердик стереотиптин калыптанышы – бул стереотиптүү ишенимди адамга карата колдонуу практикасы.

Гендердик стереотиптер бала кезден үйрөнгөн баалуулуктар жана мамилелер менен калыптанат, алар коомдогу гендердик теңсиздиктин социалдык тамыры болуп саналат. Гендердик стереотиптер адамдын биологиялык жынысына ылайык күткөн нерселерин жана мамилелерин аныктайт. Дал ушул стереотиптерге ылайык инсандын социалдашуусу ишке ашат, анын жүрүшүндө ал көпчүлүк ролдорду үйрөнүп, милдеттерди өздөштүрөт.

Гендердик стереотиптер теңсиз бийлик мамилелерине негизделген жана гендердик теңсиздиктин, гендердик зомбулуктун негизин түзгөн эркектер менен аялдардын ролу жөнүндө салттуу түшүнүктөрдү бекемдейт.

Стереотиптер көбүнчө гендердик басмырлоону кеңири мааниде актоо үчүн колдонулат жана салттуу, заманбап теориялар, мыйзамдар жана институционалдык тажрыйбалар менен чагылдырылып, бекемделиши мүмкүн. Гендердик стереотиптерди жана аялдар төмөн деген түшүнүктөрдү бекемдеген билдирүүлөр ырлардан жана жарнамалардан баштап салттуу макал – лакаптарга чейин ар кандай формада чагылдырылат.

Гендердик стереотиптер гендердик ролдор, гендердик биримдиктер менен тыгыз байланышат. Эркектин импульстук чечим кабыл алуусу же аялдын даңкка умтулуусу көптөгөн тамашаларга негиз болот. Бирок, олуттуу түрдө карасак, гендердик стереотиптер биздин коомду түзөт. Өспүрүм куракта алар адамдын инсандыгын калыптандырып, анын умтулуусун чектеши мүмкүн. Алар кыздарды илим менен алектенүүдөн, эркектерди бала багуудан алыстатышы мүмкүн. Бул кээ бир өлкөлөр сексисттик жүрүм-турумду актоо үчүн көптөн бери колдонуп келген концепция.

Иранда азыркы мезгилге чейин кыздар өлкө ичинде жана чет өлкөдө жүрүү үчүн турмушка чыкканга чейин атасынан, турмушка чыккандан кий-

ин күйөөсүнөн уруксат алууну талап кылган эреже бар. Муну аялдар негизги— аялдык менен энелик милдетин аткарышы керек деген басымдуу көз караш менен түшүндүрсө болот[1].

Гендердик стереотиптер, анын ичинде популярдуу мисалдар жөнүндө кененирээк маалымат алуу үчүн, «TalkItOver кеңеш берүү кызматтары» сайтында Мониша Шричандын «Гендердик стереотиптер» макаласы сунушталат[2].

Кыргызстандын контекстинде гендердик стереотиптерди калыптандыруу аялдарга карата басмырлоонун жалпы себеби болуп саналат жана ден соолук, жетиштүү жашоо деңгээли, билим алуу, нике жана үй-бүлөлүк мамилелер, эмгек, өз пикирин эркин билдирүү, эркин жүрүү, саясий турмушка катышуу жана саясий кызыкчылыктарды көздөө, укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттары жана гендердик зомбулуктан эркин болуу сыяктуу бир катар укуктардын бузулушуна алып келет.

Коомдун бир бөлүгүн түзгөн журналисттер, ага мүнөздүү гендердик стереотиптерди билбестиктен же атайылап кайталанышы мүмкүн.

Теңдик маселелерин кароодо төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

- эркектердин жана аялдардын **муктаждыктары ар кандай болушу мүмкүн**;
- эркектер жана аялдар спецификалык **кыйынчылыктарга кабылышы мүмкүн**;
- эркектер жана аялдар **ар кандай умтулууларга ээ болушу мүмкүн**;
- эркектер жана аялдар өнүгүүгө **өз салымын ар кандай түрдө кошушат**;
- эркектердин жана аялдардын **кызыкчылыктары ар башка болушу мүмкүн**.

**Укуктардын теңдиги** эркектер менен аялдардын жеке, социалдык, экономикалык жана маданий өнүгүүгө жетүү үчүн **бирдей укуктарга** жана саясий жашоодо **бирдей добушка** ээ болушу керек дегенди билдирет.

---

1 Эсфандиари Г. Парламент Ирана рассматривает новые ограничения в отношении путешествий женщин // Радио «Свободная Европа». – 16.01. URL: www.rferl.org/a/iran-restrictions-women-travel/24825464.html.

2 Шричанд М. Гендерные стереотипы // Веб-сайт «Консультационные услуги TalkItOver». URL: https://talkitover.in/self/gender-stereotypes

**Мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги** – эркектер менен аялдардын бирдей баалулукка ээ натыйжаларга жетишүүсүнө мүмкүндүк берген укуктарды ишке ашыруу үчүн адилеттүү **мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек** дегенди билдирет.

**Гендердик адилеттүүлүк** — аялдар менен эркектердин ортосунда пайдаларды жана милдеттерди бөлүштүрүүдө тең укуктук жана калыстык. Бул концепцияга ылайык, аялдар менен эркектердин муктаждыктары жана каалоолору ар башка жана жыныстар ортосундагы дисбалансты жоюу үчүн бул айырмачылыктар аныкталып, эске алынышы керек.

Гендердик адилеттүүлүк принциби кеңири таралган гендердик теңчилик түшүнүгүнүн чегинен тышкары. Анткени ал теңдештирүү мамилерин талап кылбастан, гендердик тең салмактуулукка жетишүү үчүн белгилүү бир жыныстагы адамдардын муктаждыктарына көңүл бурууну талап кылат. Гендердик адилеттүүлүк принцибинин натыйжалуулугу гендердик теңчиликке алып келет.

Жогоруда аталган принципти ишке ашыруу үчүн адам укуктары жөнүндө бардык эл аралык келишимдер Адам укуктарынын жалпы Декларациясынан тартып Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга (ЖСУЭП) жана Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пмугалим актыга (ЭСМУЭП) чейин адам укуктары боюнча бардык эл аралык келишимдер эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу жөнүндө жобону камтыйт. Бирок бул аялдарга карата басмырлоону жоюу үчүн жетиштүү болгон жок.

1960-жылдардын орто ченинде ЖСУЭП жана ЭСМУЭП кабыл алынганына карабастан, аялдарга карата басмырлоонун оор формалары дагы эле бүткүл дүйнөдө кеңири таралган практика болуп саналат.

Ошондуктан глобалдык деңгээлде аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенция (АБЖК) иштелип чыгып, аялдарга карата басмырлоону кеңири мааниде жоюуга басым жасалды. 1979-жылы бул келишимди кабыл алуу менен мамлекеттер адам укуктарынын контекстинде аялдардын укуктарына өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын белгилешкен.

АБЖК аялдарга карата басмырлоонун так аныктамасын жана мамлекеттер аялдарга карата басмырлоону болтурбоо үчүн көрүлө турган иш-аракеттерди сыпаттайт.

Бүгүн, ушул Конвенцияны кабыл алгандан тартып отуз жыл өтсө да, аялдардын укуктарын сөз менен жана иш жүзүндө сактоо ортосунда ажырым бар. АБЖК бардык жерде аялдар үчүн адилеттүүлүктү жана теңчиликти талап кылуу үчүн бекем негиз болот.

Кыргыз Республикасы тарабынан адам укуктарын, гендердик теңчиликти жактоо багытында ратификацияланган дагы бир документ — Пекин иш-аракеттер платформасы, ал гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча 12 багыттын бири катары "Аялдар жана ЖМК" багытын карайт.[3]

**Укуктардын теңдиги эркектер менен аялдардын жеке, социалдык, экономикалык жана маданий өнүгүүгө жетүү үчүн бирдей укуктарга жана саясий жашоодо бирдей добушка ээ болушу керек дегенди билдирет.**

3 Руководство по гендерно-чувствительному освещению событий и противодействию пропаганде экстремизма через медиа-грамотность // URL: https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2020-08/%D0%A3%D1%87%D0%B5%D0%B1%D0%BD%D0%B8%D0%BA_0.pdf

# ФАКТЫЛАР

1) ЖОЖдордогу техникалык адистиктерде студент кыздардын саны жалпы студенттердин үчтөн бир бөлүгүн гана түзөт.

2) Эркектер иштеп тапкан ар бир **100 сомго** аялдар иштеп тапкан **72 сома** туура келет.

3) Кыргызстанда иштеген аялдар убактысын үй жумушуна эркектерге караганда **үч эсе көп** коротот.

4) Акыркы 4 жылда Жогорку Кеңеште аял депутаттардын саны **20дан ашкан жок**, бул жалпы сандын 17% түзөт[4].

4 Жаманкулова А. Одним постом: 8 фактов о гендерном неравенстве в Кыргызстане: веб-сайт Kloop Media Foundation. //URL: https://kloop.kg/blog/2021/01/08/odnim-postom-8-faktov-o-gendernom-neravenstve-v-kyrgyzstane/

# БУЛАКТАР

1. *Арутюнян* М. Ю. Гендерные отношения в семье. // Материалы Первой Российской школы по женским и гендерным исследованиям «Валдай–96». – М.: МЦГИ, 1997. – С. 136–141.

2. *Бем С. Л.* Линзы гендера: Трансформация взглядов на проблему неравенства полов. – М.: РОССПЭН, 2004. – 331 с.

3. *Еремеева В. Д., Хризман Т. П.* Мальчики и девочки: два разных мира. – СПб.: Тускарора, 2000. – 180 с.

4. *Жаманкулова А.* Одним постом: 8 фактов о гендерном неравенстве в Кыргызстане // Веб-сайт Kloop Media Foundation. URL: https://kloop.kg/blog/2021/01/08/odnim-postom-8-faktov-o-gendernom-neravenstve-v-kyrgyzstane/

5. *Каган В. Е.* Половое воспитание детей: медико–психологические аспекты. – Л.: Медицина, 1988. – 155 с.

6. *Клецина И. С.* Гендерная социализация. – СПб.: Изд–во РГПУ им. А. И. Герцена, 1998. – 92 с.

7. *Клецина И. С.* Психология гендерных отношений. Теория и практика. – СПб: Алетейя, 2004. – 403 с.

8. *Шричанд М.* Гендерные стереотипы // Веб-сайт «Консультационные услуги TalkItOver». URL: https://talkitover.in/self/gender-stereotypes

9. *Эсфандиари Г.* Парламент Ирана рассматривает новые ограничения в отношении путешествий женщин // Радио «Свободная Европа». – 16.03.2013. URL: www.rferl.org/a/iran-restrictions-women-travel/24825464.html.

# Семинар 1. Гендер – тең укуктуулуктун негизи

## 1.1. GALS «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасы

> ***Предметтердин интеграциясы***

Педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, социология, маданият таануу, психология, саясат таануу, лингвистика, филология, медицина.

> ***Негизги сөздөр***

Гендер, пол, гендердик теңчилик, укуктардын теңдиги, мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги, GALS методологиясы, «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасы.

> ***Сабактын максаттары***

*Социалдык-эмоционалдык максаты*

- Студенттер гендердик стереотиптердин өз жашоосуна тийгизген таасирин аныктай алышат;
- Студенттер гендердик стереотиптерге эмне тиешелүү экенин түшүндүрө алышат.

*Жүрүм-турумдук максаты*

- Студенттер гендердик стереотиптерге байланыштуу терс социалдык ченемдерди өзгөртүү боюнча жеке деңгээлде чечим кабыл алыша алат;
- Студенттер үй-бүлөдөгү теңчиликке негизделген ишенимдүү мамилелерди түзүү аркылуу жакындарынын стереотиптик жүрүм-турумуна таасир этише алышат.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

## > *Сабактын формасы: семинар*

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| **1-кадам** | GALS «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасы | 3 мүнөт | Студенттер GALS «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасынын түзүмдөрүн аташат | Презентация<br>Сүрөт тартуу |
| **2-кадам** | «Бактылуу үй-бүлө дарагынын» сөңгөгү | 10 мүнөт | Студенттер үй-бүлөсүндөгү мамилелерди мүнөздөшөт жана кыялданган мамилелерди визуалдаштырышат | Талкуу<br>Сүрөт тартуу |
| **3-кадам** | «Бактылуу үй-бүлө дарагынын» тамыры | 20 мүнөт | Студенттер ар бир үй-бүлө мүчөлөрүнүн акы төлөнгөн жана акы төлөнбөгөн иш-аракеттерин салыштырат | Талкуу<br>Сүрөт тартуу |
| **4-кадам** | «Бактылуу үй-бүлө дарагынын» бутактары | 20 мүнөт | Студенттер үй-бүлөнүн чыгымдарын жана анын көлөмүн талдашат | Талкуу<br>Сүрөт тартуу |
| **5-кадам** | Чечим кабыл алуу жана кыймылдуу/ кыймыл-сыз мүлккө ээлик кылуу укугу | 12 мүнөт | Студенттер ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн катышуу деңгээлин баалашат жана аларга эмне тиешелүү экендигин аныкташат | Талкуу<br>Чакан презентация<br>Сүрөт тартуу |
| **6-кадам** | «Бактылуу үй-бүлө дарагындагы» кээ бир жагдайларды өзгөрүү | 10 мүнөт | Студенттер үй-бүлөдө бактылуу мамилелерге тоскоолдук жаратткан үй-бүлөгө болгон мамилени өзгөртүшөт | Чакан презентация<br>Талкуу |
| **7-кадам** | Өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүү менен дагы өзгөрүүнү талап кылган жаңы нерселерди белгилөө (кызыл тегерекче) | 10 мүнөт | Студенттер үй-бүлөгө карата өздөрүнүн иш-аракеттеринин мониторингин жүргүзө алышат жана бактылуу мамиле түзүү кыялына максаттуу бара алышат | Талкуу |
| **8-кадам** | Жыйынтык чыгаруу | 5 мүнөт | Студенттер өздөрүнүн иштерин жана өздөштүргөн тажрыйбасын жана билим-дерин баалашат | Рефлексия |

# 1.1. GALS «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасы

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Ролдук оюн

Керектүү ресурстар: флипчарттар (3-5 барак), кара, кызыл жана жашыл түстөгү маркерлер (ар биринен 3-5 даана).

### Кадам 1. Киришүү бөлүгү


Мугалим студенттерди «Бактылуу үй-бүлөнүн дарагы» (БҮД) ыкмасы[5] менен тааныштырат жана түшүндүрүүдө флипчартка БҮД ыкмасын колдонуу менен ролдук оюнду уюштуруу үчүн негиз боло турган даракты тартат.

## Мугалим үчүн нускама

1. Флипчарттын ортосуна кара маркер менен тигинен жайгашкан эки параллель сызык сызыңыз. Бул дарактын сөңгөгү.
2. Кызыл маркерди колдонуп, сөңгөктүн жогорку учтарын бириктире турган тегерекче сызыңыз.

5 https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2021-02/GALS%20manual_KYR_2020.pdf

3. Кара маркерди колдонуп, сөңгөктүн төмөнкү учтарын бириктире турган тегерекче сызыңыз.
4. Студенттерден дарактын сөңгөгүн тигинен эки бөлүккө бөлүп элестетүүнү сураныңыз: бир бөлүгү эркектердики, экинчиси аялдардыкы болот. Андан кийин, студенттер менен биргеликте, кайсы тарап эркек жана кайсы аял болорун жана алар кандай шарттуу белгилер менен белгилениши керектигин чечип алыңыз (1.1.2. сүрөт).




*Сүрөт 1.1.2.*

5. Кара тегерекчеден баштап төмөн көздөй 6 сызык чийиниз (бул — дарактын тамырлары). Натыйжада сызыктардын ортосунда 5 толтурулбаган бөлүк пайда болот. Сызыктардын ортосунда сүрөттөр жана жазуулар үчүн жетиштүү орун калышы керек. Тамыр системасында сиз 3 бөлүктү түздүңүз: бири аялдарга (эки мейкиндик), экинчиси эркектерге (эки мейкиндик) таандык. Ал эми борбордук бөлүгү "биргелешкен иш-аракеттер" дегенди билдирет. Борбордук бөлүктөн алысыраак жайгашкан эркектер менен аялдардын мейкиндиктери "акча / киреше алып келүүчү иш-аракеттерди" билдирет. Борбордук

бөлүктүн жанында жайгашкан эркектер менен аялдардын мейкиндиктери "акча / киреше алып келбеген иш-аракеттерди" билдирет.

6. Студенттерди ар бир мейкиндик үчүн шартуу белгилерди ойлоп табууга чакырыңыз жана чогуу чечкенден кийин аларды флипчартка тартыңыз (1.1.3. сүрөт).




*Сүрөт 1.1.3.*

7. Кара маркер менен кызыл тегерекчеден баштап 6 сызык чийиңиз (бутактар), алардын ортосунда 5 толтурулбаган бөлүктөр калышы керек. Эркек жана аял тарабында эки бош мейкиндик пайда болуп, ортодо бир боштук пайда болот. Борбордук бөлүктөн алысыраак жайгашкан эркектер менен аялдардын мейкиндиктери "жеке муктаждыктар үчүн чыгым" дегенди билдирет. Борбордук бөлүктүн жанында жайгашкан эркектер менен аялдардын мейкиндиктери — "үй-бүлөнүн муктаждыктары үчүн чыгым", ал эми борбордук бөлүк "үй-бүлөнүн муктаждыктары үчүн аялдар менен эркектердин жалпы чыгымы" дегенди билдирет.
8. Ар бир мейкиндик үчүн биргеликте шарттуу белгилерди ойлоп табуу талкуусунун жыйынтыгы боюнча аларды флипчартка тартыңыз. (1.1.4. сүрөт).




*Сүрөт 1.1.4.*

9. Студенттерди жалпы санына жараша 2 же 4 чакан топко бириктириңиз. Студенттер менен үй-бүлөнүн прототибин ойлоп табыңыз (2 чакан топ үчүн 1 прототип). Бир топ эркектин, экинчиси аялдын ролун ойнойт. *Эскертүү.* Эгерде студенттердин саны 15ке чейин болсо 2 чакан топ түзүү сунушталат, көбүрөөк болсо, ар бири 4-7 адамдан турган 4 чакан топ түзүлүшү мүмкүн. Бул учурда үй-бүлөнүн 2 прототибин ойлоп табуу керек. Демек, 2 топ аялдардын ролунда жана 2 топ эркектердин ролунда болот.
10. Ар бир топ флипчартка өз дарагын Сиз тарткандай кылып тартууну жана үй-бүлөнүн прототиби менен ролдоруна жараша иштөөнү сунуштаңыз.

# Үй-бүлөнүн прототиби менен иштөө сыпаттамасы

## Кадам 2. «Бактылуу үй-бүлө дарагынын» сөңгөгү

Мугалим топтордон ролго мүмкүн болушунча сүңгүп кирүүнү жана үй-бүлө кыялданган үй-бүлө мүчөлөрүнүн позитивдүү эмоцияларын кызыл тегерекченин ичине тартууну сунуштайт (прототипке ылайык). Ал эми кара тегерекченин ичинде үй-бүлө мүчөлөрүнүн учурдагы эмоцияларын, б.а. алар азыр кандай экенин тартууну сунуштайт. Студенттерге эмоциялар үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилени көрсөтүшү керек экенин түшүндүрүү маанилүү.

Тапшырманы аткарууда мугалим процесске көз салып турат жана зарыл болгон учурда студенттердин ой жүгүртүүсүн жана иш-аракеттерин жетектөөчү суроолор аркылуу багытка салып турат.

## Кадам 3. «Бактылуу үй-бүлө дарагынын» тамыры

Мугалим топторду кийинки кадамга өтүүнү сунуштайт жана дарактын тамырын толтуруу тапшырмасын берет.

- эркектер өз жагындагы «акча/киреше алып келүүчү иш-аракеттер» үй-бүлөгө акча киреше алып келген же акча төлөнгөн иш-аракетти көрсөтүшөт. Ал эми акча/киреше «алып келбеген иш-аракеттер» бөлүгүнө эркектер үй-бүлөдө кандай үй жумуштарын кыларын көрсөтүшөт.
- аялдар өз жагындагы «акча/киреше алып келүүчү иш-аракеттер» үй-бүлөгө акча киреше алып келген же акча төлөнгөн иш-аракетти көрсөтүшөт. Ал эми «акча/киреше алып келбеген иш-аракеттер» бөлүгүнө аялдар үй-бүлөдө кандай үй жумуштарын кыларын көрсөтүшөт.
- борбордук «биргелешкен иш-аракеттер» бөлүгүндө үйдө чогуу кылган үй жумуштары сүрөттөлөт.

Ошондой эле үй-бүлөдөгү башка эркектер менен аялдардын эмгектерин көрсөтүү керек (мисалы, прототипке ылайык, кызы, уулу, кайненеси, кайнатасы ж.б.). Үй — бүлөнүн башка мүчөлөрүн кошуу үчүн, эркек тарапта дагы, аял тарапта дагы үйдө канча эркек, жана аял жашаса, ошончо та-

мыр тартыш керек. Ар бир тамыр кимге таандык экендиги шарттуу белги менен белгиленет (тиешелүү тамырларда уулуна — бир белги, кайнатасына — башка; кызына — бир белги, кайненесине — башка ж.б.).

Ар бир топ өз аракеттерин өздөрүнө гана таандык болгон тамырга тартат. Үй-бүлө мүчөлөрү аткарган жумуштун көлөмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот: маанилүү жумушту чоң көлөмдөгү сүрөт менен чагылдырууга болот, кыска мөөнөттөгү жана анча маанилүү эмес жумушту кичинекей көлөмдөгү сүрөт менен берүүгө мүмкүн.

**Сүрөт тартуу учурунда студенттердин иш-аракеттерине багыт берүүчү суроолор:**

— Сиздин үй-бүлөдө канча киши бар? Дарактын тамырында бардыгы көрсөтүлдүбү?
— Кайсы иштин көлөмүн чоңураак, кайсынысын кичирээк сүрөт менен чагылдырасыз?
— Үйдөгү жумуш менен акы төлөнгөн жумуштун ортосунда кандай айырмачылык бар?
— Үй-бүлө -мүчөлөрүнүн бардыгы үй жумуштарын жасашабы?
— Үйдө ким кайсы жумушту кыларын билесизби?
— Үйдө эркектер менен аялдар кандай жумуштарды чогуу жасашат?

## Кадам 4. «Бактылуу үй-бүлө дарагынын» бутактары

3-кадам аяктагандан кийин мугалим топтордон дарактын бутактарын толтурууга өтүүнү суранат.

- Эркектер өздөрү жактагы «жеке муктаждыктар үчүн чыгым» деген бөлүктө 1 айдын ичинде өздөрүнүн жеке керектөөлөрүнө кеткен чыгымдарды көрсөтөт (канча акча коротушат). Бул бөлүктө эркектер жеке өзүнүн муктаждыктарына гана кеткен чыгымдарын көрсөтүшү керек. Ал эми «үй-бүлөнүн муктаждыктары үчүн чыгым» деген бөлүктө эркектер 1 ай ичинде үй-бүлө муктаждыктары үчүн кеткен чыгымдарды көрсөтөт (эрекек үй-бүлөгө канча акча коротот).
- Аялдар өздөрү жактагы «жеке муктаждыктар үчүн чыгым» деген бөлүктө 1 айдын ичинде өздөрүнүн жеке керектөөлөрүнө кеткен чыгымдарды көрсөтөт (канча акча коротушат). Бул бөлүктө аялдар

жеке өзүнүн муктаждыктарына гана кеткен чыгымдарын көрсөтүшү керек. Ал эми «үй-бүлөнүн муктаждыктары үчүн чыгым» деген бөлүктө аялдар 1 ай ичинде үй-бүлө муктаждыктары үчүн кеткен чыгымдарды көрсөтөт (аял үй-бүлөгө канча акча коротот).

- Борбордук «үй-бүлөнүн муктаждыктары үчүн аялдар менен эркектердин жалпы чыгымы» деген бөлүктө 1 ай ичинде үй-бүлөнүн муктаждыктары үчүн биргелешкен чыгымдар, б.а. эки же андан көп үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортодон чогуу акча чыгарып алгандагы чыгымдары көрсөтүлүшү керек.

Чыгымдардын көлөмүн сүрөттүн өлчөмү (чоң/кичине) менен чагылдырса болот. Бутактын бөлүктөрүн толтурууда бул чыгымдарды үй-бүлөдө ким каржылап жатканын көрсөтүү да маанилүү.


**Сүрөт тартуу учурунда студенттердин иш-аракеттерине багыт берүүчү суроолор:**

- Силердин үй-бүлөдө кандай чыгашалар болот?
- Акчаны ким коротот?
- Силердин акчаңар эмнеге жумшалат?
- Кийим-кечекти ким сатып алат?
- Социалдык иш-чараларга кеткен чыгымдарды ким төлөйт (үйлөнүү үлпөттөр, той-аш, юбилейлер ж.б.)?
- Сиз жеке өзүңүзгө эмне сатып аласыз?
- Акчаны чогуу короткон учурлар болобу? Болсо, алар кандай коротуулар?
- Борбордук бутакка кандай чыгымдарды тарттыңыз? (ж.у.с. башка суроолор болушу мүмкүн).

## Кадам 5. Чечим кабыл алуу жана кыймылдуу/кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу укугу

Бул кадамды аткаруу үчүн мугалим топтордон ыкманын төмөнкү бөлүктөрүн тартууну суранат: 1) даракты ортосунан бир четинен экинчи четине чейин туурасынан кеткен үзүк сызык менен эки бөлүккө бөлүү; 2) үзүк сызыктын үстүнө «4 А» , астына «4 Б» деп жазуу.

«4 А» бөлүгүндө топтор үй-бүлөгө таандык *менчикти* талдап чыгышы керек. «4 Б» бөлүгүндө топтор *кабыл алынган чечимдерди* талдайт. Ар бир бөлүк жалпы талкуунун негизинде шарттуу белгилер менен белгиленет (1.1.5. сүрөт).




*Сүрөт 1.1.5.*

Андан кийин мугалим тема боюнча кыскача маалымат берип жана аны менен бирге тапшырманы аткарууга багыт берет. Берилген маалымат студенттер тарабынан тапшырманы аткаруу процессин жеңилдетет.

## «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө болгон укуктар» жөнүндө кыскача маалымат

Менчик укугу Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында аныкталган жана корголгон. Менчик укугу жарандык укуктун негизги институттарынын бири болуп саналат жана анын мазмуну боюнча бардык мүлктүк укуктарга караганда кененирээк деп эсептелет: менчик ээси өз мүлкүнө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугуна ээ. Менчик ээси өзүнүн мүлкүнө карата мыйзамдарга карама-каршы келбеген жана башка жактардын мыйзам тарабынан корголуучу таламдарын бузбаган ар кандай аракеттерди жасоого укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында менчиктин төмөнкү түрлөрү таанылат: жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчик түрлөрү. Мыйзамда мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган түрлөру аныкталат. Менчик ээлеринин бардык укуктары бирдей корголот.

Мугалим студенттерден үй-бүлөгө канча кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк таандык экендигин жекече талдоону суранат. Кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө жер, турак-жай, сарай, автоунаа, бизнес ж.б. кирет. Студенттер тизме түзгөндөн кийин мугалим мүлк кимге таандык экенин (кимдин атына жазылган) тактоону суранат. «4 А» бөлүгүндө ар бир топ өз тарабында өзүнө таандык мүлктү тартат.

**Сүрөт тартуу учурунда студенттердин иш-аракеттерине багыт берүүчү суроолор:**

- Силердин үй-бүлөдө кандай кыймылсыз/кыймылдуу мүлк бар?
- Алар кимдин атына катталган?
- Эгерде кыймылсыз/кыймылдуу мүлк эки кишиге жазылса, анда бул жагдай бактылуу үй бүлөнү курууга таасир эттиби? (ж.у.с. башка суроолорду берсе болот)

«4 А» бөлүгүндө иштеп бүткөндөн кийин мугалим топторду «4 Б» бөлүгүнө

өтүүнү сунуштайт. Эгерде үй-бүлөдөгү эркек менен аял чогуу чечим кабыл алышса, анда бул сөңгөктүн ичинде сүрөттөлөт. «4 Б» бөлүгүндө ар бир топ эркектер / аялдар кабыл алган чечимдерди өз тарабына тартат.


**Сүрөт тартуу учурунда студенттердин иш-аракеттерине багыт берүүчү суроолор**

- Силер кандай чечимдерди кабыл аласыңар?
- Аялдар (кыздар), силер кандай чечимдерди кабыл аласыңар?
- Эркектер, силер кандай чечимдерди кабыл аласыңар?
- Чогуу чечим кабыл алган учурлар болобу? Ал кандай чечимдер?
- Чогуу чечим кабыл алуу силердин үй-бүлөңөрдүн өнүгүшүнө кандай таасир этет? Таасир этсе, анда кандай? (ж.у.с. башка суроолорду да берсе болот).

Дарактын бардык бөлүктөрүн толтуруу аяктагандан кийин, мугалим «эркек» жана «аял» топторунун жетишкендиктерин бириктирип, үй-бүлөнүн бардык аспектилерин талдоону сунуш кылат. Андан кийин ар бир топко биргелешкен иштин натыйжаларын презентация кылып жана жалпы топто пайда болгон маселелерди талкуулоо сунушталат.

## Кадам 6. «Бактылуу үй-бүлө дарагындагы» кээ бир жагдайларды өзгөрүү

Бул кадамды мугалим «үй-бүлөм менен бактылуу жашоо үчүн мен кандай жагдайларды өзгөртө алам?» деген суроодон баштайт. Андан ары ар бир топко бутактарды, тамырларды, сөңгөктөрдү өз тарабына карап, дарактын бутактарында, тамырларында жана сөңгөгүндө эмнени өзгөртүүгө болорун жашыл маркер менен тегеректөө сунушталат. Ошентип, ар бир топ өз тарабында беш нерсени өзгөртөт (тамырларда, бутактарда жана сөңгөктө) (1.1.6. сүрөт).



*Сүрөт 1.1.6.*

Белгиленген тегерекчелерге өзгөрүү мөөнөтүн жазып коюу керек. Мугалим студенттерге эмне үчүн жашыл түс тандалып алынганын түшүндүрүп берет: жашыл түс – өзгөрүүнү, өнүгүүнү билдирет.

**Студенттердин иш-аракеттерин багыттаган суроолор:**

- Кайсы кадамда кандай инструменттерди өзгөрткүңүз келет?
- Силердин үй-бүлөңөрдө кандай кыймылсыз/ кыймылдуу мүлк кимдин атына катталган?
- Кандай чечимдерди бирдиктүү кабыл аласыңар?
- Кандай чыгымдарды кыскарта аласыңар?
- Үй-бүлөгө жардам берүү үчүн үйдө эмне жумуш кыла аласыңар?
- Ар бир жашыл тегерекченин ичине мөөнөттү койдуңарбы? (ж.у.с. башка суроолорду да берсе болот)

Бул тапшырма аяктагандан кийин окутуучу аталган кадамды аткаруу эмне үчүн маанилүү экендигин түшүндүрөт.

**«Өзгөртүү» кадамынын маанилүүлүгү жөнүндө кошумча маалымат**


Өзгөртүү. Дарак тең салмактуулукту сактаганда гана үй-бүлө бактылуу боло алат. Эгерде тең салмактуулук бузулса, анда айрым жагдайларды өзгөртүп, аны сактап калууга болот. «Бактылуу үй — бүлө дарагы» ыкмасынын максаты-үй-бүлөнү бактылуу кылуу. Эгерде дарак бир тарапка ооп кетсе, анда ошол тараптагы жагдайларды өзгөртүү менен тең салмактуулукту сактап, даракты түздөөгө болот.

## Кадам 7. Өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүп, ӨЗГӨРТҮҮНҮ талап кылган жаңы нерселерди белгилөө

Мугалим студенттерге «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасынын бул кадамы өзгөрүүлөрдөн кийин, убакыттын өтүшү менен ишке ашарын айтып, бул ыкманы үй-бүлөдө колдонууну сунуштайт. Ал эми сабак учурунда студенттерге бул кадамды кантип туура жасоо керектигин түшүндүрүү маанилүү.

Мугалим адегенде өзгөрүүлөргө түрткү болгон прогрессти байкоонун маанилүүлүгүн түшүндүрөт. Андан кийин «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасында муну кантип жасоону көрсөтөт: кызыл түстөгү маркер менен жашыл тегерекчелердин үстүнөн тегеректөө керек. Кызыл тегерекчелер быша элек мөмөлөр (жашыл тегерекчелер) бышып калганын билдирет

(1.1.7. сүрөт). Аткарылган иштерди кызыл түс менен белгилеп, өзгөртүүнү талап кылган башка нерселерди жашыл түскө текеректөөнү улантуу керек. Бул процесс үзгүлтүксүз болот.



*Сүрөт 1.1.7.*

## Кадам 8. Жыйынтык чыгаруу

Мугалим GALS «Бактылуу үй-бүлөнүн дарагы» ыкмасы менен иштөө учурунда айтылган ой-пикирлерди жалпылайт жана жыйынтыгын чыгарат. Зарыл болсо, багыттоочу суроолорду жана ыкманын кадамдарын кайталайт, студенттердин суроолоруна жооп берет.

Акырында мугалим семинардык сабактын мазмуну боюнча ой жүгүртүү көнүгүүсүн өткөрөт жана студенттерди суроолорго жооп берүүгө чакырат:

- Жаңы нерселерди үйрөндүңүзбү?
- Мурда белгилүү болгон нерсенин кандай жаңы жагын көрдүңүздөр?
- Эмне пайдалуу болду?
- Жашоодо кайсы нерсени колдоносуз?

## Тыянактар

«Бактылуу үй-бүлөнүн дарагы» ыкмасы өз ара түшүнүшүү, урматтоо, бири-бирине кам көрүү сезимдерин күчөтүп, бактылуу жашоону курууга өбөлгө түзөт. Бул ыкманын жардамы менен катышуучулар үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда үй милдеттеринин бөлүштүрүлүшүн талдашат: үйдө ким эмне менен алектенип жаткандыгын көрүп, гендердик теңсиздикти же тескерисинче теңчиликти байкашат.

Үй жумуштарынын көбүн аялдар аткарышат. Алардын үй-бүлөсүнө киреше алып келүүчү иш-аракеттери жана үй жумуштары көп учурда бааланбайт.

Эркектер үй жумуштарын аз аткарышат, үй жумуштары жана үй-бүлөгө киреше алып келүүчү иш-чаралар менен чектелишет. Эркектер тапкан акчаны көбүнчө өздөрү көзөмөлдөп, өз каалоосу боюнча сарпташат.

Аялдар үй жумуштарынын көбүн аткарышкандыгы жана тапкан каражатты башкара албагандыгы алардын экономикалык абалын жакшыртууга жолтоо болуп, акча каражатын кандайдыр бир ишке салууга, аны туура пайдаланууга жана жашоо шартын жакшыртууга мүмкүнчүлүк бербейт.

Натыйжада үй-бүлөдө аял менен эркектин ортосунда түшүнбөстүк пайда болуп, таарынычка, уруш-талашка алып келет. Мындан тышкары, гендердик теңчилик бузулуп, бири-бирине карата кемсинтүүчү көрүнүштөр күч

алууда. Мындай шарттарда акча каражаттарын натыйжалуу пайдалануу мүмкүн эмес.

Үй-бүлөдөгү аталган көрүнүштөрдүн баары уруш-талашка, ошондой эле үй-бүлөдөгү физикалык, экономикалык, моралдык жана психологиялык зомбулукка алып келет.

Үй-бүлөдөгү ар кандай жагдайларды GALS «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасынын жардамы менен талдоо менен үй-бүлөдөгү физикалык, экономикалык, моралдык жана психологиялык зомбулуктун алдын алууга болот. Ошону менен бирге аялдардын жана эркектердин үй жумуштары объективдүү бааланып, өз ара түшүнүшүү, урматтоо, камкордук сезимдери күчөп, үй-бүлөдө бактылуу, тең укуктуу жашоого шарт түзүлөт.

Жогоруда айтылгандардын негизинде үй-бүлө мүчөлөрү менен бирге GALS «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасын колдонуп, үй-бүлөнүн бардык жагдайларын кылдат талдап, өзгөрүүлөрдү (жашыл тегерекчелерди) ишке ашырууга аракет кылабыз. Эң негизгиси: биз өз үй-бүлөбүздү гана ойлобошубуз керек, бул ыкманы кеңири жайылтуу менен башка үй-бүлөлөргө да бактылуу болууга жардам беришибиз керек.

# Лекция 2. Зордук-зомбулукту жоюу коомдун өнүгүшүнүн маанилүү шарты

2.1. Зомбулук түшүнүгү жана анын түрлөрү

2.2. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун себептери жана кесепеттери

2.3. Зомбулуктан коргонуу механизмдери

> ***Предметтердин интеграциясы***

Педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, социология, маданият таануу, психология, саясат таануу, лингвистика, филология, медицина.

> ***Негизги сөздөр***

Гендердик зомбулук, зомбулук формалары, үй-бүлөлүк зомбулук, мыйзам чыгаруу базасы.

> ***Сабактын максаты***

***Когнитивдик максаты:*** студенттердин гендердик зомбулук жана аны алдын алуу механизмдери жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: лекция***

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Зомбулук түшүнүгү жана анын түрлөрү | 30 мүнөт | Студенттер зомбулукка, анын ичинде гендердик зомбулукка аныктама беришет, изилденген зомбулук түрлөрүн мүнөздөшөт | Мээге чабуул<br>Чакан презентация |
| 2-кадам | Гендердик зомбулуктун себептери жана кесепеттери | 45 мүнөт | Студенттер гендердик зомбулуктун себептерин жана мүмкүн болгон кесепеттерин аныктайт | Мээге чабуул<br>Видеопрезентация<br>Талкуусу менен чакан лекция |
| 3-кадам | Гендердик зомбулуктан коргонуу механизмдери | 15 мүнөт | Студенттер гендердик зомбулукту жоюуга багытталган негизги ченемдик укуктук актыларын санап беришет | Чакан лекция |

# 2.1. Зомбулук түшүнүгү жана анын түрлөрү

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Мээге чабуул

Мугалим студенттерден коомдо болуп жаткан зомбулуктун бардык түрлөрүн атоону суранат. Жооптор тактага жазылат. Же болбосо, студенттерге жоопторун жазып, андан кийин доскага же башка атайын даярдалган жерге жайгаштыруу үчүн ар кандай түстөгү стикерлерди таратса болот.

Андан кийин мугалим топко кайрылып, төмөнкү суроолордун үстүнөн ойлонууга чакырат: «Бул зордук-зомбулуктун баары бирдейби?», «Алардын айырмасы эмнеде?», «Алардын бардыгы бирдей олуттуубу?», «Сиздердин оюңуздарча, кайсы түрү абдан олуттуу болуп саналат?». Алынган жоопторду зомбулуктун түрлөрү (эмоционалдык, оозеки, экономикалык, сексуалдык же физикалык) же алардын оордугу боюнча топтоштурууга болот.

### Чакан лекция

Чакан лекция гендердик зомбулуктун, аялдарга карата сексуалдык зомбулуктун аныктамалары жана мүнөздөмөлөрү менен даярдалган презентациянын негизинде өткөрүлөт. Лекция учурунда мугалим ар бир кичи темадан кийин токтоп, чакан талкууларды уюштуруп, студенттердин теманын мазмунун түшүнүүсүн камсыз кылат.

# Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

**Гендердик зомбулук** – аялдарга физикалык, сексуалдык, психологиялык же жабыркаткан гендердик зомбулук актысы болуп саналат.

**Гендердик зомбулук** аялга физикалык, сексуалдык же психологиялык жактан залал келтирген, азап чегүүсүнө алып келген же алып келиши мүмкүн болгон гендердик зомбулуктун ар кандай актысы. Бул зордук-зомбулук менен коркутуу , мажбурлоо же адамдардын жана алардын жеке жашоосун ээнбаштык менен эркиндигинен ажыратуу.

Зомбулук – бул башка адамга карата катаал физикалык күч колдонуу гана эмес, ошондой эле психологиялык таасир этүү формалары. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун таралышы боюнча маалыматтар, чындыгында, чындыкка дал келбейт жана ачык билдирилбейт, анткени бул көйгөй үй-бүлөдөн сейрек учурда коомго чыгарылат.

## Жаралган мифтер

1. Үй-бүлөлүк зомбулук социалдык жактан начар үй-бүлөлөрдө орун алат. Бул көйгөй калктын бардык социалдык катмарларына мүнөздүү, бирок социалдык жактан начар үй-бүлөлөрдө көп болот.
2. Аялдар зомбулуктун болушуна өздөрү түрткү беришет. Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган аялдардын белгилүү бир сырткы көрүнүшү жана социалдык абалы бар. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун ичинде өзүнчө категорияларды бөлүп кароого болот, мисалы, жубайына/жолдошуна багытталган балдарга карата зомбулук, улгайган адамдарга карата зордук-зомбулук ж.б.
3. Эркектер үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгы болбойт. 2020-жылы үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча кризистик борборлорго жана калкка социалдык-психологиялык жардам көрсөткөн башка адистештирилген мекемелерге 10 миңге жакын адам кайрылган, алардын көбү (86 пайызы) аялдар, 14 пайызы эркектер түзгөн.[6]

6 Веб-сайт Национального статистического комитета Кыргызской Республики // URL: http://www.stat.kg/ru/news/semejnoe-nasilie-sredi-zhenshin-i-muzhchin/

Көбүнчө зомбулуктун бул түрүнөн жабыр тарткан аялдар болот.

## ЗОМБУЛУКТУН ТӨМӨНКҮДӨЙ ТҮРЛӨРҮ БАР:

1) **физиалык зомбулук** — атайылап ар кандай оордуктагы физикалык зыян келтирүү; ур-токмокко алуу, тамак-ашты жана уктоону чектөө, спирт ичимдиктерин жана баңги заттарды колдонууга мажбурлоо ж.б.;
2) **сексуалдык зомбулук** — адамдын денесин сексуалдык объект катары атайылап манипуляциялоо; сойкулукка, порнобизнеске жана башкаларга мажбурлоо;
3) **психологиялык зомбулук** (жүрүм-турумдук, интеллектуалдык, эмоционалдык ж. б.) – адамды (баланы же чоң кишини) объект катары атайылап манипуляциялоо, анын эркиндигин, кадыр-баркын, укуктарын этибарга албоо жана ар кандай деформацияларга жана психикалык өнүгүүсүнүн бузулушуна алып келүү;
4) **экономикалык зомбулук** — үй-бүлөнүн каржылык жана башка ресурстарын көзөмөлгө алуу, жабырлануучуга «багуу үчүн» акча бөлүү, опузалап алууга мажбурлоо, билим алууга же жумушка орношууга тыюу салуу, чыңалган кырдаал түзүү үчүн үй-бүлөнүн каржылык каражаттарын атайылап ысырап кылуу.

Дал ушул психологиялык зомбулук зордук-зомбулуктун «өзөгүн» түзөт. Анын негизинде физикалык жана сексуалдык зомбулук келип чыгышы мүмкүн жана ал үй-бүлөлүк зомбулуктун эң кеңири таралган түрү болуп саналат. Ал өзүнө коркутуу, басынтуу, кемсинтүү, ашыкча талап кылуу, ашыкча сындоо, калп айтуу, тыюу салуу, терс баалоо, негизги муктаждыктардын жана талаптардын канаатандырылбай калагына нааразы болуу, обочолонууларды камтыйт.

Үй -бүлөлүк контексттеги зомбулуктун өзгөчөлүгү— зомбулук көрсөткөн адам менен жабырлануучу үчүн өтө оор болуп калган байланышты улантуу, жеке мамилелерди сактап калуу зарылчылыгы турат.

# 2.2. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун себептери жана кесепеттери

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 1. Аялдарга карата зомбулук

Мугалим тактанын же фличарттын ортосуна төрт чарчы чийип, ортосуна «Аялдарга карата зомбулук» деп жазат. Андан кийин студенттерге «аялдарга, кыздарга карата зомбулуктун себептери эмнеде?» деген суроонун алкагында «мээге чабуул» жасайт. Мүмкүн болгон жооптор: алкоголь, экономикалык көйгөйлөр (бул түздөн-түз себептер), маданий мамилелер, жумушсуздук, билим берүү тутуму ж.б. (бул жалпы көйгөйлөр). Мугалим студенттердин жоопторун тактага жазса болот же ар бир студенттен жооптуорду стикерлерге жазып, төрт чарчынын бир жагына (үстүнө же капталына)скотч менен чаптап коюууну суранса болот.

Ар бир аныкталган көйгөй боюнча мугалим топко ал (себеп катары же натыйжа катары) буга чейин айтылган башка көйгөй менен байланыштуубу деген суроо берет. Бул байланыш жебе сызыгы менен белгиленет.

Тапшырманын ушул бөлүгүн аяктагандан кийин, мугалим студенттерден зомбулуктун таасирин же кесепеттерин атоону суранат. Бул зомбулуктан келип чыккан кандайдыр бир көйгөй болушу мүмкүн — ден соолук , экономикалык же социалдык көйгөй. Максатка ылайыктуу, адегенде ай-

рым аялдарга, андан кийин үй — бүлөлөргө, жамааттарга жана бүтүндөй коомго тийгизген таасирин талкуулоо сунушталат. Жоопторду жазуу же стикерлерди чарчынын карама-каршы бетине жайгаштыруу керек. Мугалим студенттерди ар кандай көйгөйлөрдүн ортосундагы мүмкүн болгон байланыштарды изилдөөгө чакырат жана жоопторго ылайык, бул байланышты жебе сызыктары менен көрсөтөт..

## Видеопрезентация/талкуусу менен чакан лекция

Студенттер Борбордук Азиядагы Америка университетинин (Кыргыз Республикасы) медицина илимдеринин кандидаты, психология багыты боюнча профессору Е.С. Молчанованын «Гендердик зомбулуктун түрлөрү» видеопрезентациясы менен таанышышат. Андан кийин кыскача талкуу уюштуруу керек. Мугалим талкууну студенттер өз алдынча жыйынтык чыгарып, өз курсташтарынын жардамы менен суроолоруна жооп таба алгыдай кылып жетектеши керек. Шилтеме бул жерде: https://youtu.be/ygZGJqdDQoQ .

# Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Аялдарга карата зомбулук адам укуктарынын бузулушу, гендердик теңсиздиктин себеби жана натыйжасы, аялдардын ден соолугунун начарлашынын негизги өзөгү болуп саналат. Бул аялдардын жашоосуна зыян келтирет, көбүнчө кылмыштуулукка жана коом үчүн олуттуу жоготууларга шарт түзөт.

Ар бир зордук-зомбулуктун алдында белгилүү бир болот, же анын тамыры балалыкка барып такалат. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук тубаса көрүнүш эмес, кийин пайда болгон касиет. Зордук-зомбулукту пайда кылган себептерди социалдык жана индивидуалдык деп бөлүп кароого болот.

# Зомбулуктун индивидуалдык себептери

- Эркек бала кезинде табигый деп эсептелген мамилелердин үлгүсүн кайталашы мүмкүн. Башкача айтканда, ал үчүн агрессивдүү жүрүм-турум норма болуп саналат.
- Эркектин ачуусуна тийишет. Көпчүлүк учурда, аялдардын түрдүүчө кубулуп-кулпурушу, кемсинткен сөздөр жана кылык-жоруктар провокация болот. Бирок ошондой эле зомбулук көрсөткөн адам ар дайым зомбулукка себеп табарын унутпаш керек.
- Өзүн көрсөтүү же ачууланган эмоциясын чыгаруу.
- Өзүнө ыраазы болбоо жана өзүнүн ордун таппай кылуу, өзүн кем сезүү комплекси, мында агрессор өзүнүн кадыр-баркынын жана сапаттарынын жетишсиздигин башканы басынтуу менен толтурууга умтулат.
- Мамиледеги өнөктөштөрдүн биринин мүнөзүнүн начардыгы жана ашыкча моюн сунуу. Үй-бүлөлөрдө көнүмүш адатка айланган кол көтөрүү зомбулугу.
- Спирт ичимдиктерин ичүү жүрүм-турумду көзөмөлдөө жөндөмүн төмөндөтөт. Кээ бир адамдар атайын дарылоо курсунан өткөндөн кийин да жакындарына карата агрессивдүү жүрүм-турумун көрсөтө беришет. Потенциалдуу зомбулук көрсөткөндөрдүн арасында ичимдикти жана тамекини тааныбаган, сергек жашоо образы менен жашагандар да болушу мүмкүн.
- Кызганыч жана аялы \ күйөөсү / өнөктөшүн жоготуп алуудан коркуу.
- Башынан өткөргөн зомбулук тажрыйбасы.
- Көбүнчө мамилелерде зомбулукту колдонуунун себеби үй-бүлөнүн социалдык абалы катары каралат. Бирок, үй-бүлөлүк зомбулук калктын айрым топтору менен эле чектелбейт; ал ар кандай социалдык статуска ээ болгон ар бир үй-бүлө мүчөсүндө болушу мүмкүн, ал эми зомбулук көрсөткөндөрдүн өзүлөрү ар кандай кесиптерге ээ болуп, жооптуу кызматтарды аркалап, кирешеси жогору болуп, бизнесте ийгиликке жетиши мүмкүн.
- Бири-бирин сыйлаган мамилелерди куруу үчүн үлгүнүн жоктугу: оор балалык, соо эмес мамилелер, психологиялык зомбулук).

- Адам зордук-зомбулук кадимки нерсе деп эсептелген чөйрөдө жашайт / иштейт. Зордук-зомбулукту көрүүгө көнүп, аны нормалдуу эмес көрүнүш катары эсептебей калат.
- Мамилелердеги психологиялык тең салмактуулуктун бузулушу өнөктөштөрдүн бири экинчисин эч нерсеге жарабайт/колунан эч нерсе келбейт деп айыптап, агрессияга өтүшү.
- Кулк мүнөздөгү садисттик тенденциялар. Садисттер төрөлбөйт, алардын пайда болушуна жашоо, жагдай, адамдар таасир этет деп түшүнүү керек. Документ менен тастыкталган мамиле түзүүдөн мурун, өнөктөштүн жүрүм-турумуна жана чөйрөсүнө жакшылап көз салуу керек. Зордук-зомбулук психотиптери абдан таанымал.

## Зомбулуктун социалдык себептери

- Коом аялдарга жана балдарга карата болгон зомбулукту актоого аракет кылат.
- Үй-бүлөдөгү агрессорлорду жазалоо үчүн мыйзамдын жоктугу же натыйжасыздыгы.
- Экономикалык себептер (жумушсуздуктун өсүшү, айлык акынын аздыгы үй-бүлөдөгү абалды курчутат).
- Зордук-зомбулук ар кандай формаларда, анын ичинде зомбулук элементтери бар онлайн оюндарда чагылдырылган жана пропагандаланган медиа-продукциялардын жана маалымат мейкиндигинин үстөмдүгү коомдо аларга карата сезимталдыкты төмөндөтүү менен агрессивдүү жүрүм-турумга түрткү берет.

Үй-бүлөдөгү зомбулук — оор кесепеттерге алып келген, адамды жабыр тарттырган көрүнүш.

## Зомбулуктун кесепеттери

- Зомбулук коркуу сезимин жаратат (коркунучтуу түштөр, уйкунун бузулушу, караңгыдан, адамдардан коркуу, ачуулануудан коркуу).
- Чыр-чатактардан улам комплекстердин жана нервдик чарчоонун пайда болушуна алып келет.

- Импульсивдүүлүк, бат ачуулануу, жаман адаттар (тырмактарын тиштөө, чачын жулуу), кыжырдануу.
- Түнт болуу, психосоматикалык оорулардын пайда болушу.
- Өзүн өзү өлтүрүү аракети, жашоо маңызын жана максатын жоготуу.
- Баарына макул болуу.
- Депрессия, капа болуу, алсыздык, үмүтсүздүк, буйдалуу.
- Күнөөлүү сезим.
- Жаркаттан кийинки стресске кабылуу.
- Тамеки, баңги заттарын колдонуу, алкогол ичимдиктерин ичүү.
- Бирөө менен сүйлөшүүдөн качуу.
- Күмөн саноо.
- Жакшы мамилеге ишенбөө
- Үй-бүлолук мамилелерди куруудагы кыйынчылыкар.
- Достордун жоктугу.
- Өзүнүн жашоосуна жоопкерчиликсиз мамиле кылуу.
- Каалабаган кош бойлуулук. Аргасыз бойдон алдыруу.
- Дене жаракаттары.
- Өз жанын кыюуга умтулуу, суициддик маанай, өлүм.
- Жыныстык жолдор аркылуу жугуучу инфекциялар.
- Балдарга, ата-энелерге же башка алсыз адамдарга, ошондой эле жаныбарларга карата зомбулук жана агрессивдүү жүрүм-турум.

Зордук-зомбулук канчалык узак жана ырайымсыз болсо, жаракат ошончолук терең болот. Эң жаманы, психологиялык жаракат өнөкөткө айланып, өзүнүн "Менин" жоготууга алып келет. Мындай зордук-зомбулук үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнө, түздөн-түз же кыйыр түрдө таасир этет, анткени баары ага көнүүгө аргасыз болушат.

# 2.3. Зомбулуктан коргонуу механизмдери

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Чакан лекция

Бул сессия үчүн мугалим презентация даярдайт жана гендердик зомбулукту жоюу боюнча жасалып жаткан аракеттерди талкуулоо менен чакан лекция өткөрөт, студенттерди бул багытта мамлекеттин стратегиялык өнөктөштөрү менен тааныштырат. Жаңы маалыматты Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетүү боюнча эл аралык жана улуттук мыйзамдар тууралуу айтылган мурунку тема менен байланыштыруу керек.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Кыргыз Республикасы көптөгөн эл аралык макулдашуулардын, аялдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын илгерилетүү боюнча конвенциялардын катышуучусу катары акыркы мезгилде аялдардын жергиликтүү жана мамлекеттик маанидеги иштерге катышуусуна олуттуу көңүл буруп келет.

Мындай документтердин бири БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 «Аялдар, тынчтык жана коопсуздук» резолюциясы болуп саналат, мүчө өлкөлөр аны аткарууга милдеттенишкен. БУУнун Уставынын принциптерине жана максаттарына таянган резолюциянын башкы максаты — чыр-чатактарды

алдын алууда, чечүүдө жана тынчтыкты курууда аялдардын ролун жана катышуусун бекемдөө, ошондой эле аялдардын коопсуздугун олуттуу жогорулатуу жана буга таасир этүүчү факторлорду бекемдөө.

Бул мамлекеттик милдеттенмелердин алкагында аялдарды гендердик кылмыштардан, зомбулуктан коргоо жана аялдардын саясий катышуусун илгерилетүү боюнча өзгөчө чаралар кабыл алынган[7].

Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдардын тең укуктуулугуна кепилдик берген күчтүү мыйзам базасы бар. Жарандык, кылмыш-жаза, эмгек жана үй-бүлө кодекстеринде эркектер менен аялдардын укуктары бирдей деп жарыяланган.

### Таблица 2.3.1. Көз карандысыздык жылдарында гендердик саясат жаатында Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган чаралар

| Дата | Кабыл алынган чаралар |
|---|---|
| 1993 | Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынган. Жыныстык, конфессионалдык жана этникалык белгилери боюнча басмырлоого тыюу салынган. |
| 1995 | Кыргыз Республикасы IV Дүйнөлүк конференцияда Пекиндеги аялдардын абалы боюнча кабыл алынган Иш-аракеттердин платформасына кошулган. Аялдардын абалын жакшыртуу боюнча көйгөлүү багыттар аныкталган жана иш-аракеттердин планы иштелип чыккан. |
| 1996 | КР Жогорку Кеңеши тарабынан БУУнун 4 Эл аралык конвенциясы жана ЭЭУнун аялдардын абалы боюнча конвенция ратификациядан өткөн: 1. Аялдардын саясий укуктары тууралуу конвенция; 2. Никеге туруу, үй-бүлө куруу курагы жана никени каттоо макулдугу тууралуу Конвенция; 3. Никеси бар аялдардын жарандыгы жөнүндө Конвенция; 4. Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндөгү Конвенция (CEDAW); 5. Энелерди коргоо Конвенциясы (ЭЭУ). |
| 1996 | Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен 1996-жыл аялдардын жылы болуп жарыяланган. |
| 1996 | КР Өкмөтүнө караштуу үй-бүлө, аялдар жана жаштар иштери боюнча Мамлекеттик комиссия түзүлгөн. |
| 1996 | Аялдардын абалын жакшыртууга багытталган 1996-2000-ж.ж. «Аялзат» программасы боюнча иш-аракеттердин улуттук планы бекитилди. |

7 Султанова Р. Ш., Качикеева Б., Маматкулова А., Досалиева Б. А. Женские советы в укреплении мира и стабильности : практическое руководство. — Б, 2019 г. // URL: https://www.unodc.org/documents/centralasia/2019/Manual4Women_RUS.pdf

| | |
|---|---|
| 1998 | КР Өкмөтүнө караштуу үй-бүлө, аялдар жана жаштар иштери боюнча Мамлекеттик комиссиясы жоюлуп, анын ордуна Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Гендердик саясат боюнча Улуттук кеңеш түзүлгөн. |
| 1999 | Кыргыз Республикасы БУУнун CEDAW комиссиясына аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу боюнча Конвенциясынын аткарылышы жөнүндө Биринчи улуттук отчет берилген. |
| 2000 | Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Гендердик саясат боюнча Улуттук кеңеш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Аялдар, үй-бүлө жана гендердик өнүктүрүү маселелери боюнча Улуттук кеңеш болуп кайра түзүлгөн. |
| 2000 | Кыргыз Республикасынын «Жарандардын репродуктивдүү укуктары жана аларды ишке ашыруу кепилдиги жөнүндө» мыйзамы кабыл алынган (жаңы редакциясы 2007-жылдын 10 августунда кабыл алынган, № 147). |
| 2000 | 2000-жылга карата Кыргыз Республикасынын аялдардын укуктарына тиешелүү сегиз Мыйзамы гендердик экспертизадан өткөн. |
| 2001 | «Кыргызстан аялдары кылымдар чегинде» аттуу Улуттук конференция өткөрүлгөн. |
| 2002 | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдын 2-мартындагы Жарлыгы менен 2002-2006-жылдарга Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук иш-аракеттер планы (УИП) бекитилген. |
| 2002 | 2002-жылдын 27-августунда Кыргыз Республикасынын Президентинин лидер аялдарды Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна тартуу боюнча кадрдык саясатты жакшыртуу жөнүндөгү Жарлыгы чыккан. |
| 2003 | КР ЖКнын Мыйзам чыгаруу жыйыны гендердик маселе боюнча эки мыйзам кабыл алган:<br>1. «Гендердик теңчиликти камсыз кылуунун мамлекеттик кепилдиктеринин негиздери жөнүндө» мыйзам;<br>2. «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө» мыйзам. |
| 2003-2005 | Жогорку Кеңеште гендердик маселе боюнча Президенттин атайын өкүлүнүн позициясы киргизилген. |
| 2008 | КР ЖКнын № 75-IV «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде мыйзам долбоорлоруна атайын адистешкен экспертиза жүргүзүү боюнча Стандарттарды бекитүү жөнүндө» токтому кабыл алынган. |
| 2008 | БУУнун басмырлоо боюнча комитетине ЖК ушул эле комитетинин төрагасы жетектеген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн делегациясы тарабынан CEDAW боюнча 3-мезгилдик өкмөттүк отчет берилген. |
| 2008 | «Эркектер менен аялдар үчүн тең укуктар менен тең мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы |
| 2009 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы № 387 «Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу боюнча БУУнун конвенциясын аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын үчүнчү мезгилдүү баяндамасына БУУнун комитетинин корутунду сунуштамаларын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» токтому кабыл алынды. |

| | |
|---|---|
| 2012 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 27-июнундагы № 443 «2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиясы жана 2012-2014-жылдарга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук иш-аракеттер планы жөнүндө» токтому кабыл алынды. |
| 2012 | КР Кылмыш-жаза кодексинин 154 жана 155-беренелерине зордук-зомбулук менен никеге туруу максатында кыз ала качуу үчүн жазаны күчөтүү жөнүндө өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынды. |
| 2016 | КР Кылмыш-жаза кодексинин 155-1-беренесине жашы жете элек өспүрүм менен никеге туруу үчүн жазаны күчөтүү жөнүндө өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынды. |
| 2017 | Жашы жете электер менен никеге турууну жоюу боюнча иш-аракеттер планы кабыл алынды. |
| 2017 | «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынды. |
| 2018 | 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы кабыл алынды. |
| 2019 | КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117 «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзамы» айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн ар бир айылдык кеңеш боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30 пайыздан аз эмесин резервге калтыруу кабыл алынды. |
| 2022 | 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиясы жана 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук иш-аракеттер планы кабыл алынды. |

Көрүлгөн чараларга карабастан, өлкөдө жогорку жана өсүп жаткан теңсиздик жана аялдардын лидерлик ролдордо жана парламентте өкүлчүлүгүндө олуттуу дисбаланс бар. Аялдар чечим кабыл алуу процессинен дээрлик четтетилген.

Аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулук кеңири жайылган жана ар кандай формада болот, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук, зордук-зомбулук менен никеге туруу ,адам сатуу, эрте никеге туруу жана физикалык зомбулук. Айрым маданий жана социалдык каада-салттардын терс чечмелениши аялдын өз жашоосун өз алдынча башкаруу укугун барган сайын чектеп жатат. Мына ушундан улам аялдардын экстремисттик жана террордук иштерге аралашуу коркунучу өсүшү мүмкүн.

Акы төлөнбөгөн үй жумуштары айылдык аялдардын фермердик чарбаларга же башка ишканаларга жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Айылдык аялдар менен кыздардын өндүрүш ресурстарына жеткиликтүүлүгү чектелүү.

# ФАКТЫЛАР

1) Кыргызстанда кыз-келиндерди өлтүргөн он адамдын сегизи – эркектер .

2) Акыркы он жылда 18 жашка чейинки 1696 кыз күйөөгө берилип, болгону 43 эркек никеге турган.

3) Үй-бүлөлүк зомбулукка күнөөлүүлөрдүн 96% эркектер. Көбүнчө, алар – аялдарын сабаган күйөөлөр[8].

8 Джаманкулова А. Одним постом: 8 фактов о гендерном неравенстве : статья на веб-сайте Kloop Media Foundation // URL: https://kloop.kg/blog/2021/01/08/odnim-postom-8-faktov-o-gendernom-neravenstve-v-kyrgyzstane/

# БУЛАКТАР


1. *Алауханов Е. О.* Преступное насилие в отношении женщин : учеб. пособие / Е. О. Алауханов, Н. И. Каиров. – Алматы : Заң әдебиеті, 2008. – 227 с.
2. *Анапреенко Я. Г.* Проблемы гендерного равенства : метод. пособие / Я. Г. Анапреенко. – Минск : Науч.-исслед. учеб.-метод. центр МВД Респ. Беларусь, 2001. – 51 с.
3. *Байкова И. А.* Медицинские и социальные аспекты гендерного и домашнего насилия: учеб.-метод. пособие / И. А. Байкова, Е. И. Терещук, Е. В. Навицкая. – Минск : БелМАПО, 2014. – 113 с.
4. *Бурова С. Н.* Домашнее насилие в отношении женщин и их жизненные стратегии / С. Н. Бурова, О. А. Янчук // Социология. – 2010. – № 4. – С. 99–116.
5. *Волович Т. В.* Социальные проблемы женщин Беларуси и гендерная политика государства / Т. В. Волович // Зб. навук. пр. Акад. паслядыплом. адукацыі. – Мінск, 2008. – Вып. 4. – С. 54–63.
6. *Пфайфер Х., Вайнман Т.* Когда мужчина становится жертвой: исповедь о бытовом насилии : веб-сайт «Медиакомпания DW». // URL: https://www.dw.com/ru/kogda-muzhchina-stanovitsja-zhertvoj-ispoved-o-bytovom-nasilii/a-55524755
7. *Султанова Р.Ш., Качикеева Б., Маматкулова А., Досалиева Б.А.* Женские советы в укреплении мира и стабильности : практическое руководство. — Б., 2019 г. // URL: https://www.unodc.org/documents/centralasia/2019/Manual4Women_RUS.pdf
8. Веб-сайт Национального статистического комитета Кыргызской Республики. // URL: http://www.stat.kg/ru/news/semejnoe-nasilie-sredi-zhenshin-i-muzhchin/

# Семинар 2. Зордук-зомбулукту жоюу коомдун өнүгүшүнүн маанилүү шарты

## 2.1. GALS «Бактылуу үй-бүлөнүн бриллианты» ыкмасы

> ***Предметтердин интеграциясы***

Педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, социология, маданият таануу, психология, саясат таануу, лингвистика, филология, медицина.

> ***Негизги сөздөр***

GALS, ЧУА, зомбулук формалары.

> ***Сабактын максаты***

*Социалдык-эмоциялык максаты*

- Студенттер гендердик зомбулуктун жеке жашоо үчүн кесепеттерин сыпатташат;
- Студенттер өздөрүнүн социалдык жүрүм-турумун талдай алышат.

*Жүрүм-турумдук максаты*

- Студенттерде гендердик зомбулук актыларын таптакыр кабыл албоо калыптанат;
- Студенттер үй-бүлөдө өз ара түшүнүү мамилелерин курууда GALS «Бактылуу үй-бүлөнүн бриллианты» ыкмасын колдонушат.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: семинар***

## > Сабактын планы

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Киришүү бөлүмү: GALS «Бактылуу үй-бүлөнүн бриллианты» ыкмасы | 5 мүнөт | Студенттер GALS «Бактылуу үй-бүлөнүн бриллианты» ыкмасы менен иштөөдө өздөрүнүн ролдорун аныкташат. | Сүрөт тартуу<br>Жекече иш |
| 2-кадам | Мага үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы кандай мамилелер жагат? | 20 мүнөт | Студенттер үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы кандай мамилелер жагаарын аныкташат. | Сүрөт тартуу<br>Жекече иш<br>Чакан топтор менен иштөө<br>Карточкалар менен иштөө |
| 3-кадам | Мага үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы кандай мамилелер жакпайт? | 20 мүнөт | Студенттер үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы кандай мамилелер жакпаарын аныкташат. | Сүрөт тартуу<br>Жекече иш<br>Чакан топтор менен иштөө |
| 4-кадам | Үй-бүлөдөгү зомбулук, анын белгилери жана түрлөрү | 10 мүнөт | Студенттер үй-бүлөдөгү зомбулук, анын белгилерин жана түрлөрүн аташат. | Чакан лекция |
| 5-кадам | Үй-бүлөдө жакпаган мамилердин кесепеттери | 20 мүнөт | Студенттер үй-бүлөдөгү жакпаган мамилелердин кесепеттери жөнүндө ой жүгүртүшөт. | Сүрөт тартуу<br>Жекече иш |
| 6-кадам | «Бактылуу үй-бүлөнүн бриллианты» көнүгүүнсүн жыйынтыктоо | 10 мүнөт | Студенттер үй-бүлөдөгү жаман мамилелердин кесепеттерин алдын алуу жана үй-бүлө мүчөлөрүн жаман мамилелердин оор кесепеттеринен кантип сактоону талкуулашат. | Талкуу |
| 7-кадам | Жыйынтык чыгаруу | 5 мүнөт | Студенттер өз иштерин алган тажрыйбасына жана билимине болгон мамилесин баалайт. | Рефлексия |

# 2.1. «Бактылуу үй-бүлөнүн бриллианты» ыкмасы

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Ролдук оюн

Керектүү ресурстар: флипчарт (1-2 барак), маркер, стикерлер (1 студентке 6 стикер).

### Кадам 1. Киришүү бөлүмү

GALS «Бактылуу үй-бүлөнүн бриллианты» (БҮБ) ыкмасынын [9] максаты - бактылуу үй-бүлөнүн ар кандай аспекттерин жана үй-бүлөнүн бактылуу болушуна тоскоол болгон зордук-зомбулук жана катаал мамиленин түрлөрүн аныктоо.


Мугалим «күйөөлөр» жана «аялдар» аталышындагы эки чакан топту түзөт. Аудиториянын сапаттык курамына жараша чакан топторду «эне — уул», «ата — кыз», «эне — кыз» ж. б. деп атоого болот.

Алгач, мугалим флипчартка чоң көлөмдөгү ромб геометриялык фигурасын (бул бириллиант) тартат. Андан кийин аны төмөнкүдөй тартипте төрт бирдей бөлүккө бөлөт: адегенде, ромбикти туурасынан тең эки бөлүккө, андан кийин ромбдун үстүнкү жана астыңкы жарымдары үзүк сызык менен туурасынан дагы экиге бөлүнөт. Натыйжада горизонталдуу төрт бирдей бөлүккө бөлүнгөн ромб пайда болот.

9 https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2021-02/GALS%20manual_KYR_2020.pdf

Андан кийин ар бир бөлүктү атоо керек: 1) эң жогорку бөлүгү «мыкты» деп аталып, үч жылмайган быйтыкча менен белгилениши керек; 2) экинчи бөлүгү «жакшы» деп аталып, бир жылмайган быйтыкча менен белгилениши керек; 3) үчүнчү бөлүгү «жаман» деп аталып, бир кайгылуу быйтыкча менен белгилениши керек; 4) эң төмөнкү бөлүгү «өтө жаман» деп аталып, үч кайгылуу быйтыкча менен белгилениши керек.

Бул кадам аяктагандан кийин, ромб тигинен эки бирдей бөлүккө бөлүнүп, топтордун аталышына жараша шарттуу белгилер менен белгилениши керек. Бул учурда, бир тарап «күйөөлөр» жана экинчи тарап «аялдар» болот ( 2.1.1. сүрөт).




*Сүрөт 2.1.1.*

## Кадам 2. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы кандай мамилелер *мага жагат?*

Мугалим студенттер менен үй-бүлөдө кандай мамилелер бар экендиги жөнүндө маек куруп, бир үйдө жашаган адамдардын ортосунда жагымдуу да, жагымсыз да мамилелер бар болоруна алып келет. Биринчи «Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы кандай мамилелер мага жагат?» деген суроого жооп берүү менен аялы менен күйөөсүнүн мамилесине студенттердин көңүлүн бурат, анткени ал экөөнүн мамилеси көп кездешүүчү жана маанилүү, ар дайым коомдун көңүл чордонунда.

Мугалим студенттерге 3 стикер таратып, төмөнкү тапшырманы түшүндүрөт:

- «Күйөөлөр» тобу стикерлерге күйөөлөргө аялдардын аларга кылган кандай мамилеси жагарын тартышы керек;
- «Аялдар» тобу стикерлерге күйөөлөрдүн аялдарга кылган кандай мамилеси жагарын тартышы керек.

*Тактоо*: бир стикерге жаккан бир гана мамилени тартуу керек. Ошентип, студент өзүнө жаккан үч мамилени үч стикерге тартат.

Чакан топтордо иштөө учурунда мугалим студенттерге барып, алардын ишин көзөмөлдөп, зарыл болгон учурда жетектөөчү суроолор аркылуу багыт берип турат. Студенттер үй-бүлөсүндө түзүлгөн мамилелерди тартуусу керек, бири-биринен сүрөттөрдү көчүрүүгө болбойт, бирок алар тарткан мамилелер окшош болушу мүмкүн. Тапшырма бүткөндөн кийин, бардыгы топтун мүчөлөрүнө сүрөттөрүн көрсөтүшөт, бирок түшүндүрүшпөйт. Алар сүрөттөрдүн маанисин болжолдоп жана аларды түшүндүрүүгө аракет кылышы керек. Сүрөттүн автору сүрөттөрдү туура түшүнүштүбү же жокпу карап турат. Эгерде эч ким туура түшүдүрө албаса, автор өзү түшүндүрүп берет. Топ сүрөттөрдү мааниси боюнча топтоштурушат.

Мугалимдин көрсөтмөсү боюнча мааниси боюнча окшош сүрөттөр топтолуп, бааланат. Студенттер бардык сүрөт топтомдорун баалап, 1ден 5ке чейин баа беришет. Эгерде 5тен ашык сүрөт топтому болсо, анда алар бардыгын баалай алышпайт, анткени бир адам беш топтомду гана баалай алат. 5 белгиси менен абдан жаккан мамилени баалоо менен, студент кийинки мамилелерди төмөнкү баалар менен белгилейт:

- абдан жаккан мамиле — 5;
- жаккан мамиле — 4;
- орточо жаккан мамиле— 3;
- аздыр-көптүр жаккан мамиле — 2;
- бир аз жаккан мамиле — 1.

Ар бир топто баалоо бүткөндөн кийин, сүрөт топтомунун жалпы суммасын санап, ранжирлеп, бриллианттын эки жагына («күйөөлөр» жана «аялдар») суммалардын денгээлине жараша («мыкты» – «жакшы») жайгаштыруу керек.

Ар бир топ сүрөт топтомдору менен тааныштырып, төмөнкү суроолорго жооп берет:

— Бриллианттын эң үстүңкү бөлүгүнө кандай мамилелер жайгашкан?
— Алар эмне үчүн эң үстүңкү бөлүгүнө жайгашкан?

## Кадам 3. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы кандай мамилелер *мага жакпайт?*

Мугалим топторго аларга жакпаган мамилелер жөнүндө ойлонуу тапшырмасын берет, анткени бул кадам үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы жакпаган мамилелер жөнүндө болот.

Мугалим студенттерге үчтөн стикер таратып берип, тапшырманы түшүндүрөт: мурунку кадамдай эле, «күйөөлөр» жана «аялдар» топтору үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы жакпаган мамилелердин сүрөтүн тартуу.

- «Күйөөлөр» тобу стикерлерге күйөөлөргө аялдардын кылган кандай мамилеси жакпарын тартышат;
- «Аялдар» тобу стикерлерге аялдарга күйөөлөрдүн кылган кандай мамилеси жакпарын тартышат.

Чакан топтордо иштөө учурунда мугалим студенттерге барып, алардын ишин көзөмөлдөп, зарыл болгон учурда жетектөөчү суроолор аркылуу багыт берип турат. Студенттер үй-бүлөсүндө түзүлгөн мамилелерди тартуусу керек, бири-биринен сүрөттөрдү көчүрүүгө болбойт, бирок алар тарткан мамилелер окшош болушу мүмкүн. Тапшырма бүткөндөн кийин, бардыгы топтун мүчөлөрүнө сүрөттөрүн көрсөтүшөт, бирок түшүндүрүшпөйт. Алар сүрөттөрдүн маанисин болжолдоп жана аларды түшүндүрүүгө аракет кылышы керек. Сүрөттүн автору сүрөттөрдү туура түшүнүштүбү же жокпу карап турат. Эгерде эч ким туура түшүдүрө албаса, автор өзү түшүндүрүп берет. Топ сүрөттөрдү мааниси боюнча топтоштурушат.

Андан кийин мурдагы кадамдай эле мааниси боюнча окшош сүрөттөр топтолуп, бааланат. Студенттер бардык сүрөт топтомдорун баалап, 1ден 5ке чейин баа беришет. Эгерде 5тен ашык сүрөт топтому болсо, анда алар бардыгын баалай алышпайт, анткени бир адам беш топтомду гана баалай алат. 5 белгиси менен таптакыр жакпаган мамилени баалоо менен, студент кийинки мамилелерди төмөнкү баалар менен белгилейт:

- таптакыр жакпаган мамиле — 5;
- абдан жакпаган мамиле — 4;
- жакпаган мамиле — 3;
- аздыр-көптүр жакпаган мамиле — 2;
- бир аз жакпаган мамиле — 1.

Баалоо аяктагандан кийин, ар бир сүрөт топтомунун жалпы суммасын санап, ранжирлеп, бриллианттын эки жагына («күйөөлөр» жана «аялдар») суммалардын деңгээлине жараша («жаман» – «өтө жаман») жайгаштыруу керек. Ошол эле учурда, эң жогорку балл алган сүрөттөрдүн топтому бриллианттын эң төмөнкү бөлүгүнө жайгаштырылаарын топторго эскертип коюу керек.

«Күйөөлөр» жана «аялдар» топтору өздөрүнүн сүрөт топтомдору менен тааныштырышат жана төмөнкү суроолорго жооп берет:

- Бриллианттын эң астыңкы бөлүгүнө кандай мамилелер жайгашкан?
- Алар эмне үчүн эң астыңкы бөлүгүнө жайгашкан?
- Мындай (абдан жаман) мамилелер жашоодо көп кездешеби?
- «Жаман» деңгээлинде кандай мамилелер жайгашкан?
- Мындай (жаман) мамилелер жашоодо көп кездешеби?
- Үй-бүлөдө жана коомдо жаман мамилелердин болгону туурабы?
- Кандай мамилелер кооптуу болуп саналат?
- Кооптуу мамилелер улана берсе, кандай кесепеттери болушу мүмкүн?
- Жакпаган мамилелердин арасында зомбулук белгилери болгонбу?

## Кадам 4. Үй-бүлөдөгү зомбулук, анын белгилери жана түрлөрү

Жакпаган мамилелердин жыйынтыгын чыгарууда мугалим студенттерге үй-бүлөлүк зомбулуктун формалары жөнүндө суроо берип, алар бул тема боюнча лекциялык материалдарды канчалык өздөштүргөнүн түшүнөт. Эгерде студенттер жооп бере албай кыйналышса, мугалим үй-бүлөлүк зомбулуктун түрлөрүн санап, аларды талданган мамилелер менен байланыштырса болот (3-кадамды караңыз).

Адатта, зордук-зомбулук жөнүндө сөз болгондо, уруп-сабоо же денеге зыян келтирүү деп эле түшүнүшөт. Бирок сөз менен кемсинтүү, шылдыңдоо, кемсинтүү, коркутуу, адамдын кадыр-баркына шек келтирүү дагы зомбулуктун түрлөрү экендигин билишибиз керек.

27.04.2017 ж. №63 Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамында зомбулуктун түрлөрүнө төмөнкүдөй аныктамалар берилген.

**Үй-бүлөлүк зомбулук** – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси.

**Дене-бойлук зомбулук** – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата түздөн-түз же кыйыр түрдө атайылап дене-бойлук таасир этүүсү, өтө маанилүү жашоо-турмуш функцияларын аткаруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуусу, башка жерге көчүү эркиндигинен, турак жайдан, тамак-аштан, кийимден ажыратуусу же чектөөсү, оор кара күч эмгегине мажбурлоосу, ошондой эле багуу жана кам көрүү милдеттеринен баш тартуусу.

**Психологиялык зомбулук** – дене-бойлук, сексуалдык, экономикалык зомбулук жасоо коркунучу, ошондой эле ар-намысты жана кадыр-баркты атайылап басмырлоо, өмүргө коркунуч келтирүүчү же психологиялык, дене-бойлук саламаттыктын бузулушуна, ошондой эле жашы жете элек адамдардын катташуу укугун чектөөгө алып келүүчү укук бузууларды же жосундарды жасоого мажбурлоо.

## Кадам 5. Үй-бүлөдө жакпаган мамилелердин кесепеттери

«Күйөөлөр» менен «аялдар» ортосундагы жакпаган мамилелерди талдап чыккандан кийин, мугалим студенттерге төмөнкү суроону берет:

– Мындай мамилелер улана берсе, кесепети кандай болот?

Жоопторду алгандан кийин, мугалим студенттерди кийинки кадамга өтүүгө чакырат, анын милдети жакпаган мамилелердин кесепеттерин талдоо.

Мугалим ар бир студентке үчтөн стикер берип тапшырманы түшүндүрөт. Ар бир студент өзүнүн ролуна («күйөө» же «аял») жараша «Мага жакпаган мамилелер кандай кесепеттерге алып келиши мүмкүн?» деген суроого сүрөт түрүндө жооп бериши керек. Бир стикерге бир кесепет тартылат. Натыйжада, ар бир студент үч стикерге 3 кесепеттин сүрөтүн тартат.

Мугалим процессти жетектейт жана жетектөөчү суроолорду берүү аркылуу студенттерге жардам берет. Мисалы, студент күйөөсүнө акча бербеген аялын тартса, анда: «акча бербесең эмне болот?» Эң негизгиси: акча эмнеге жумшалаарын сураш керек. Ичкиликке акча бербесе, ал кандай кесепеттерге алып келиши мүмкүн экендигин билүү керек. Ми-

салы, күйөөсү карызга акча алып ичиши мүмкүн, анда үй-бүлө карызга батып калат (үй-бүлө баары бир акча берүүгө аргасыз болот) же спирт ичимдиктерин ашыкча ичүү ден-соолугун начарлатат жана дарыгерге кайрылууга туура келет (дарылануууга акча керек болот).

Топтун ичиндеги ар бир студент башкаларга стикерге тартылган кесепеттерди көрсөтөт, бирок маанисин түшүндүрбөйт. Топтун башка мүчөлөрү сүрөттүн маанисин түшүнгөнгө аракет кылышат, кандай түшүнгөнүн айтып беришет. Сүрөттүн автору топтун катышуучулары анын сүрөтүн туура түшүндүбү же жокпу байкап турат.

Андан кийин мугалим кесепеттер тартылган стикерлерди мааниси боюнча топтоштурууну жана ар бир топ натыйжалары менен тааныштырууну суранат.

— Бизге жакпаган кайсы мамилелер жаман кесепеттерге алып келет?
— Белгилүү бир кесепеттер силердин жашооңордо кезигеби?
— Ал кесепеттер эмнеси менен коркунучтуу?
— Ал кесепеттер бизге, үй-бүлө мүчөлөрүнө кандай таасир этет?
— Кесепеттерге алып келбеш үчүн жаман мамилени жакшы мамилеге айландырууга аракет кылышыбыз керекпи?
— Бул кесепеттерди болтурбоо үчүн кандай аракеттерди көрүү керек?

Студенттер топтун калган мүчөлөрүнө кагазга түшүрүлгөн натыйжаны көрсөтүшөт, бирок сүрөттү түшүндүрүшпөйт. Топтун мүчөлөрү анын маанисин өздөрү түшүнүүгө аракет кылышы керек. Сүрөттүн автору жооп кайтарат:туура же туура эмес тартылган натыйжа. Андан кийин мугалим ар бир топту карточкаларды чиймеге киргизилген мааниге ылайык иреттөөгө жана иштин натыйжаларын бүт аудиторияга сунуштоого чакырат.

## Кадам 6. «Бактылуу үй-бүлөнүн бриллианты» көнүгүүнсүн жыйынтыктоо

Көнүгүүнү аяктоо үчүн мугалим студенттерди төмөнкү суроолорду талкуулоого чакырат:

— Бизге жакпаган кайсы мамилелер жаман кесепеттерге алып келет?
— Белгилүү бир кесепеттер биздин жашоодо кезигеби?
— Ал кесепеттер эмнеси менен коркунучтуу?
— Ал кесепеттер бизге, үй-бүлө мүчөлөрүнө кандай таасир этет?
— Мындай кесепеттерге алып келбеш үчүн жаман мамилени жакшы мамилеге айландырууга аракет кылышыбыз керекпи?

— Бул кесепеттерди болтурбоо үчүн кандай аракеттерди көрүү керек?
— Ал үчүн кийинки кадамдар кандай болуш керек?

## Кадам 7. Жыйынтык чыгаруу

Мугалим семинардык сабактын мазмуну боюнча ой жүгүртүү көнүгүүсүн өткөрөт. Студенттер төмөнкүдөй суроолорго жооп беришет:

— Кандай жаңы нерсе үйрөндүңөр?
— Мурда белгилүү болгон кайсы нерсени жаңыча көрдүңөр?
— Эмне пайдалуу болду?
— Кайсы маалыматты жашоодо колдоносуңар?

## Тыянактар

Гендердик зомбулук бардык өлкөлөрдө, бардык маданияттарда, бардык континенттерде бар. Жалпысынан алганда, бардык аялдардын жана кыздардын үчтөн бири өмүрүндө жок дегенде бир жолу физикалык же сексуалдык зомбулукка кабылган, бул көпчүлүк учурларда интимдик өнөктөшү тарабынан зомбулук болгон. COVID-19 пандемиясынын башталышы менен бул көйгөйдүн масштабы кыйла кеңейди.

Зордук-зомбулук аялдардын физикалык, психикалык, репродуктивдүү жана сексуалдык ден соолугуна терс таасирин тийгизет. Травма, депрессия, тынчсыздануу оорулары, каалабаган кош бойлуулук, жыныстык жол менен жугуучу инфекциялар, АИЖВ жана гендердик зомбулуктун башка көптөгөн кесепеттери жашоого өмүр бою таасир этиши мүмкүн.

Көпчүлүк учурларда аялга жакын адамы – күйөөсү же өнөктөшү зордук-зомбулук көрсөтөт. Аялдардын 6% зомбулук көрсөткөн адам башка бирөө экенин айтышат. Бирок эксперттер чыныгы көрсөткүч алда канча жогору экенин айтышат - аялдар мындай учурларды уялып көп айтышпайт.[10] Ошондуктан, ар бир адам көйгөйдүн масштабын жана анын кесепеттерин түшүнүү абдан маанилүү. Бул үчүн инсандын социалдык жүрүм-турумун жана үй-бүлө ичиндеги мамилелерин талдоодон баштоо керек. Ар бир адам бактылуу үй-бүлөлүк мамилелерди түзүүнү кааласа, бул коомдогу гендердик зомбулукту жоюуга салым болот.

10 Новое масштабное исследование ООН рисует страшную картину насилия против женщин // Веб-сайт ООН. URL: https://news.un.org/ru/story/2021/03/1398312

# Лекция 3. Харассмент – гендердик зомбулуктун өзгөчө формасы

## 3.1. Харассмент – зомбулуктун бир түрү жана анын формалары

## 3.2. Харассменттин себептери жана кесепеттери

> ***Предметтердин интеграциясы***

Педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, психология, социология, маданият таануу, лингвистика, юриспруденция, медицина, саясат таануу.

> ***Негизги сөздөр***

Харассмент, сексуалдык ыдык, гендердик зомбулук, зомбулук.

> ***Сабактын максаты***

***Когнитивдик максаты:*** коомдо ыдык көрсөтүүнүн бардык формаларын жоюуу үчүн харассменттин формаларын жана себептерин изилдөө.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: лекция***

## > Сабактын планы

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Киришүү бөлүмү | 5 мүнөт | Студенттер сабактын максаты, жүрүшү жана убактысы менен тааныш. | Тааныштыруу |
| 2-кадам | Харассмент — зомбулуктун бир түрү жана анын формалары | 50 мүнөт | Студенттер «харассмент» терминине аныктама беришет жана анын пайдалуу жагын талдашат.<br>Чөйрөсүндөгү харассмент белгилерин ажырата билишет.<br>Ыдык көрсөтүү — зомбулук экенин билишет.<br>Харассментке каршы күрөшүү боюнча мыйзамдык демилгелер тууралуу билет. | Видеоролик көрсөтүү<br>Талкуу<br>Презентация |
| 3-кадам | Харассменттин себептери жана кесепеттери | 30 мүнөт | Студенттер харассменттин себептерин мүнөздөшөт, анын кесепеттерин талдай алышат. | Чакан лекция<br>Видеоролик көрсөтүү |
| 4-кадам | Жыйынтык чыгаруу | 10 мүнөт | Студенттер өздөрүнүн сабактын темасына жана сабактагы иштерге болгон мамилесин баалашат. | Рефлексия |

# 3.1. Харассмент – зомбулуктун бир түрү жана анын формалары

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

Мугалим студенттерди тема жана анын алкагында карала турган суроолор менен тааныштырат. Зарыл болгон учурда, студенттердин айтылган пикирлеринин негизинде суроолорду тактайт же толуктайт.

### Видеороликти көрсөтүү жана аны талкуулоо

Мугалим студенттерге Бишкек шаарынын ШИИББ басма сөз кызматы тарабынан даярдалган видеороликти көрсөтүп, төмөнкү суроолор аркылуу талкууну уюштурат: «Силер харассмент терминин кандай түшүнөсүңөр?», «Харассмент ыдык көрсөтүүдөн эмнеси менен айырмаланат?», «Бул темага кандай мисалдарды келтире аласыңар?»

«Ыдык көрсөтүү же азыркы мезгилдин сөзү менен айтканда харассмент – глобалдуу маселе болуп саналат, анда көбүнчө...» видеосунун шилтемеси: https://www.facebook.com/watch/?v=133386751989255 (узактыгы 3 мүнөт 20 секунд).

## Чакан лекция

Студенттердин жообун уккандан кийин, «Харассмент – зомбулуктун бир түрү жана анын формалары» деген темада презентацияны баштайт.

Презентация харассмент түшүнүгүн, анын формаларын жана Кыргызстанда харассментти алдын алуу үчүн өлкөнүн деңгээлиндеги мыйзам демилгелерин камтыш керек.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Харассмент — бул ыңгайсыздыкты жана физикалык же психикалык стрессти пайда кылган, ошондой эле башка адамдын жеке жашоосун бузган адамдын жүрүм-туруму. Харассмент – бул ар кандай жолдор менен болгон ыдык көрсөтүү деп айтууга болот. Алсак, колду сылап-сыйпоо көрүнүшүнөн баштап, ачык кармалоого чейин кирет.

Эң негизгиси, бул көрүнүштөрдүн баары экинчи тарап үчүн жагымсыз, ал көрүнүш физикалык гана аракеттер эмес, вербалдык мүнөздө да болот, т.а., адамды психологиялык жактан кыйнаган эки ача эскертүүлөр жана сунуштар, психологиялык кысым да ушул түргө кирет. Эмне үчүн бул маселеге мынчалык көңүл бурулуп жатат? Анткени мындай практика жабырлануучулар үчүн да, ошондой эле мындай көрүнүш орун алган уюмдар үчүн да терс кесепеттерди жаратат. Бул командалык иштөөгө тоскоол болуп, адамдардын жашоосун ыңгайсыз кылып, душмандык чөйрөнү жаратат жана көп учурда адамдарга коркунуч туудурат.

Ыдык көрсөтүү — бул аялдар менен эркектердин экономикалык жана коомдук турмушка толук жана бирдей катышуусуна тоскоол болгон, кирешесинин деңгээлине, социалдык абалына карабастан, бардык курактагы аялдарга же эркектерге таасир этүүчү зомбулук. Ыдык көрсөтүүнү коомдук жайларда (коомдук транспортто, ар кандай иш-чараларда), жумушта да, билим берүү чөйрөсүндө да — жеке мейкиндиктен тышкары кесиптештер, иш берүүчүлөр, кардарлар, бейтаптар, бейтааныш адамдар тарабынан байкоо мүмкүн.

Харассмент – БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан катталган басмырлоонун түрлөрүнүн бири, азыркы дүйнөдө адам укуктарынын эң одоно бузулушу. Харассмент - адам укуктарынын бузулушунун эң кеңири тараган түрү. Зомбулуктун бул түрү менен иштөө кыйын, анткени жумуш ордундагы харассмент, ыдык көрсөтүү жана толеранттуу эмес жүрүм-турум ФАКТЫЛАРын далилдөө өтө кыйын. Харассмент – бул сексуалдык ыдык көрсөтүүнү гана камтыбаган кеңири термин.

# «Харассмент» катары классификацияланган аракеттер:

- Интернет-харассмент: социалдык тармактар жана форумдар аркылуу кысым көрсөтүү, кодулоо, буллинг.
- Психологиялык харассмент: көзгө көрүнбөгөн кысым, денеде жаракат болбойт, бирок психикалык деңгээлде сезилет.
- Саясий харассмент: адамга саясий мотивдер боюнча кысым көрсөтүү.
- Укук коргоо органдары тарабынан болгон харассмент: күч түзүмдөрүнүн өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана байланыштарын колдонуп адамга кысым көрсөтүшү.
- Расалык же диний харассмент: адамга терисинин түсү же диний ишеними боюнча басмырлоо.
- Жумуш ордундагы харассмент: жетекчилик тарабынын кызматкерлерге кылган кысым.

Бирок, дал ушул ыдык көрсөтүү жана харассмент – дүйнө жүзүндө азыркы мезгилге чейин чыдамдык менен мамиле кылган адам укуктарынын бузулушу болуп саналат. Мындай көрүнүштөрдү токтотуу жана жоюу

үчүн көп убакыттан бери атайын жөнгө салуу чаралары көрүлбөй келет. Жакынкы убакка чейин эле эл аралык деңгээлде ыдык көрсөтүүгө карата минималдуу стандарттарды же негизги жоболорду белгилеген норма да болгон эмес.

2019-жылдын 21-июнунда гана ЭЭУнун[11] Эл аралык эмгек конференциясында зордук-зомбулуксуз жана ыдык көрсөтүүсүз эмгек чөйрөсүн жактоону билдирген «Эмгектин келечектеги чөйрөсү жөнүндө жүз жылдык декларацияны» кабыл алышкан. Ошол эле күнү Конференциянын сессиясы 190 Конвенцияны жана эмгек чөйрөсүндө зомбулукту жана ыдык көрсөтүүнү жок кылуу боюнча 206-Сунуштаманы кабыл алуу менен бул олуттуу ниетин ишке ашырды.

Конвенциянын 1-пунктуна ылайык, эмгек чөйрөсүндөгү «зомбулук жана ыдык көрсөтүү» термини бир катар кабыл алынгыс жүрүм-турумдарды жана тажрыйбаларды же коркутууларды билдирет-бул бир жолу же бир нече жолу кайталанган окуя болобу-максаты, натыйжасы же мүмкүн болгон натыйжасы физикалык, психологиялык, сексуалдык же экономикалык зыян, анын ичинде гендердик зомбулук жана куугунтуктоо.

Конвенцияны иш чөйрөсүндөгү жумуш учурунда, жумушка байланыштуу же аткарылган ишке байланыштуу келип чыккан зомбулук жана ыдык көрсөтүү төмөнкүдөй жагдайларды камтыйт:

- иштеген жеринде, анын ичинде алар иштеген коомдук жайларда жана жеке жайларда;
- кызматкер эмгек акы алган жерде, эс алуу үчүн тыныгуу же тамактануу, санитардык-гигиеналык жайларды жана кийим алмаштыруучу жайларды пайдаланган жерлерде;
- кызматтык иш сапарларда, саякаттарда, кесиптик даярданууда, иш-чараларда же коомдук иштерде;
- ишке байланыштуу, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен камсыздалган коммуникациялардын жүрүшүндө;
- иш берүүчү тарабынан берилген турак жайларда;
- жумушка бара жатканда жана жумуштан келе жатканда.

11 Международная организация труда (МОТ)

Сексуалдык ыдык деп Конвнция төмөнкүлөрдү түшүнөт:

а) адам укугунун бузулушу;

б) гендердик зомбулук;

в) мүмкүнчүлүктөрдүн теңчилик принциптеринин бузулушу;

г) эмгек маданиятынын бузулушу;

д)жагымдуу үй-бүлөлүк жагдайды жана социалдык чөйрөнү бузуучу фактор;

е) мамлекеттик жана жеке кызматтардын сапатынын терс факторлору;

ж) аялдардын эмгек рыногуна чыгуусуна тоскоолодук жаратуу;

з) аялдардын кесипкөйлүк жактан өнүгүшүнө тоскоолдук кылуу;

и) эмгекти уюштуруунун негативдүү факторлору;

й) кызматкерлерди демотивациялоо.

# Көңүл бургула!

## Кыргыз Республикасында эмгек чөйрөсүндөгү зомбулукту жана ыдык көрсөтүүнү жоюу боюнча ЭЭУ Конвенциясы ратификациялана элек.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде «сексуалдык ыдык көрсөтүү» боюнча ченемдер жок, бирок анын беренелеринде жарандардын жана иш берүүчүлөрдүн эмгек укуктарын ишке ашыруунун, анын ичинде эмгекке жагымдуу шарттарды түзүүнүн, укуктарын коргоонун жана коргоо принциптери аныкталган, анын ичинде кызматкерлердин жана иш берүүчүлөрдүн кызыкчылыктары, эмгектик укук мамилелери чөйрөсүндө мажбурлап эмгекке жана басмырлоого тыюу салуу иштери каралган (1, 2-берене).

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 20-беренеси боюнча иш берүүчү иштин коопсуздугун жана гигиена талаптарына жооп берген шарттарды камсыз кылууга милдеттүү; кызматкерлерге эмгек милдеттерин аткарууга байланыштуу келтирилген зыяндын ордун толтурууга, ошондой эле Кодексте, мыйзамдарда, ченемдик укуктук актыларда жана башкаларда белгиленген тартипте жана шарттарда моралдык зыяндын ордун толтурууга тийиш. Бул контекстте жумуш ордунда сексуалдык ыдыкты болтурбоо максатында «уюмдагы эмгектин коопсуздугун жана эмгекти коргоо жана гигиенанын талаптарына жооп берген шарттарды камсыз кылуу» максатында иш берүүчүнү менчигинин түрүнө карабастан локалдуу ченемдик актыларды кабыл алууга милдеттендирген ченемди кеңейтүү жана бекемдөө актуалдуу болуп турат. Дал ушул мамиле ЭЭУнун 190-конвенциясы ратификациялабаган шарттарда анын талаптарын аткарууга мүмкүндүк берет.

- КР ЭК сунушталып жаткан өзгөртүүлөрдө жана толуктоолордо мыйзамдарды сексуалдык ыдыкты алдын алуу жана андан коргоо бөлүгүндө эл аралык укуктун ченемдерине жана принциптерине ылайык келтирүү үчүн ЭЭУнун 190-Конвенциясында сунушталган ыкмалар колдонулду.

- Контекстти жана чөйрөнү эске алуу менен ЖКда «сексуалдык ыдык» эмес, «ыдык» түшүнүгүн колдонуу сунушталат бул келечекте сексуалдык гана эмес, ошондой эле ыдыктын башка түрлөрүнөн коргоону камсыз кылуу үчүн сунушталган ченемдерди колдонууга мүмкүнчүлүк берет.
- Өнүккөн өлкөлөрдүн компанияларда/өндүрүштө эмгек тартиби кабыл алынган практикасына таянып, кесиптештердин бири-бири менен, иш берүүчү менен, кызмат алуучулар ж.б. менен болгон жүрүм-турум боюнча формалдык жана формалдык эмес нормалары жана эрежелери кабыл алынып, уюштуруу маданиятынын жана коопсуз иш чөйрөсүнүн бир бөлүгү катары ыдык көрсөтүү көрүнүшүн алдын алуу.

Азыркы мезгилде улуттук мыйзамдар жарандарды харассменттен коргобойт. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси «сексуалдык ыдык» маселелерин түздөн — түз жөнгө салбайт, бирок өзүнүн жоболорунда жарандардын жана иш берүүчүлөрдүн эмгектик укуктарын жүзөгө ашыруу принциптерин аныктайт, алардын ичинде-эмгектин жагымдуу шарттарын түзүү, кызматкерлердин жана иш берүүчүлөрдүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, эмгектик укук мамилелери чөйрөсүндө мажбурлап иштетүүгө жана басмырлоого тыюу салуу камтылган (1- жана 2-беренелер).

Бийлик өкүлдөрү тарабынан мисал келтирилген Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 163-беренеси («сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо») жана Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 119-беренеси («майда бейбаштык») ыдык жана зомбулук көрсөтүү квалификациясына ылайык келбейт. Харассмент Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин «сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоого мажбурлоо» жөнүндөгү 163-беренесинде көбүрөөк камтылган.

Бирок Кыргыз Республикасынын азыркы Кылмыш-жаза кодекси негизинен жабырлануучуну физикалык зомбулуктан коргойт. Эгерде кылмышкер зордук-зомбулук көрсөткөндө же коркутуп-үркүтсө, адам жигердүү каршылык көрсөткөн учурда кылмыш жасалган деп эсептелет. Ал эми аялга физикалык тийүү, башкача айтканда, көкүрөгүн же дененин башка бөлүктөрүн кармалаган адамды кылмыш жоопкерчилигине тартуу мүмкүн эмес.

# 3.2. Харассменттин себептери жана кесептеттери

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Талкуу

Биринчи сессиянын презентациясын аяктагандан кийин, дискуссия аркылуу студенттерге экинчи сессиянын «Харассменттин себептери жана кесепеттери» темасын тааныштыра баштайт. Студенттер өз жашоосунан алынган мисалдарды келтире алышат. Эгерде студенттерге мисал келтирүү кыйын болсо, анда мугалим өзү мисал келтирип, студенттерден сүрөттөлгөн кырдаалды харассменттин көрүнүшү деп эсептейби жана эмне үчүн деп сурайт.

# Студенттер менен талкуулоо үчүн харассмент боюнча мисалдар

1. Сиздин улутуңузга, жаш курагыңызга же жынысыңызга карап жумушка албай жатышат. Анткени иш берүүчү адамдын улутка, жаш өзгөчөлүккө же гендерге карата туура эмес пикири жана көз карашы бар. Жумушка албай коюнун себептерин мындай мааниде түшүндүрүшөт: «Тажрыбаңыз жетпейт», «Биздин компания башка улуттук өкүлдөрүн жумушка албайт», «Аялдар объективдүү ой жүгүртө албайт», «Эркектерге аялдар жамаатында орун жок» ж.б. (алардын кээ бирлерин бетке айтышпайт).
2. Жетекчиңиз сиздин акыл-эс жөндөмүңүздү шылдыңдап, мазактап, кыйкырып, жумуштан кетирүү, эмгек акынын төмөндөтүү жана «таттуу келечек» менен коркутат.
3. Жогору турган адам өзүнүн сексуалдык каалоолорун ачык эле билдирип, анын сунуштарын кабыл алса жакшы мүмкүнчүлүктөр болорун айтат. Мисалы, жетекчи өзүнүн кызматкерине анын каалоосун аткарса, айлык акыны көтөрөрүн, жаңы кызматка дайындарын, ар кандай артыкчылыктарды жана башка материалдык пайдалар болорун сунуштайт. (Харассменттин мындай түрү Quid Pro Quo же «жардамга жардам» деп аталат). Дагы бир мисал: чоң таасири бар профессор студентке «сен мага, мен сага» деп бартердик сунуш кылат. (Бул сексуалдык ыдык).
4. Көчөдө жаш кыз/жигит жаш кыздардын/жигиттердин жанынан өтүп бара жатканда артынан ышкырса же тилин тишине шакылдатса, кыздын/жигиттин дене түзүлүшүнө болгон ачык комплимент айтылса, ал эми турган кыздардын/жигиттердин бири кубалап барып жакындан таанышууга чакырса.

## Чакан лекция

Студенттер жогорудагы мисалдарды талкуулагандан кийин чакан лекцияга жана тема боюнча маалыматты, ошондой эле Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын камтыган презентацияны көрсөтсө болот.

Жыйынтыгында «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» коомдук фондусунун БУУнун Тасттык фондусунун каржылык колдоосу менен Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги жана Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта даярдалган «Кыздар, келгиле бул жөнүндө айталы!» видеороликгин көрсөтүүгө болот. Мугалим студенттерге видеороликтеги жагдайга эркек балдар да кабылышы мүмкүн, ошондуктан балдар үчүн «111» ишеним телефону бардыгы үчүн иштейт экендигин айтып коюуусу абзел.

«Кыздар, келгиле бул жөнүндө айталы!» видеороликинин шилтемеси: https://www.youtube.com/watch?v=tEt58Q5L1z8

## Рефлексия көнүгүүсү

Мугалим семинардык сабактын мазмуну боюнча рефлексия көнүгүүсүн өткөрөт. Студенттер төмөнкүдөй суроолорго жооп беришет.

- Кандай жаңы нерсе үйрөндүңөр?
- Мурда белгилүү болгон кайсы нерсени жаңыча көрдүңөр?
- Эмне пайдалуу болду?
- Кайсы маалыматты жашоодо колдоносуңар?

Мугалим студенттердин кошумча суроолоруна жооп берет, талкууну жыйынтыктап, төмөнкүдөй корутунду чыгарат:

- эгер биз кандайдыр бир көйгөйгө кабылсак, унчукпай коюу – эң жакшы чечим эмес;
- эгер көйгөй болсо, анда кеч болуп кете электе аны дароо чечүү керек. Өзгөчө, коомдук жайларда жана жумуш ордундагы ыдык көрсөтүүлөрдү тезинен токтотуу зарыл.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Эмне үчүн харассмент пайда болот? Биздин дүйнө тааным жана башка адамдар менен пикир алышуу жөндөмүбүз бала кезибизден башталат. Балалык мезгилде биз жүрүм-турум моделин калыптандырып, кийин чоң адам болгонго чейин алып жүрөбүз. Алардын кээ бири өзгөрөт, кээ бирлери үстөмдүк кылып калып калат. Кандай шарттарда чоңойгонубузга, үй-бүлөдө кандай мамиле болгонуна, жүрүм-турумдардын кандай моделин көргөнүбүзгө жана калыптанып калган жалпы ишенимдерди билгенибизге жараша азыркы жүрүм-турумубуз болот. Каада-салттар жана жалпы кабыл алынган нормалар өзгөчө орунда турат.

Социологдор харассмент - бул жыныстык катнашка баруу эмес, өзүнүн күчүн далилдеп, өзүн ырастоо каалоосу менен байланышкан көрүнүш деп белгилешет[12]. Байкоолор көрсөткөндөй, бийликке келгенде кээ бир адамдар башка адамдардын сезимдерине кам көрүүнү токтотушат, алардын эмоцияларын «окуу» жөндөмүн жоготушат, баш тартууну норманын варианты катары кабыл алышпайт. Алар салыштырмалуу жазасыздыкка мас болуп, жумуш ордунда этиканы тез-тез буза башташат. Мындан тышкары, лидерлик позиция аларга өздөрүн сексуалдык жактан жагымдуумун деп эсептеген сезимин берет. Демек, алар үчүн жабырлануучуну тандоо эле калды. Бийликти көрсөтүүдөн тышкары, басынтуу, орунсуз тамаша жана башка одоно көрүнүштөрдү кыла баштайт.

12 Сексуальные домогательства на рабочем месте — «хроническая проблема», заявил президент АПА: веб-сайт Американской психологической ассоциации //URL:https://www.apa.org/news/press/releases/2017/11/workplace-sexual-harassment

# Харассменттин негизги себептери:

- гендердик ролдорго, статуска, улутка карата жаман ойдо болуу;
- бийлигин көрсөтүү жана жазалануу сезимдигинин жоктугу;
- өзүнүн аймагын коргоо;
- психикалык жактан бузулуулар.

Зордук-зомбулук көрсөткөн адамдарга эмпатия (боорукердик) жетишпейт. Алар башка адамдардын сезимдерин жана эмоциясын кабыл алышпайт жана түшүнүшпөйт [Sexual harassment proclivities in men]. Мындай адамдар алардын иш-аракеттеринен кийин адамдын уйкусу бузулуп, күнөөлүү жана коркуу сезимдери пайда болорун ойлошпойт. Албетте бул, харассментке алып келе турган кесепеттердин толук тизмеси эмес.

# Харассменттин кесепеттери

Харассмент жумуш ордунда жагымсыз атмосфераны гана жаратпастан, адамдын ден соолугуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Төмөндө харассменттин олуттуу кесепеттери келтирилди:

- депрессия;
- алсыздык;
- өнөкөт оорунун күчөп кетиши;
- өзүн башкалардан кем сезүү;
- өзүнө жана башка адамдарга ишенбей калуу, пикир алышуудагы кыйынчылыктар
- өзүнүн каалоолорунан жана талаптарынан баш тартуу;
- жашоодон ырахат алуу жөндөмдөрүнүн бузулушу.

Харассментке өз убагында чара колдобонбосо анын кесепеттери мындан да коркунучтуу болушу мүмкүн. Адам дайыма стрессте болсо, оору пайда болот [Stress Effects on the Body]. Бир көйгөй экинчи бир көйгөйдү жаратат, аны жок кылбаса, көйгөй улам көбөйө берет.

Харассментке ким көп кабылат? Бардык адамдар харассментке кабылышы мүмкүн, белгилүү бир «жабырлануучунун портрети» болбойт. Кээ бир топтор, мисалы, кино өндүрүшүнүн өкүлдөрүнүн харассментке кабыл-

гандыгы тууралуу маалыматтар көп чыгат. Бирок аталган көйгөй көп кездешкен чөйрөлөр айтылбай кала берет. Америкалык прогресс борбору жарыялаган статистикага ылайык АКШда сексуалдык ыдык көрсөтүү фактыларынын төрттөн биринен көбү кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү аялдардын арасында болгон.

## Кыргыз Республикасында жумуш ордунда болгон ыдык көрсөтүүлөр

Ар бир төртүнчү аял жумуш ордунда сексуалдык ыдык көрсөтүүгө дуушар болгон[13].

- ыдык көрсөтүүнүн **80%** мамлекеттик мекемелерде болот;
- жабыркагандардын **70%** – никеге тура элек жана катардагы кызмат ордунда иштеген 20дан 38 жашка чейинки курактагы аялдар;
- ыдык көрсөтүүнүн **44%** көбүнчө орто жана жогорку деңгээлдеги эркек жетекчилер тарабынан болот.

Иш жамаатындагы ыдык көрсөтүүнү кантип жеңүү керек? Харассмент менен кодулоо бири-бирине жакын көрүнүштөрдөн болгондуктан иш жамаатындагы ыдык көрсөтүүнү жеңүү үчүн психолог Людмила Петрановская иштеп чыккан моделди колдонсо болот.

13 Исследование: каждая четвертая женщина подвергается сексуальным домогательствам на рабочем месте : веб-сайт Координационного совета партнеров по развитию в КР. // URL: http://www.donors.kg/ru/novosti/5732-issledovanie-kazhdaya-chetvertaya-zhenshchina-podvergaetsya-seksualnym-domogatelstvam-na-rabochem-meste

# Кодулоону жеңүү модели (Л. Петрановская боюнча)

1. Ар бир нерсени өз аты менен атоо. Ыдык көрсөтүү көрүнүшүн жөн эле флирт, жөнөкөй тамаша ж.б. менен теңеп коюуга болбойт;
2. Ыдык көрсөтүү көйгөйүнө так баа берүү;
3. Харассментти жалпы жамааттын көйгөйү катары аныктоо;
4. Ар бир кызматкер болгон окуяда өздөрүнүн ролу тууралуу ойлонушу керек;
5. Топто позитивдүү эрежелерди иштеп чыгып жана бекитип алуу;
6. Позитивдүү өзгөрүүлөрдү байкап, аларды колдоо;
7. Иерархияны гармонияга келтирүү. Компанияда гендердик теңчилик баалуулугун сактоо зарыл. Ошону менен бирге, уюмда иерархия болсо дагы жогорку жана төмөнкү сорттогу адамдардын болушуна жол бербөө керек.

# ФАКТЫЛАР

1) «Таяныч» аттуу жеке кесиптик бирикме уюму жумуш ордунда аялдардын укугун коргоо чөйрөсүндөгү жагдайларга, өзгөчө сексуалдык ыдык көрсөтүү маселелерине изилдөө жүргүзгөн. Бул изилдөөнүн жыйынтыктары менен төмөнкү шилтеме аркылуу кирип кеңири таанышууга болот: https://rus.azattyk.org/a/27234709.html

# БУЛАКТАР

1) *Лютенс Ф.* Организационное поведение : учебник для вузов. — М., 1999
2) *Толочек В. А.* Современная психология труда : учеб. пособие для вузов. — СПб., 2005
3) *Андреева Г. М.* Социальная психология : учебник для вузов. — М., 2014
4) *Гулевич О. А.* Социальная психология : учебник и практикум для акад. Бакалавриата. — М., 2015
5) Конвенция МОТ об искоренении насилия и домогательств в сфере труда. – 21.06.2019. – № 190. // URL: https://www.ilo.org/wcmsp5/groups/public/---dgreports/---gender/documents/publication/wcms_739332.pdf (дата обращения: 10.09.2020).
6) Положить конец насилию и домогательствам в сфере труда. Доклад V (2В) на Международной конференции труда. – 108-я сессия. – Женева, Швейцария. – 2019. // Международное бюро труда. URL: https://www.ilo.org/wcmsp5/groups/public/---ed_norm/---relconf/documents/meetingdocument/wcms_675170.pdf (дата обращения: 29.05.2020).

# Семинар 3. Коопсуз чөйрө – ар бир адамдын укугу!

## 3.1. Ыдык көрсөтүүгө жооп берүү

## 3.2. Ыдыкты алдын алуу

> ***Предметтердин интеграциясы***

Педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, социология, маданият таануу, психология, саясат таануу, лингвистика, филология, медицина.

> ***Негизги сөздөр***

Харассмент, ыдык көрсөтүү, сексуалдык ыдык көрсөтүү.

> ***Сабактын максаты***

*Социалдык-эмоциялык максаты*

- Студенттер харассментке кабылган адамдардын сезимдерин сыпаттай алышат;
- Студенттер харассменттин себептерин түшүндүрө алышат.

*Жүрүм-турумдук максаты*

- Студентттер харассмент болгон учурда жооп кайтаруу жөндөмүнө ээ болушат;
- Студенттер харассментти жок кылуу жолдорун сунуштай алышат.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: семинар***

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Киришүү бөлүмү | 5 мүнөт | Студенттер сабактын темасын жана максатын айтышат | Мээге чабуул |
| 2-кадам | Тема боюнча негизги түшүнүктөр | 15 мүнөт | Студенттер тема боюнча терминдерди жана жаңы түшүнүктөрдү түшүндүрүп беришет | Онлайн-викторина |
| 3-кадам | Ыдык көрсөтүүгө жооп берүү | 40 мүнөт | Студенттер харассмент көрүнүшүнө сезимтал болушат | Чакан топтор менен иштөө<br>Кейстерди талдоо |
| 4-кадам | Ыдык көрсөтүүнү алдын алуу | 25 мүнөт | Студенттер өздөрүнүн социалдык жүрүм-турумун өзгөртүүгө түрткү болгон «Үнчукпай койбо!» принцибин жакташат | Талкуу<br>Бирдиктүү сунуштарды иштеп чыгуу |
| 5-кадам | Жыйынтык чыгаруу | 5 мүнөт | Студенттер өздөрүнүн иштерин жана темага карата болгон мамилесин баалашат | Рефлексия |

# 3.1. Ыдык көрсөтүүгө жооп берүү

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Онлайн виктоирна

Мугалим студенттерге мурунку лекциянын темасын эстетип семинардык сабактын темасын актуалдаштырат. Студенттерди сабактын темасы, максаты жана планы менен тааныштырат.

Мугалим студенттерге Интернетке туташуусун сунуштайт да https://kahoot.it/ сайтынын шилтемесин берет. Зарылдыгына жараша сайтка кирүү эрежелерин кыскача түшүндүрүп берет.

**Эрежелердин кыскача түшүндүрмөсү**

1. Катталуу: ПИН-кодду жана никнеймди киргизүү же QR кодун сканерлөө.
2. Жоопту тандоо: туура жооп жана тездик (30 секунд); жоопту тандоо ыкмасы түс менен болот (жашыл, кызыл, кызыглт сары, көк).
3. Катышуучулардын рейтинги.
4. Тестти жыйынтыктоо.

Мурунку лекциянын темасын эстөө үчүн, ошондой эле аудиторияда позитивдүү атомосфераны жаратуу максатында бардык студенттер оюнга катышуусу керек. Эң башкысы — студенттерге тема боюнча маанилүү түшүнүктөрдү жана терминдерди эстеп калууга жардам берет.

Онлайн викторинанын болжолдуу суроолорун тиркеме №1ден караңыз. (Туура жооптор сары түс менен боёлгон). Мугалим коюлган максатка жана аудиториянын потенциалына карата суроолордун санын көбөйтө алат же өзгөртө алат. Тестти өткөрүү үчүн башка санариптик ресурстарды дагы колдонсо болот.

## Кейстерди талдоо

Онлайн викторина аяктагандан кийин, мугалим студенттерди беш чакан топко бириктирет. Ар бир топ белгилүү бир кырдаалды сүрөттөгөн текстти алат. Андан кийин, топ аны изилдеп, тексттин алдын коюлган суроого жооп бериши керек.

**Кейс 1. Автобустун ичинде эркек киши кызга жакындап белин кармайт. Кыз эркек кишиден алыс жылганга аракет кылат, бирок тиги киши улам жакындап, тийише берет.**

*Суроо: Эркек кишинин кылыгын кандай атасак болот?*

**Туура жооп.** Эркек кишинин бул кылыгы «жөн гана тийишүү» же «көңүл буруу» эмес. Анын кылганы – кыздын жеке чегине өтүү болуп саналат жана сексуалдык мүнөздү камтып турат. Бул сексуалдык ыдык көрсөтүү жана бул нормалдуу көрүнүш эмес.

**Кейс 2. Кыз курубу кызы менен барда отурат. Маңдайында отурган жигит тиги кыздар үчүн шире буйрутма берет да кыздын телефон номурун сурайт. Кыз телефон номурун берүүдөн баш тартат.**

*Суроо: Анын баш тартуусун кандай түшүнсө болот?*

**Туура жооп.** «Жок» демек «жок». Башка адамдын жеке чегин сыйлоо керек. Адам баш тартканына карабастан тийишкенин уланта берсе, анда бул – ыдык көрсөтүү болуп саналат. Ал эми «бааланып жатат» деген аргумент – туура эмес. Кыз дүкөндөгү товар эмес, ал – адам.

**Кейс 3. Бир кыз өзүнүн сууда сүзүүчү кийими менен түшкөн сүрөтүн социалдык медиадагы жабык баракчасына чыгарат. Анын бир катталуучусу кыздын уруксааты жок сүрөттү көчүрүп алып «Биздин шаардын сулуулары» деген жалпы топко чыгарып койду.**

*Суроо: Бул ыдык көрсөтүүбү?*

Туура жооп. Ыдык көрсөтүүдө негизги нерсе – макулдук. Кандай сүрөт болсо да, кыз макулдугун берген эмес. Кыздын сууга сүзүүчү кийими менен түшкөн сүрөтүн чыгарып жиберген катталуучунун мотивин билбейбиз. Бирок бул публикация жаман кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Сүрөт жарыяланган топтун катталуучулары кызга асылган билдирүүлөрдү жазып же ал сүрөттү башка булактарга чыгарып жибериши мүмкүн.

**Кейс 4. Бир кыз жаңы ишке кирүү үчүн маек курууга келсе, иш жетекчилиги жанына жакын келип отуруп, ийининен таптап, тизесинен сылайт.**

*Суроо: Бул ыдык көрсөтүүбү?*

Туура жооп. Башка бирөөнүн денесине тийүүгө эч кимдин акысы жок. Бул – ыдык көрсөтүү, андай жумушка кыз кирбей эле коюшу керек. Ал эми кыз болгон окуя жөнүндө жок дегенде, ал ишкананын кадрлар бөлүмүнө билдириши керек.

**Кейс 5. Жетекчи айым кол алдында иштеген эркек кызматкеринин ишине наразычылыгын билдирип, кечинде үйүндө «чай ичип» чогуу отчет даярдоого чакырат. Ал муну жакшы идея деп эсептебейм деп жооп берет. Анда жетекчи айым « андай болсо мен сизден жаңы отчет, жылдын бизнес-планы жана эртең мененки саат жетиде 85 слайддан турган презентация күтөм. Эгер мен кандайдыр бир кемчиликтерди тапсам, анда мен сизди сый-акыдан ажыратам жана ушул жаазга пландаштырылган кызмат ордуңуздан көтөрүүнү колдобой коем» – деп жооп берет.**

*Суроо: Бул ыдык көрсөтүүбү?*

Туура жооп. Ооба, бул ыдык. Жумуш ордунда эркектер да харассментке көп дуушар болушат. Ар бир уюм этикалык кодексти кабыл алышы маанилүү. Ал эми кызматкерлерди жалдоо бөлүмү бул документти ар бирине так түшүндүрүшү керек. Бул иш-чара жумуш ордунда харассментти болтурбоого өбөлгө түзөт.

Талкуу үчүн командаларга 10 мүнөт убакыт берилет. Бөлүнгөн убакыт аяктагандан кийин мугалим жалпы топто талкуу уюштурат. Ар бир команда ага берилген кейсти окуп, өз чечимин сунуштайт. Башка командалар суроолорду берип, ошондой эле команданын чечими боюнча өз пикирлерин айта алышат. Бардык командалар чыгып сүйлөгөндөн кийин мугалим ар бир чечим боюнча кайтарым байланыш берип, ишти жалпылайт.

# 3.2. Ыдык көрсөтүүнү алдын алуу

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Чакан талкуу

Мугалим аудиторияга төмөнкү суроолорду берет:

- Харассмент болгон жагдайларда эмне кылуу керек?
- Эгер сиз ыдык көрсөтүүгө күбө болуп калсаңыз, эмне кылышыңыз керек?
- Харассмент көйгөйүн чечүүдө медиа уюмдар кандай жардам көрсөтө алат?

Суроолорду талкуулагандан кийин мугалим студенттерге харассменттин алдын алуу жолдорун чогуу иштеп чыгууну сунуштайт. Студенттер бир канча сунуштарды айтышат. Сунуштар тактага же флипчартка жазылат, андан кийин аларды аткаруу боюнча биргелешкен чечим кабыл алынат.

### Сунуштардын болжолдуу (мүмкүн болгон) тизмеси

- Ар бир болгон жагдай иликтениши керек. Жакшысы, тыштан кризиске каршы адистерди тартуу зарыл, анткени алар көйгөйгө карата объективдүү көз караштарын айтышат.
- Мындай жагдайларды токтотуу керек. Бирок кээде зордук көрсөткөн адамга күнөө тагуу коркунуч жаратат. Бул учурда башка тактиканы тандоого болот: зордук кылган адамга суроо берип көңүлүн башкага буруп жиберүү керек. Же болбосо, экинчи бир адам ыдык көрсөтүүгө кабылган адамга жагдайдан чыгууга жардам берүүсү керек. Мисалы: чай сунуштоо же башка бир нерсеге жардам берип коюуусун суроонуу ж.б.

- Эгерде сиз кырдаалды так чечмелей албасаңыз, анда кызматкерден түздөн-түз ыдык көрсөтүү болгонун же болбогонун ачык эле суроо керек.
- Харассмент аракети болсо дароо жетекчиликке билдиргиле, башка кызматкерлерди да көйгөйдү чечүүгө чакыргандан коркпоңуз.

Медиа жабыркаган адамдар үчүн ички сезимин, арыз-муңун айта алган аянтча боло алат. Редакциялар ошондой эле харассмент жагдайларында көз карандысыз иликтөө жүргүзө алышат же ыдык көрсөтүүнүн курмандыктары болгон уюмдарга этикалык кодексти иштеп чыгууга көмөктөшө алышат.

**Медиа өкүлдөрү харассменттен жабыркаган адамдар менен кылдат пикир алышуусу абдан маанилүү. “Voice and choice” практикасын колдонуу керек, т.а. жабыркаган адамга белгилүү бир үлгүнү (паттернди) таңуулабаш керек**

## Тыянактар

Көпчүлүк учурларда, ыдык көрсөткөн адам баш тартууну кабыл албайт. Тилекке каршы, көптөгөн адамдар ыдык көрсөтүүнү көңүл буруу же флирт деп эсептешет. Бирок флирт менен сексуалдык ыдык көрсөтүүнү айырмалай билүү керек.

Сексуалдык ыдык терс эмоцияларды жаратат жана бир тараптуу көрүнөт. Ал кемсинткен/басынткан мүнөзгө ээ. Бул каалабаган, мыйзамсыз иш-ракет, жеке мейкиндикке кол салуу, жабыркаган адамдын өзүн-өзү сыйлоо сезимин төмөндөтүү мүмкүндүгүнө алып келет. Ал эми флирт, тескерисинче, позитивдүү эмоцияларды, жагымдуу окуяларды жаратат, анткени ал өз ара кызыкчылыкка жана жеке чектерди сактоого негизделген. Сезимдерди башкаруу менен эки тараптын тең өзүн-өзү сыйлоосуна оң таасирин тийгизген көрүнүш.

## Тиркеме №1

# Онлайн викторина үчүн болжолдуу суроолор

1. **Харассмент деген эмне?**
   A. Бул сексуалдык гана ыдык
   B. Бул жеке чектерди жана субординацияны бузуу, кордоо, кемсинтүү жана жеке жашоонун кол тийбестигине кол салуу.
   C. Билбейм

2. **БУУнун алдындагы Эл аралык эмгек уюму кайсы жылы харассментке каршы Конвенцияны кабыл алган?**
   A. 2019
   B. 2017
   C. 2020

3. **Харассмент кайда болушу мүмкүн?**
   A. Жумуш ордунда гана
   B. Белгилүү жерлер менен чектелбейт
   C. Үйдө гана

4. **Адам харассментке кабылды дейли. Качан аны ачык айтууга кеч эмес деп эсептелет?**
   A. Окуя болгондон кийин дароо айтуу керек
   B. Бир нече жылдан кийин да айтууга болот
   C. Бул жөнүндө жарыялоонун кажети жок

5. **Бул жылдыздардын кайсынысы харассмент үчүн айыпталган эмес?**
   A. Станислав Говорухин
   B. Марайя Кэрри
   C. Владимир Жириновский
   D. Бенедикт Камбербэтч

6. **Абьюзмент харассменттен эмнеси менен айырмаланат?**
   A. Эч нерсеси менен
   B. Абьюзмент өнөктөштөргө жана үй-бүлө мүчөлөрүнө гана тиешелүү, ал эми харассмент көбүнчө тааныш эмес адамдардын ортосунда, мисалы, жамаатта болот
   C. Харассмент-бул адамды кодулоо, ал эми абьюзмент – бул физикалык зомбулук

7. **Булинг харассменттен эмнеси менен айырмаланат?**
   A. Эч нерсеси менен
   B. Буллинг харассментте да, абьюзментте да орун табат.
   C. Буллинг – бул адамды кодулоо. Харассмент-бул ыдык көрсөтүү.

8. **Флирт ыдык көрсөтүүдөн эмнеси менен айырмаланат?**
   A. Эч нерсеси менен
   B. Флирт – бул өз ара тартылуу окуясы, ал эми ыдык – байланышка мажбурлоо
   C. Флирт – бул эки адамдын бири-бирин жактыруу сезими, ал эми ыдык – бир адамдын бир тараптуу жактыруусу.

Тесттин ачкычы.
1. B. 2. A. 3. B. 4. B. 5. D. 6. B. 7. C. 8. B.

# I бөлүм боюнча студенттердин өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар

1. «Таяныч» жеке кесиптик бирлик уюмунун изилдөөсүнүн жыйынтыгын иликтөө жана ага карата презентация даярдоо. https://rus.azattyk.org/a/27234709.html
2. Үй-бүлө мүчөлөрү/жакын адамдар менен GALS «Бактылуу үй-бүлө дарагы» ыкмасынын негизинде иш алып баруу.
3. Аялдардын өлкөнүн саясатына катышуусуна талдоо жүргүзүү.
4. «Аялдарга карата болгон басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу жөнүндөгү конвенция» документинин пайда болушунун тарыхы менен таанышуу.
5. Үй-бүлө мүчөлөрү /жакын адамдар менен GALS «Бактылуу үй-бүлө бриллианты» ыкмасынын негизинде иш алып баруу.
6. Расмий үй-бүлөлүк зомбулуктун статистикасы менен таанышыуу жана инфографика даярдоо.
7. 2017-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын жаңы редакциясын изилдеп чыгуу жана жаңы өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө айтып берүү.
8. «Менин бактылуу үй-бүлөм» деген темада эссе жазуу.

# «Гендерге киришүү» I бөлүм боюнча кирүү жана чыгуу тесттери

1. **«Гендер» .... түшүнүгү менен байланышат.**
   A. Социалдашуу
   B. Жыныс
   C. Демократизация
   D. Билбейм.

2. **«Аялдарга карата болгон басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндөгү конвенция» ..... тарабынан кабыл алынган.**
   A. 1975-жылы Европа Кеңеши
   B. 1979-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы
   C. 1956-жылы Европа Кеңешинин Парламенттик ассамблеясы
   D. Билбейм.

3. **Үй иштерине ким көп көңүл бурушу керек?**
   A. Эркек
   B. Аял
   C. Бул жалпы жоопкерчилик болуш керек
   D. Билбейм

4. **Силердин оюңар боюнча чыр-чатак, үй-бүлөдөгү зомбулукту болтурбоо үчүн төмөндөгү иш-аракеттердин кайсынысы туура?**
   A. Үй-бүлө башчысын – эркекти угуу, ага каршы чыкпоо
   B. Аял унчукпай койгону жакшы
   C. Бир чечимди бардык үй-бүлө мүчөлөрү талкуулап, чогуу кабыл алышат, түшүнбөстүктөр болсо, бири-бирине жардам беришет
   D. Билбейм

5. **Көптөгөн патриархаттык мифтер, анын ичинде аялдар тарабынан дагы жайылып жатат. Ички мизогиния .....маселесинде ачык байкалат.**
   A. Сырткы көрүнүштүн чечүүчү күчү
   B. Энеликтин биринчилиги
   C. Аялдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн баалоо
   D. Билбейм.

**6. Сиздин оюңуз боюнча, эмне үчүн саясатта аялдар аз?**

A. Анткени аялдар отуз жашында балалуу болуп калышат
B. Анткени эркектер лидерликке жана саясатка табигый жактан ыңгайлуу
C. Анткени көпчүлүк шайлоочулар сексисттер, алар бийликтеги аялдарды колдошпойт. Аялдар көптөгөн кысымдарга туш болушат
D. Билбейм.

**7. Белгилүү болгондой, жумуш берүүчүлөр жаш энелерди жана кош бойлуу аялдарды басмырлаган учурлар аз эмес. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы басмырлоодон коргойт?**

A. Көп балалуу болгондо
B. Бир жерде көп убакыт иштөө
C. Жалгыз бой эне деген статус
D. Билбейм

**8. Силердин оюңар боюнча, эмне үчүн эмгек акыда гендердик ажырым бар?**

A. Анткени аялдар квалификациясы аз жумушчулар деп эсептелет, ал эми алар жасаган иш – анча баалуу эмес
B. Компанияларда жетектөөчү кызматтарга квалификациялуу аялдар жетишпейт же аялдар жогорку билим алууга кызыгышпайт
C. Ажырым жок: эмгек акынын төлөнүшүндөгү ажырымдын болушу – аялдар өздөрү төмөнкү маяналуу жумуштарды тандашат
D. Билбейм.

**9. Кандай жагдайлар харассментти сыпатайт?**

*1. Жетекчи иш күнү эмес убакта телефон чалып формалдык эмес жагдайда жолугууга чакырат. Бул сизге жакпайт.*
*2. Эркек киши көчөдөн кетип бара жаткан аялдын артынын ышкырды*

A. Жагдай 1
B. Жагдай 2
C. Жагдай 1 жана 2
D. Билбейм

10. **Аялдар кайсы жерден көбүнчө сексуалдык ыдык көрсөтүүгө кабылышат?**
    A. Мамлекеттик мекемелерде
    B. Коомдук жайларда
    C. Мындай маалыматтар жок
    D. Билбейм.

**Тесттин жооптору.**
1. A. 2. B. 3. C. 4. C. 5. B. 6. C. 7. B. 8. A. 9. C. 10. A.

# II Бөлүм. Гендердик-сезимтал журналистика

## Лекция 4. Максаттуу аудиторияны аныктоодо эмпатиянын ролу

4.1. Эмпатия түшүнүгү

4.2. Максаттуу аудиторияны сегментациялоо

> *Предметтердин интеграциясы*

Маданият таануу, социология, психология, педагогика, социалдык педагогика, лингвистика.

> *Негизги сөздөр*

Эмпатия, эмпатия картасы, максаттуу аудитория, максаттуу аудиториянын сегментациясы.

> *Сабактын максаты*

***Когнитивдик максаты:*** студенттердин медианын максаттуу аудиториясына карата эмпатиялык сезимин калыптандыруу.

> *Узактыгы: 90 мүнөт*

> *Сабактын формасы: лекция*

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлгүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Эмпатия түшүнүгү | 20 мүнөт | Студенттер эмпатияга аныктама беришет | Мээге чабуул<br>Презентациясы менен чакан лекция |
| 2-кадам | Эмпатия картасы | 20 мүнөт | Студенттер максаттуу аудиториянын муктаждыктарын жакшы түшүнүү үчүн эмпатия картасын колдонушат | Видеоролик көрсөтүү<br>Чакан топтор менен иштөө |
| 3-кадам | Максаттуу аудиториянын сегментациясы | 50 мүнөт | Студенттер максаттуу аудиториянын сегменттеринин өзгөчөлүктөрүн аныктайт | Презентациясы менен өркүндөтүлгөн чакан лекция |

# 4.1. Эмпатия түшүнүгү

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Мээге чабуул

Сабактын башында мугалим «Эмпатия» сөзүн кандай түшүнөсүңөр?» деген суроо берүү менен мээге чабуул уюштурат. Студенттердин бардык жооптору кабыл алынат, мугалим жоопторго баа жана комментарий бербейт, бирок чакан лекция учурунда аларга таянуу үчүн ар кандай мүнөздөмөлөрдү жазат.

### Чакан лекция

Мугалим алдын ала даярдалган «Эмпатия деген эмне жана анын журналисттердин ишиндеги ролу кандай?» деген темадагы презентацияны колдонуп, чакан лекция өткөрөт.

### Видеоролик көрүү жана аны талкуулоо

Мугалим сутденттерге «Жаңы баштагандар үчүн журналистиканын сырлары. Максаттуу аудитория» аттуу видеороликти көрсөтүп, талкуу уюштурат. Видеороликтин шилтемеси бул жерде: https://www.youtube.com/watch?v=H5ETdD_EQjk

### Көнүгүү 1. Эмпатия картасы

Көнүгүүнүн максаты — студенттерге эмпатия картасы кандай түзүлөрү көрсөтүлөт.

Мугалим эмпатия картасын көрсөтүп, студенттерди майда топторго бөлүштүрүп, картаны төмөнкү нускаманын негизинде толтурууну сунуштайт.

# Эмпатия картасын толтуруу боюнча нускама

1. Кагаз бетине төрт бөлүктөн турган торчо тартып, алардын ар бирине «сүйлөйт», «ойлонот», «сезет» жана «жасайт» деп жазгыла.
2. Ортосуна силердин колдонуучунардын сүрөтүн тартып, ага ысым бергиле, ал адам жөнүндө кыскача жазгыла.
3. Бөлүнгүлө: команданын ар бир мүчөсү стикерге бир байкаган нерсесин жазып, тиешелүү бөлүккө чаптап койсун.
4. Талаштуу ойлорду (суроолорду, кемчиликтерди) байкагыла, аларды кийин изилдөөгө жана тактоого калтыргыла.
5. Байкоолорду чогуу талкуулагыла жана боштуктарды толтургула.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

**Эмпа́тия** (грек. ἐν — «в» + грек. πάθος — «коркунуч», «кайгыруу», «сезим», «сезимталдык») — башка бир адамдын эмоциялык абалын аң-сезимдүү түрдө түшүнүү. Демек, **эмпат**-бул эмпатия жөндөмү өнүккөн адам. Эмпатиянын негизи-байкоо. Мында адам карым-катышта болгон объектиге гана байкоо жүргүзбөстөн, мындай карым-катыштын контекстине да байкоо жүргүзөт.

Эмпатия – «өзүн башка адамдын ордуна коюу» же «жагдайды башка адамдын көзү менен кароо» жөндөмү. Бирөөгө карата эмпатия сезими – бул өзүңүздү ушул адам катары элестетүү жана анын абалын, сезимдерин, мотивдерин түшүнүү дегенди билдирет. Журналист үчүн максаттуу аудиторияга эмпатия кылуу – өзүн башка адам менен окшоштуруп, кырдаалга анын көз карашы менен кароо болуп саналат. Эмпатия менен симпатияны чаташтырбаш керек: биринчиси эч кандай симпатияны билдирбейт. Демек, эмпатияны башка бирөөнүн көз карашын урматтоо менен түшүнүү катары мүнөздөөгө болот.

Эмпатия картасы — бул максаттуу аудиториянын түрүн атайын карта катары чагылдырган, анын терең мүнөздөмөлөрүн: муктаждыктарын, мотивдерин, баалуулуктарын, көйгөйлөрүн ж.б. визуалдаштырган жөнөкөй сүрөт. Бул ыкманы ар дайым -иштин башында да, жумуш процессинин ортосунда да,  сизге керек болгон учурда фокусту колдонуучуга буруу үчүн дагы колдонсо болот.  Эмпатия картасы – авторго маалымат багытталган адамдарды түшүнүүгө жардам берген курал..

# 4.2. Максаттуу аудиторияны сегментациялоо

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Өркүндөтүлгөн чакан лекция

Мугалим «Жамааттык медиа» веб-сайтын (шилтеме: www.kyrgyzmedia.kg) көрсөтөт жана материалды берүү өзгөчөлүктөрүнө түшүндүрмө берет. Андан кийин төмөнкүдөй кадамдардан турган өркүндөтүлгөн чакан лекция өткөрөт:


1) максаттуу аудиториянын белгилүү бир сегментин көрсөтүү;
2) студенттер менен бул максаттуу аудиториянын сегментине эмне сунуштоого болорун талкуулоо;
3) туура жоопту демонстрация кылуу;
4) аталган максаттуу аудиториянын сегментинин өзгөчөлүгүн ачып берген суроолор боюнча 2 жана 3-кадамдарды кайталоо.

Убакытка жана аудиториянын потенциалына жараша мугалим 1–2 мисал келтирет.

# Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

## Сүрөт 4.2.1. Сегмент 1. "Айдай"

Бул Айдай. Ал 16 жашта. Айылдык мектепте 9-класста окуйт.



Орус жана англис тилдерин үйрөнгүсү келет. Бирок азырынча келечекте кайсы кесиптин ээси болорун билбейт. Айдай үчүн мектептеги окутуу жетиштүү эместей сезилет. Мектепти бүткөндөн кийин шаарга келип окуусун улантууда алган билимдери жетишсиз болуп, **тилдик көйгөйлөр жаралышы** мүмкүн деп ойлойт.

**Биз ага эмне сунуштай алабыз?**

- Чет тилин билүү деңгээлин текшерүү үчүн онлайн тесттер;
- чет тилин өркүндөтүү үчүн акысыз куралдар;
- ишенимин ойготуу (ийгиликтүү окуялар аркылуу);
- кесипке багыттоочу материалдар;
- окуусун улантуу үчүн ЖОЖдордун, колледждердин даректери.

**Анын кандай мүмкүнчүлүктөрү бар?**

- Анын жаңы моделдеги смартфону бар;
- интернеттик байланышы бар;
- Instagram, WhatsApp ж.б. социалдык медианы жана мессенджерлерди колдонот;
- смартфонду колдонгонду жакшы билет;
- 20:00 дөн 22:00гө чейин бош убактысы бар.

**Кандай чектөөлөр бар?**

- Онлайн чет тил курстары;
- кесипти кантип туура тандоо;
- жакынкы 10 жылдыкта кандай кесипке талап күчтүү болот;
- Бишкектеги университеттер жана институттар ;
- бюджеттик окууга кантип тапшыруу керек;
- ЖРТга даярдануу;
- айылдан чыккан ийгиликтүү студенттер жана жаштар.

**Анын талаптары кандай?**

- Кыскача материалдар (узун макалаларды окуганды жактырбайт);
- мультимедиалык материал;
- тесттер;
- Instagram кыскача окуялардагы (сториздер) темаларына шилтемелер аркылуу сайтка кирүү мүмкүнчүлүгү;
- телефонга тартып алып дайыма карап турууга жана калссташтары менен бөлүшүүгө мүмкүн болгон карточка түрүндөгү маалыматтар;
- инстаграмдагы ийгиликтүү окуялар, сайтка кирүү үчүн шилтемелер.

**Кандай платформаларды сунуштоого болот?**

Instagram, WhatsApp, билдирүүлөр, Кыргызстандын ЖОЖдорунун сайттарынын шилтемелери.

Сүрөт 4.2.2. Сегмент 2. "Бурул"

Бурул, 31 жашта. Үй-бүлөлүү, үч баласы бар, Арашан айылында жашайт..



Бурулдун үй-бүлөсүндө киреше жана чыгаша эсептелинбейт. Ушуга байланыштуу акчанын жетишпегендигинен улам ар кандай келишпестиктер болуп турат.

Бурул балдарына бир аз акча берип турат, бирок балдары акчаны керексиз нерселерге жумшап салышкандыктан балдарын урушат. Ошону менен бирге айылда дайыма майрамдар, тойлор, юбилейлер өтүп турат. Албетте той ээлерине ак-

чалай кошумча бериш керек. Булардын бардыгы – алдын ала пландалбаган чыгымдар болуп саналат. Натыйжада акчаны кайдан табабыз деген уруш-талаштар чыгат.

Бурул досторунан, туугандарынан, кошуналарынан карызга акча алат. Бирок алардан дайыма эле карыз алган ыңгайсыз болгондуктан, сүткорлорго кайрылууга туура келет. Ал эми үйдүн ремонту үчүн, мүлк же чоң буюм сатып алуу сыяктуу чоң муктаждыктар үчүн акча керек болсо банктан ай сайын пайыздык төлөмү менен насыя алат. Кээде пландалбаган чыгымдардын айынын насыянын пайызын төлөгөнгө акча жетпей да калат. Мындай учурда Бурул зер буюмдарын убактылуу ломбардка коёт. Бул көрүнүш бат-баттан кайталанып турат. Бурул дайыма стресс абалда жашап, көйгөйлөрү улам көбөйүп жатканын ойлоп сарсанаа болот.

Бурулдун окуясы — негативдүү каржылык жүрүм-турумдун айкын мисалы.

**Биз ага эмне сунуштай алабыз?**

- Билим берүү материалдары;
- каржылык сабаттуулук боюнча билим;
- жеке, үй-бүлөлүк, персоналдык бюджет түзүү боюнча билим;
- портреттик материал;
- эксперттердин (улуу адамдардын, финансисттердин, тапканы аз болсо да карызы жок жашаган конкреттүү бир адамдын)кеңеши;
- мультимедиялык материалдар.

**Анын кандай мүмкунчүлүктөрү бар?**

- Анын өзүнүн жеке смартфону бар;
- интернетке кечинде жарым саат жана эртең менен жарым саат кирет;
- Instagram, WhatsApp колдонот, бир нече WhatsApp -тайпаларда катталган.

**Аны эмне кызыктырат?**

- Балдарды тарбиялоо;
- акча үнөмдөө;
- үй-бүлөлүк бюджетти жүргүзүү;
- кошумча акча табуу.

**Анын талаптары кандай?**

- Instagram жана WhatsApp аркылуу билдирүү берүү;
- жөнөкөй жана кыска билдирүүлөр;
- бир билдирүүдө бир канча тема болгону;
- иллюстрациялардын кереги жок.

**Кандай чектөөлөр бар?**

Бир күндө

- 2 практикалык материал;
- шыктандыруу жана өзүн өзү өнүктүрүү боюнча 1 материал.

# ФАКТЫЛАР

1) Дизайндык ой жүгүртүү идеясын биринчи жолу Герберт Саймон 1969-жылы «Жасалмалуулук жөнүндөгү илим» (The Sciences of the Artificial) китебинде колдонгон. Кийин бул идеяны Стэнфорд университетинин окумуштуулары өнүктүрүп, дизайндык ой жүгүртүү идеясын ишке ашырган Стэнфорд дизайн институтун түзүшкөн.

2) Сервис-дизайн (клиентттик тажрыйбаны башкаруу системасы катары) жана дизайндык ой жүгүртүү (ыкма катары) Apple жана  P&G компаниялары тарабынан мурдатан бери эле активдүү колдонулуп келе жатат. Бир канча жыл мурда буларга орусиялык компаниялар да баа беришкен.

3) Харпер Линин «Шылдыңкорду өлтүрүү» романында «Адамды анын көз карашына кирмейинче түшүнбөйсүң. Ал адамдын терисине кирип, анын ичинде жүрүш керек» деген фразасы бар.

4) Нейропсихологдордун маалыматы боюнча адамдардын 98% эмпатия жөндөмүнө тубаса ээ болушат, б.а., башкалардын ордуна өздөрүн коё алышат жана дүйнөнү бирөөнүн көзү менен карай алышат. Тилекке каршы, күнүмдүк турмушта көпчүлүгүбүз бул эмпатикалык аппаратты толук кандуу иштетпейбиз.. Ошондуктан адам өзүнүн эмпатияга карата жөндөмүн баалап алганы жакшы. Нейропсихолог Саймон Барон-Коэн «Адам жүзүнөн эмоцияны окуу» тестин иштеп чыккан. Изилдөөнүн катышуучусуна 36 көздүн сүрөтүн көрсөтүшөт жана ар бирине төрт эмоциялык абалдын тизмесин тиркешет. Катышуучу эң ылайыктуу келген эмоциялык абалды тандап алышы керек. Тесттин орточо жыйынтыгы — 26/36 болгон. Бул көпчүлүк адамдар жакшылап аракет кылса башка бирөөнүн эмоциясын түшүнө алат дегенди билдирет. Бирок мыктылыктын чеги жок: эмпатия жөндөмүн өнүктүргөн бир катар техникалар бар[14].

14 Татевосов Г. Можно ли научиться эмпатии? : статья на веб-сайте журнала Psychologies (Психолоджис). // URL: https://www.psychologies.ru/standpoint/mojno-li-nauchitsya-empatii/

ФАКТЫЛАР

# БУЛАКТАР

1. *Арутюнян М. Ю.* Гендерные отношения в семье // Материалы Первой Российской школы по женским и гендерным исследованиям «Валдай–96». – М.: МЦГИ, 1997. С. 136– 141.

2. *Прохоров Е.П.* Введение в теорию журналистики. – М: Рип-холдинг, 1998

3. *Старцева П.* Что такое дизайн-мышление и когда оно нужно: статья на веб-сайте Skillbox. // URL: https://skillbox.ru/media/design/chto_takoe_dizayn_myshlenie/

4. *Уэприн М.* Дизайн-мышление: карты эмпатии: статья на веб-сайте Ais blog. // URL: https://aicblog.medium.com/дизайн-мышление-карты-эмпатии-5dce0523032c

# Семинар 4. Эмпатия

## 4.1. Эмпатия, эмпатия картасы

## 4.2. Аудиторияны аныктоо принциптери

> ***Предметтердин интеграциясы***

Журналистиканын негиздери, педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, социология, маданият таануу, психология, саясат таануу, лингвистика, филология, медицина.

> ***Негизги сөздөр***

Аудитория, эмпатия, максаттуу аудитория.

> ***Сабактын максаты***

*Социалдык-эмоциялык максаты*

- Студенттер белгилүү бир максаттуу аудиториянын каалоосун жана сезимдерин сыпатташат;
- Студенттер белгилүү бир максаттуу аудиториянын адамдары дуушар болушу мүмкүн болгон кыйынчылыктарды сыпатташат.

*Жүрүм-турумдук максаты*

- Студенттер контет түзүү үчүн максаттуу аудиториянын өзгөчөлүктөрүн изилдөө зарылдыгын түшүндүрүшөт;
- Студенттер эмпатия картасын максаттуу аудиторияны изилдөө үчүн колдонот.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: семинар***

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Өзүнүн прототибин түзүү | 25 мүнөт | Студенттер өздөрүн анализдешет, өздөрүнүн күчтүү жактарын аныкташат | Жекече иш<br>Презентация<br>Талкуу |
| 2-кадам | Эмпатия | 15 мүнөт | Студенттер эмпатия деген эмне экенин жана анын контент түзүүдө кандай ролу бар экенин түшүндүрүшөт | Мээге чабуул<br>Презентация<br>Талкуу |
| 3-кадам | «Идеалдуу капчык» аттуу практикалык оюну | 25 мүнөт | Студенттер өзүнүн тажрыйбасында адамга багытталган контент деген эмне экенин түшүнүшөт. | Жекече иш<br>Чакан топтор менен иштөө<br>Талкуу |
| 4-кадам | Кейстер менен практикалык иш алып баруу | 25 мүнөт | Студенттер эмпатия картасын колдонуу менен максаттуу аудиториянын сегменттерин аныкташат. | Чакан топтор менен иштөө<br>Презентация |

# 4.1. Эмпатия, эмпатия картасы

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 1. Өзүнүн прототибин түзүү

Мугалим ар бир студентке А4 форматындагы кагаз таратат. Ал кагаздарга адамдын сөлөкөтүн тартыш керек. Бул студенттин прототиби. Ал сөлөкөттүн башына студент өзүнүн ысымын, бир колуна өзү сыймыктанган жөндөмүн, экинчи колуна – жашоодогу ураанын жазыш керек. Моюнуна болсо медаль тартып, аны эмне үчүн тakkанын жазып коёт. Бир бутуна өзүнүн үмүттөрүн, экинчисине – коркунучун жазат. Студенттер өздөрүнүн прототиптерин жалпы  аудиторияга көрсөтүшөт.

### Мээге чабуул

Мугалим студенттерден «*Эмпатия* сөзүн кандай түшүнөсүңөр?» деген суроо аркылуу мээге чабуул жасайт. Ошону менен бирге студенттерге өзүнүн пикирлерин айтууга, мисал келтирүүгө, ойлонууга түрткү бериш керек. Флипчартка ар кандай ой-пикирлерди жазып же берилген жоопторду оозеки талкуулоого болот.

Мугалим студенттердин аталган тема боюнча түшүнүктөрүн системалаштыруу үчүн  лекцияда берилген презентациянын слайддарын көрсөтсө болот. Талкуу учурунда контентти даярдоодо жана контенттин максатына жетүүдө эмпатиянын ролу кандай экендигин эскертүү керек.

## Көнүгүү 2 «Идеалдуу капычык»

Мугалим студенттерге өздөрүнө жаккан жана колдонууга ыңгайлуу болгон идеалдуу капчыкты элестетүүнү сунуштайт. Студенттер ошол элестеткен капчыктын эскизин тартышат, бирок бири-бирине көрсөтүшпөйт. Андан кийин студенттер экиден бөлүнүп 5 мүнөт ичинде экинчиси кандай капчыкты тартканын табуу максатында бири-бирине суроо беришет. Капчыктын формасы, көлөмү, түсү, функциясы, дизайны ж.б. жөнүндө сурап, алган жоопторун капчыктын эскизи тартылган кагазга жазышат.

Интервью бүткөндөн кийин студенттер капчыктын эскизин түзүп жатканда эмне жөнүндө ойлонгондугу жана ал эскиз өзүнүн каалоолорун чагылдырды беле же ошол капчыкты колдоно турган башка адамдардын каалоолору эске алынганбы деген суроолордун айланасында талкуу жүргүзүшөт.

Мугалим тапшырмада идеалдуу б.а, бардыгына ынгайлуу капчык жөнүндө сөз болуп жатканын эскертет. Андан кийин мугалим бул көнүгүүнү журналисттер менен иштөөгө байланыштырууну сунуштайт жана алар даярдаган ар бир контент максаттуу аудиториянын талаптарына жана каалоолоруна шайкеш келтириш керек деген жыйынтык чыгарууга көмөктөшөт. Талкуу учурунда 2-3 студенттен колдонуучудан интервью алгандан кийин жасаган ачылыштарын айтып берүүсүн суранса болот.

## Тыянактар

Журналисттин ишин аудиторияны аныктоо менен байланыштыруу маанилүү. Журналист контент ким үчүн, кандай максат менен даярдаганын жана ал аудиториянын кайсы талаптарын канааттандырат жана кайсы маселеге багытталганын билүүсү зарыл. Бул суроолорго жооп берүүдө эмнени көрөт?, эмнени сезет? эмнени угат? эмнеден коркот? анын кандай баалуулуктары, көйгөйлөрү бар? ысымы ким? жашы канчада? кайда жашайт? деген суроолорду камтыган «Эмпатия картасы» деген ыкма жардам берет. Аталган суроолор аркылуу журналисттер өздөрүнүн колдонуучуларын жана максатуу аудиториянын талаптарын тереңден биле алышат.

# 4.2. Аудиторияны аныктоо принциптери

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 3. Максаттуу аудиторияны баалоо

Студенттер 4 топко бөлүнүп иштешет. Мугалим ар бир топко даяр материалдардын шилтемесин берет. Топтор эмпатия картасынын суроолору аркылуу берилген контенттин максаттуу аудиториясын аныкташат.

**Материалдардын шилтемеси:**

1. Гид Kaktus. Бишкекте кыргыз тили курсу - 2022 (даректери, баасы). // URL: https://kaktus.media/doc/364093_gid_kaktus._kyrsy_kyrgyzskogo_iazyka_v_bishkeke_2022_adresa_stoimost.html
2. Кыргыз парламентаризминин тарыхы. Реформалар, жаңжалдар, таркатуу.// URL: https://24.kg/spetsproekty/91189_istoriya_kyirgyizskogo_parlamentarizma_reformyi_skandalyi_rospusk/
3. Кир суу-калк арасында оорулар. Гепатит А дарты таза суусу жок түштүк айылдарда көп кездешет.// URL: https://ru.kyrgyzmedia.kg/gryaznaya-voda-bolezni-u-naseleniya-gepatit-a-chashhe-vstrechaetsya-v-yuzhnyh-selah-gde-net-chistoj-vody/
4. Рактан кийинки жашоо. Рак дарты менен күрөшкөн аялдар жөнүндө даректүү тасма.// URL: https://kloop.kg/blog/2022/11/10/zhizn-posle-raka-dokumentalnyj-film-o-zhenshhinah-poborovshih-rak/

## Тыянактар

Маалыматтык саясатты ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн ар бир редакция өз аудиториясын такай изилдеп турушу керек. Аудиториянын практикалык багыттагы билими ал жөнүндө кеминде үч чөйрөсүнө тиешелүү маалыматтардан турат.

Биринчиден, бул социалдык-демографиялык маалымат (билим, кесип, жынысы, жашы, үй-бүлөлүк абалы, жашаган жери, ж.б. жөнүндө - адатта статистикалык маалыматтар белгиленет).

Экинчиден, бул аудиториянын массалык аң-сезиминин табияты жана абалы (көз караштары жана ишенимдери, максаттары жана умтулуулары жөнүндө, коомдук-саясий турмушка багыты, бийликке жана оппозицияга болгон мамилеси, партияларга, союздарга, бирикмелерге жана башка уюмдарга катышуусу жөнүндө маалымат ж.б).

Үчүнчүдөн, маалыматтык жүрүм-турум жөнүндө маалымат (үзгүлтүксүз алынган маалыматтын булактары, ар кандай басылмаларга жана программаларга болгон мамиле, кызыкчылыктар, суроо-талаптар, медиага кайрылуунун себептери, тигил же бул тематикалык катмарлардын артыкчылыктары, рубрикалар, чыгармачыл формалар, баяндоо мүнөзү, авторлор ж.б.у.с.).

# Лекция 5. Гендердик-сезимтал журналистика

## 5.1. Медиа продуктыларда гендердик-сезимтал ыкмаларды практикалык колдонуу

## 5.2. Визуалдык материалдарда гендердик-сезимтал ыкмаларды практикалык колдонуу

> ***Предметтердин интеграциясы***

Педагогика, социалдык педагогика, социология, маданият таануу, дата-журналистика, журналисттик иликтөө, фактчекинг, медиалык жана маалыматтык сабаттуулук, сынчыл ойлом.

> ***Негизги сөздөр***

Стереотип,  касташуу тили, гендердик баланс, сунуштар.

> ***Сабактын максаты***

***Когнитивдик максаты:*** Тексттерди жана контенттерди визуалдаштыруу үчүн гендердик сезимтал ыкмаларды колдонуу боюнча эрежелерди изилдөө.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: лекция***

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Колдонбой турган стереотиптик сөздөр | 30 мүнөт | Студенттер тексттерде колдонбой турган сөздөрдү жана сөз айкаштарын аташат | Презентациясы менен чакан лекция |
| 2-кадам | Визуалдаштыруу | 30 мүнөт | Студенттер контентти даярдоодо визуалдаштырууну кандай туура колдонуу керек экендигин түшүндүрүшөт | Презентациясы менен чакан лекция |
| 3-кадам | Макалалар үчүн сунуштар | 30 мүнөт | Студенттер ЖМКдагы гендердик сезимтал материалдарын табышат | Презентациясы менен чакан лекция |

# 5.1. Медиа продуктыларда гендердик-сезимтал ыкмаларды практикалык колдонуу

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

Мугалим «ЖМК тексттеринде гендердик-сезимтал ыкмаларынын практикалык жактан колдонулушу» деген темада презентацияны алдын ала даярдап, аны чакан лекцияда колдонот. Чакан лекцияны студенттерге «Гендердик-сезимтал журналист болуу деген сөздү кандай түшүнөсүнөр?» деген суроону берүү менен баштаса болот. Алынган жоопторду лекцинын мазмуну менен байлашынтыруу үчүн студенттердин 3-4 жообу жетиштүү болот.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Гендердик-сезимтал журналистика жөнүндөгү талкууда көпчүлүк учурда аялдарга басым жасалат. Бул көрүнүш медиапубликацияларда эркектерге көп көңүл бурулгандыгы менен шартталат. Бирок гендердик проблематика аялдардын да, эркектердин да кызыкчылыктарын камтыйт. Ошондук-

тан гендердик маселелерди талкуулоодо аялдардын да, эркектердин да кызыкчылыктарын эске алуу керек.

Кээ бир прогресстерге карабастан, журналистикада гендердик ыкманы практикалык жактан колдонуу, медиада гендердик маселени чагылдыруу дагы эле жетишсиз болуп саналат жана болгон жыйынтыктарга ой жүгүртүүнү жана мүмкүн болгон сунуштарды берүүнү талап кылат.

Гендердик-сезимтал журналистика дүйнөнүн жана анын мүмкүнчүлүктөрүнүн бурмаланган сүрөтүн чагылдыруу менен аял менен эркектин образын төмөндөтүүчү жана жөнөкөйлөтүүчү стереотиптерди сындайт. Гендердик стереотиптер аялдарга карата гендердик теңсиздикти, адилетсиздикти жана зомбулукту сактоого өбөлгө түзөт.

Стереотиптер тигил же бул жагдайлардан улам бийлик позициясынан чыгып калган эркектерге да зыян келтирет. Мисалы, сексуалдык зомбулукка кабылган эркектер гендердик стереотиптердин айынан улам  жардам сурап кайрылышпайт. Эгер кайрылышса да жардам алышпайт, анткени медицина кызматкерлери жана юристтер аларга ишенишпейт.

- Ачык же тымызын стереотиптерди колдонбогула  жана күчөтпөгүлө.
- Аялдар менен эркектер бир тектүү эки топ эмес экенин унутпаңыз; алар башка көптөгөн факторлор менен айырмаланат, анын ичинде расасы,  улуту, социалдык-экономикалык абалы жана ушул сыяктуулар бар.
- Гендердик көз карашты көрсөткөн же гендердик стереотиптерди көздөгөн сөздөрдөн алыс болуңуз (мисалы, «эркек логикасы», «аялдардын бактысы», «аялдын/аялдыкы эмес жумуш,  эркектин/эркектики эмес жумуш»).
- Гендердик тилди колдонуңуз:
  - эгерде контексттик жактан адамдын жынысы мааниге ээ болбосо, гендердик нейтралдуу формаларды колдонгула (мисалы, жалпы зат атоочтор: «жаштар», «кызматкерлер», «коомчулук»; жекеликтин ордуна көптүк санды: «талапкерлер керек», «ар бир адамга керек»);
  - аялдардын кесиптерин жана социалдык абалын көрсөтүү үчүн

феминитивдерди колдонгула. Эгерде аялдардын катышуусун баса белгилөө зарыл болсо (мисалы, «лидер айым», «журналист айым», «жазуучу айым», «иммигрант айым»), тиешелүү гендердик көрсөткүчтөрдү колдонуш керек же текстте жынысын кошо берип койсо болот (мисалы, «тынчтыкты сактоо миссиясында аскер аялдарынын болушу»). Көп колдонулган феминитивдер: депутат айым, машыктыруучу айым, блогер айым, милиционер айым, директор айым ж.б.;

- адамдын сырткы келбеттин, жаш курагын, үй-бүлөлүк абалын зарыл болгон учурда гана колдонгула жана мындай сыпаттамаларды эркектерге да, аялдарга да бирдей бергиле;
- аялдарды курмандык катары эмес, жабырлануучу катары көрсөткүлө.

# Гендердик стереотиптерди колдонуунун мисалдары

- ***Интервьюдагы каарман аялдын «көңүлүн» социалдык маселелерге стереотиптүү буруу***

  Бала бакча, ФАП, оорукана, таза суу, эрте никеге туруу (ушул спектр менен чектелген суроо-жооптор). Мисалы, мен айылдык кеңеште мүмкүн болушунча бизге тиешелүү маселелерди көтөрөм.

- ***Аялдардын үй-бүлөдөгү ролун анын негизги максаты, билим булагы катары таануу***

  Мен эне катары бул көйгөйдү (бала бакча жетишпестигин) жакшы билем. Шайлоодон кийин көптөгөн аял талапкерлер эл алардын ком-

петенттүүлүгүнө ишенбей турганын белгилеп, кыйынчылыктар аларды коркутпай турганын жана депутаттын үй жумуштары менен түздөн-түз милдеттерин оңой эле айкалыштыра турганын кошумчалады.

- ***Аялдардын ишине ишенбөө, алардын мүмкүнчүлүктөрүн төмөндөтүү***

  Элдердин ишенбегенине карабай, шайлоодо аял талапкерлер көп добуш алышты.

- ***Социалдык статусту аныктоодо жынысты гана атап коюу менен аялдардын статусун төмөндөтүү***

  Айылдык кеңештин айымдары ушул маселени иштеп чыгыш керек (депутат аялдар тууралуу  публикация).

# Коннотативдик маанидеги терминдер

Коннотация — сөздөрдүн ачык эмоциялык боёкчого ээ болгон кошумча ассоциациялык мааниси.  Бул термин латын тилиндеги con — «чогуу» жана noto — «аныктайм» деген сөздөрдөн келип чыккан[15]. Мисалы: *Эркек экен. Аялдай назик. Эркектерден кем эмес. Аялдай ажаан. Катын экенсиң.*

Жек көрүү риторикасы көбүнчө объективдүү, бирок кээ бир адамар үчүн мазмуну жагынан кемсинтүү  маанисиндеги стереотиптер аркылуу ишке ашат.

Касташуу тили — массалык маалымат каражаттарындагы белгилүү расадагы, этникалык топтогу, диндеги, жыныстагы жана социалдык топтогу адамдарга карата терс, басынткан сөздөрдү жана сүрөттөрдү камтыган визуалдык контенттин формасы.  Касташуу тили  *коломто ээси, үйдүн башчысы, кожоюн, күкүк апа, эркекече сүйлөшүү, эркекче чечүү, эркек да* деген сыяктуу стереотиптерге, басмырлоого жана жаңылышууга негизделет.

15 Справочник писателя // URL: https://avtoram.com/konnotatziya/

# Кастык тилин медиада колдонуунун мисалдары

(2019-жылдын май айында Factcheck.kg порталы жарыялаган BBC Кыргыз кызматынын жана Sputnik.kg материалдарын сындаган публикация)[16]

- BBC Кыргыз кызматынын «Орусияда кыргызстандык мигрант кыз-келиндер таштап кеткен алты баланы Кыргызстанга алып келишти. Учурда балдарын таштап кеткендердин ата-эне, туугандары изделүүдө» деген сюжети чыккан. Сюжеттин аталышында аталышта аялдар гана айыпталып, эркектер айтылган эмес. Сюжет материалында эркектердин жоопкерчилиги жөнүндө бир гана жолу эскерилет, ал эми «баласын таштаган эне аял» эки мүнөттүк видеодо беш жолу эскерилет. Ошону менен бирге аялдар балдарын төрөт үйлөрүндө таштап жатып өздөрү жөнүндө маалымат бергендери, балдарын таштап жаткан себептери жөнүндө айтылбайт.
- Sputnik.kg сайтына жарыяланган рубрикада турмушка чыга турган кыздарга кеңештер берилген, анда социалдык стигмалар, алсыз келиндин образын түзгөн стереотиптик мамилелер, үй кызматчысы кызматындагы аялдар камтылган. Рубрикада булактар же шилтемелер көрсөтүлбөйт, автордун пикири менен фактылар бири-биринен ажыратылган эмес. Мындай учурда каада-салттарга кайрылуу манипуляциялык мүнөзгө ээ жана гендердик стереотиптерди колдогон материалдарды жазууну актабайт.

16 Ибраева Г, Торалиева Г. Руководство по гендерно-чувствительному освещению событий и противодействию пропаганде экстремизма через медиаграмотность. // URL: https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2020-08/Учебник_0.pdf

- РСЕ/РС «Азаттык» Кыргыз кызматынын (2019-жылдын 28-майында жарыяланган) «В Бишкек из Москвы доставили брошенных гражданками КР младенцев» деген аталыштагы макаласын социалдык тармактарда сынга алышкан. Макаланын аталышы кийинчерээк нейтралдуу аталышка өзгөртүлгөнүнө карабастан («В Бишкек из Москвы доставили брошенных кыргызстанцами младенцев») баш сөздүн биринчи сүйлөмүндө ошол эле текст сакталып калган: «В Бишкек из Москвы доставили брошенных гражданками КР младенцев». Бул макалада балдарды «таштап кетти» деген энелерди айыптоо ачык сезилип, материалда балдардын аталары тууралуу эч кандай сөз жок, аялдардын чет жерде жүргөндө балдарын бага албай жатканына эч кандай себептер жана сунуштар көсөтүлгөн эмес.
- Гендердик стереотиптер көбүнчө клишелер жана туруктуу тилдик сөз түрмөктөрү аркылуу ишке ашат. Ошондуктан, айрыкча аял киши жөнүндө сөз болгондо жыныстык мүнөздөгү универсалдуу сөздөрдү колдонуудан алыс болуу керек. Мындай учурда сөздөрдүн көптүк формаларын колдонсо болот (5.1.1. таблицаны караңыз).

### Таблица 5.1.1. Гендердик калпыстык жана гендердик тең салмактуу текст

| Гендердик калпыстык текст | Гендердик тең салмактуу текст |
|---|---|
| Ар бир кызматкер чечим кабыл алууга катышса, үзүрлүү иштейт | Кызматкерлер чечим кабыл алууга катышса, алар үзүрлүү иштешет |
| Өз оюн кыска, жөнөкөй жол менен бере алган кызматкерди угуңуз | Өз оюн кыска, жөнөкөй жол менен бере алган кызматкерлерди угуңуз |
| Урматтуу энелер, балдарыңар колун дайыма жакшылап жуушсун! | Урматтуу ата-энелер жана үй-бүлө мүчөлөрү, балдарыңар колун дайыма жакшылап жуушсун! |

- Коннотацияга ээ болгон сөздөрдөн баш тартыңыз. Коннотациялар сөздүн эмоционалдык же баалоочу өңдөрүн билдирүүгө жана коомдун маданий салттарын чагылдырууга арналган. Көбүнчө коннотациялар гендердик стереотиптерди камтыйт.
- Материалдардын каармандарынын кесиптик же социалдык таандыктыгын билдирген феминитивдерди колдонуңуз: «Эгер студент кыз, студент бала жакшы окуса, ал ийгиликке жетет», «жогорку квалификациялуу  пианист мырза/писанист айым». Бирок муну жасоодо, четке кагуучу нюанстарга ээ болгон феминитивдерден алыс болуңуз (мисалы, «докторша»).

# 5.2. Визуалдык материалдарда гендердик-сезимтал ыкмаларды практикалык колдонуу

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

Мугалим 5.2.1. таблицада «Гендердик стереотиптердин иллюстрациясы» деген аталышта берилген жагдайлардын бирин сүрөттөйт жана студенттерди коомдо бул жөнүндө адатта эмне айтылаарын аныктоого чакырат. Балким, жооптор таблицадагы мисалдарды тастыктаган гендердик стереотиптерди камтышы мүмкүн. Андан кийин мугалим презентацияны көрсөтүүгө жана чакан лекцияны өткөрүүгө өтө берсе болот.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Таблица 5.2.1. Гендердик стереотиптердин иллюстрациясы

| | |
|---|---|
| Эркектин иш столунда үй-бүлөлүк фото турса, демек ал — ишенимдүү, кадырлуу эркек | Аялдын иш столунда үй-бүлөлүк фото турса, демек ал үчүн үй-бүлө иштен да өйдө турат |
| Эркектин иш столунда үйүлгөн кагаз жатса: анын иши көп жана тырышчаак | Аялдын иш столунда үйүлгөн кагаз жатса: анын ирети жок жана оюу чачкынды |

| | |
|---|---|
| Эркек кесиптештери менен сүйлөшүп жатат: ал жумушту талкуулап жатат | Аял кесиптештери менен сүйлөшүп жатат: ушакташып жатат |
| Эркек жумуш ордунда жок: ал чогулушта | Аял жумуш ордунда жок: күзгүнүн алдында жасанып жатат |
| Эркек кеңседе эмес: кардарлар менен жолугуп жүрөт | Аял кеңседе жок: дүкөнгө кетти |
| Эркек шефи менен тамак ичип жатат: бул — карьерасы үчүн жакшы. | Аял шефи менен тамактанып жатат: алардын ортосунда бирдеме бар |
| Эркекке адилетсиз мамиле кылышты: анын ачуусу келдиби? | Аялга адилетсиз мамиле кылышты: ал ыйладыбы? |
| Эркек иш боюнча сапарда: бул — анын карьерасы үчүн жакшы | Аял иш боюнча сапарда: күйөөсү эмне дейт? |
| Эркек жумуштан эрте суранып чыгып балдарын алганы кетти — камкор ата | Аял балдарын алыш үчүн жумуштан эрте суранып кетти — жоопкерчиликсиз |

Гендердик теңчиликке жетишүүдө коомдун абалынын эң сезимтал индикатору катары медиага өзгөчө роль берилет. Басма жана электрондук медиа, ошондой эле жарнак материалдарына ар кандай мезгилде жүргүзүлгөн талдоодо бир жагынан патриархалдык баалуулуктардын өсүшү, экинчи жагынан, бардык медиада аялдардын образын сексуалдык жана коммерциялаштыруу сыяктуу парадоксалдуу тенденциялар аныкталган. Аялдардын стереотиптик образы жана гендердик ролдор өзгөчө жарнамалык жана коммерциялык маалыматка мүнөздүү.

Массалык медиа маалымат мейкиндигиндеги аялдардын жашоосу поляризацияланган жана нике, эне болуу, сулуулук жана сексуалдуулуктун ортосунда жайгашкан.Изилдөөлөр медианын «аялдардын» маргиналдашуусуна – аялдардын кылмыштуулугу, аракечтик, сойкулук иштерине көбүрөөк кызыкканын аныктады. Эркектерге келсек, азыркы медиа мейкиндиги салттуу түрдө аларды карьерага, акча табууга багыттайт, ал эми камкор ата сыяктуу образдарын четке кагат.

Азыркы дүйнөдө аялдардын жана эркектердин социалдык ролу, алардын турмуштук пландары, кызыкчылыктары жана артыкчылыктары өзгөрдү. Бирок, жаңы позитивдүү образдар жана жүрүм-турум үлгүлөрү медиа жана жарнамада сейрек кездешет.

Эркектер менен аялдардын салттуу ролдоруна көңүл буруунун себептери-

нин бири — массалык коммуникация тармагында иштеген адистердин гендердик билиминин жетишсиздиги. Гендердик стереотиптердин жайылышы өлкөдө гендердик саясатты жана демократиялык реформаларды ишке ашырууда олуттуу тоскоолдук болуп калышы мүмкүн. Медиа гендердик сезимтал коомдук аң-сезимди калыптандырууда активдүү өнөктөш болууга тийиш. Азыркы журналистиканын милдети — гендердик стереотиптерди колдонуудан качуу, эскирген анахронизм-стереотиптерди бузуу, алардын келип чыгышын иликтөө, журналисттик иште гендердик стереотиптердин мазмунуна жана колдонулушуна баа берүү көндүмдөрүн калыптандыруу, ошондой эле өлкөнү жана доорду мүнөздөгөн жаңы нерсени чагылдыруу жана белгилөө болуп саналат.

Бир деңгээлде сүйлөшүп жаткан эки аял менен эки эркектин сүрөтү гендердик теңчиликтин жакшы мисалы боло алат. Ал эми аял жерде отуруп, эркек столго колу менен таянып турса – гендердик тең салмаксыз мамиленин мисалы болот: мында эркек ачык эле үстөмдүк кылган абалда экени көрүнүп турат.

Теңсиздиктин дагы бир мисалы: трибунада эркек сүйлөп, аял суу алып келе жаткан кырдаалды чагылдырган сүрөт. Ошентип, гендердик багыттагы сүрөттөр,  фотосүрөттөр, инфографика эркектер менен аялдардын бирдей санын гана чагылдырбастан, ошондой эле алар бирдей деңгээлде аткарып жаткан иштерин чагылдырышы керек, ошондо алар гендердик теңчиликтин эрежелерине жооп берет.

Гендердик стереотиптерге каршы келген сүрөттөрдү колдонуу сунушталат. Мисалы: ата баласына тамак берип жатат; комбайн айдаган аял; башталгыч мектеп мугалими; укол сайган медайым; автомеханик аял; лидер аял. «Пандемия учурунда эрдик көрсөткөн дарыгерлер» деген темада ак халатчан эркек дарыгердин образын колдонуу гендердик аспектилерди эске албайт: бул мезгилде аял дарыгерлердин ролу чоң болгон. Тилекке каршы, көпчүлүк окуяларда же интервьюларда ашканада аял идиш жууп же чай куюп жатат, ал эми эркек диванда же креслодо отурат. Эмне үчүн экөөнү тең ашканадан сүрөткө тартышпайт? Же  экөө чогуу бир нерсе жасашсын же дасторконго отурсун.

Дагы бир стереотип: сексуалдык зордук-зомбулукка кабылган аялдар көбүнчө баштарын жерге салган түрдө көрсөтүлөт. Зордук-зомбулукка кабылган адамды күнөөлөгө болбойт! Сүрөттөр жана видеолор адамдардын ойлорун жана көз караштарын калыптандырууга жардам берет. Ошондуктан журналисттер ар бир кадрдын, ар бир сүрөттүн мазмунун терең ойлонушу керек. Төмөндөгү 5.2.1. сүрөттө гендердик тең салмактуу жана тең салмактуу эмес сүрөттөрдүн мисалдары көрсөтүлгөн.

# Журналисттик материалдардын гендердик сезимталдыгын баалоого жардам берген он бир суроо

1. Журналисттик материал гендердик мамилелердин аспектилерин чагылдырабы?
2. Анда айтылгандарды тастыктаган жаңы маалыматтар (журналисттик материал) барбы?
3. Ар кандай жыныстагы адамдардын цитаталары келтирилгенби?
4. Журналисттик материал аялдарга өз оюн айтууга мүмкүнчүлүк береби?
5. Адамдардын жүрүм-туруму гендердик стереотиптерге дал келбейби?
6. Расалык, этникалык, класстык жана курактык айырмачылыктар эске алынабы?
7. Журналисттик материал сексисттик сөздөрдү же сексисттик божомолдорду талашабы?
8. Автор адистештирилген терминдерди колдонуудан качабы?
9. Материал контексттти, анализди жана кызыктуу киришүүнү камтыйбы?
10. Материалда «кабинеттик журналистиканын» элементтери жокпу? (Журналист окуя болгон жерге барбай эле материал даярдаган учур).
11. Автор гендердик линзаны колдонобу?

1) **Журналистикадагы аялдар**

Журналист жана «Журналистикадагы аялдар» симпозиумунун президенти Меган Камерик TED конференциясында чыгып сүйлөгөн сөзүндө медиадагы аялдардын портрети жөнүндө кызык байкоолорун айтып берди: Аялдар дүйнө калкынын жарымын түзсө да, баяндамаларда шилтеме берилген эксперттердин 20% гана аялдар. Жаңылыктарда жабыркаган аялдарды эркектерге караганда эки эсе көп чагылдырылат жана аялдарды дене мүчөлөрүнө карап баалашат. Ошону мене бирге, бүгүнкү күндө заманбап технологияларды колдонуу менен сүрөттөгү аялдын толугу менен "кесип" алып салууга болот.

2) **Эксперттик коомчулукта гендердик тең салмактуулук жөнүндөгү жалпы мифтер**

Саясат же экономика сыяктуу олуттуу маселелер боюнча аял эксперттер жетишсиз же таптакыр жок. Ар кандай маалымат уюмдары бул мифти жокко чыгарып, жогорку квалификациялуу аял эксперттер каалаган темага комментарий бере аларын көрсөтүштү. Көпчүлүк уюмдар журналисттерге темаларды ар тараптуу чагылдырууга жардам берүү үчүн эксперт-аялдардын маалымат базасын түзүштү. Кээ бир маалымат агенттиктери бардык жаңылыктар бөлүмүндө аял эксперттерге мүмкүнчүлүк берген ички маалыматтык базаларын түзүп коюшкан.

## ФАКТЫЛАР

### 3) Аялдардын эксперттик коомчулугуна кирүү көйгөйлөрү жөнүндө миф

Аял эксперттерди табуу кыйын. Эгерде сиз эркектердин пикирине гана таянууга көнүп калган болсоңуз, анда аял эксперттерди табуу кыйынга турат. Тармагыңызда көбүрөөк аялдарды камтуу үчүн көп күч-аракетти талап кылышы мүмкүн, бирок бул татыктуу жана контентти мазмундуу кылууга жана жаңы, кызыктуу көз караштарга табууга жардам берет.

### 4) Бизнес жана каржы тармагындагы аялдар

Тарыхый жактан караганда аялдар эркектерге окшоп медиага көп чыкпайт жана натыйжада тажрыйбасы аз. Бирок барган сайын көп маалымат уюмдары контентти түзүүгө катышкан аял эксперттердин санын көбөйтүү үчүн биргелешкен аракеттерди көрүп жатат. Мисалы, New Voices демилгеси аркылуу Bloomberg бизнес жана каржы эксперттери үчүн медиа жана коммуникация боюнча тренингдерди сунуштайт.

# ФАКТЫЛАР

## 5) Эксперт аялдардын пикирине ишенбөө

Институттук гендердик көз караштан келип чыккан гендердик стереотиптердин мисалы катары эркектен аял эксперттин пикирин ырастоону талап кылган редакторду алууга болот. Бул аялдардын эркектерге караганда жөндөмдүүлүгү төмөн деген ишенимге негизделген. Бирок, аялдар өз алдынча эксперттер, алар эркектерден эмне жөнүндө айтып жатканын тастыктоого муктаж эмес. Жүрүм-турумдун жана ой жүгүртүүнүн тамыр жайган түрүн өзгөртүү кыйын, бирок ага каршы чыгууга болот жана зарыл.

# БУЛАКТАР


1. *Ибраева Г, Торалиева Г.* Руководство по гендерно-чувствительному освещению событий и противодействию пропаганде экстремизма через медиа-грамотность. // URL: https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2020-08/Учебник_0.pdf
2. Гендерно-чувствительные индикаторы средств информации : система показателей для оценки гендерной проблематики в деятельности и содержании. / Ред. А. Гризл, ЮНЕСКО, 2012. // URL: https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000368689/PDF/368689rus.pdf.multi
3. *Сидорская И, Раду А.* Гендер и СМИ : учебное пособие для журналистов. [Электронный ресурс]. // URL: https://elib.bsu.by/bitstream/123456789/107773/1/Гендер%20и%20СМИ_Сидорская%2C%20Раду.pdf
4. Гендердик сезимтал журналистика боюнча онлайн окуу модулу. [Электронный ресурс]. // URL: https://journalist.kg/ru/courses/genderdik-sezimtal-zhurnalistika-boyuncha-onlajn-okuu-modulu/

# Семинар 5. Гендердик-сезимтал журналистика

## 5.1. Журналисттик материалдарда гендердик-сезимтал ыкмаларды практикалык колдонуу

## 5.2. Визуалдык медиа материалдарда гендердик-сезимтал ыкмаларды практикалык колдонуу

> ***Предметтердин интеграциясы***

Жазуу жөндөмү жана редакция кылуу, журналистиканын негиздери, журналисттин кесиптик этикасы, медиамаалыматтык сабаттуулук, педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, социология, маданият таануу.

> ***Негизги сөздөр***

Стереотиптер, касташуу тили, гендердик баланс, сунуштар.

> ***Сабактын максаты***

*Социалдык-эмоциялык максаты*

- Студенттер гендердик сезимтал журналисткасына аныктама бере алышат;
- Студенттер медиада гендердик сезимтал контентти жайылтуунун маанилүүлүгүн түшүнүшөт жана түшүндүрүшөт.

*Жүрүм-турумдук максаты*

- Студенттер медиа материалдардын гендердик тең салмактуулугун талдай алышат;
- Студенттер контентти визуалдаштырууну гендердик жактан тең салмактай алышат.

> ***Убактысы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: семинар***

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Практикалык көнүгүү: стереотиптер | 30 мүнөт | Студенттер стереотиптик айтымдарды жана макалдарды мүнөздөшөт | Топ менен иштөө<br>Презентация |
| 2-кадам | Гендердик тең салмактагы текст | 20 мүнөт | Студенттер текcтин гендердик тең салмактуулугун баалашат | Талкуу |
| 3-кадам | Образ жана баланстын визуалдашуусу | 20 мүнөт | Студенттер визуалдаштырууну гендердик сезимталдык жактан баалашат | Топ менен иштөө<br>Талкуу |
| 4-кадам | Макаланы баалоо үчүн 11 сунуш | 20 мүнөт | Студенттер материалдар үчүн сунуштарды билишет<br>Студенттер макаланы гендердик сезимталдыгын баалоо үчүн 11 суроону колдонушат | Презентация |

# 5.1. Журналисттик материалдарда гендердик-сезимтал ыкмаларды практикалык колдонуу

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 1 Стереотиптер

Студенттер 2 топто иштешет. Тапшырма: стереотиптик көз карашты бекемдеген макалдарды талкуулоо жана жазуу.

- 1-топ кыздарга тиешелүү макалдарды жазат.
- 2- топ эркектерге тиешелүү макалдарды жазат.

Макалдарды жазууга 10 мүнөт берилет, андан кийин ар бир топ өз ишинин натыйжаларын көрсөтөт. Алардын маанисин кеңири чечмелеп, алар өздөрүнүн максаттуу аудиториясына (кыздар жана эркектер) жана жалпы коомдун өнүгүшүнө кандай терс таасир тийгизиши мүмкүн экендиги түшүндүрүлүшү керек. Студенттер журналистикада да стереотиптик мүнөздөгү макалдарды колдонуу мүмкүн эмес экенин белгилей кетүү керек.

Топтор чыгып сүйлөгөндөн кийин мугалим кыргыз тилиндеги стереотиптүү көз караштарды камтыган макал-лакаптарды талкуулоону сунуштайт.

## Таблица 5.1.1.
## Стереотиптерди камтыган кыргыз макалдары

| Кыргыз тилиндеги макалдар | Таасир этүү деңгээли | Маанилик түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| Ар ким өз камында, кары кыз эр камында | негативдүү | Аялдарды басмырлоо |
| Бактысы ачылар жерине кыз ыйлап барат | негативдүү | Аялдарга зомбулук кылуу, ала качуу |
| Буудайдын бараар жери — тегирмен, кыздын бараар жери — күйөө | негативдүү | Кыздарга билим маанилүү эмес, алар турмушка чыгышы керек |
| Жазганбаган кыздан түңүл, жаздай болгон кыштан түңүл | негативдүү | Аял оор басырыктуу болушу керек |
| Жакшы кыз эрден чыкпайт, эрден чыкса да элден чыкпайт | орто | Жакшы аял кандай гана жагдай болбосун эч качан күйөөсүн таштап кетпеш керек |
| Этке жетпей туз тынбайт, эрге жетпей кыз тынбайт | негативдүү | Аялдын жашоо маңызы — күйөөгө чыгуу |
| Кыз маалында — бары жакшы, жаман катын кайдан чыгат | негативдүү | Аял дайыма күнөөлүү |
| Кыз турган үйдө кыл жатпайт | орто | Кыздар үйдү жыйнашы керек |
| Кызды берсең корго бер, кызды алсаң зордоп ал | негативдүү | Аялдарга карата зомбулук |
| Кыздын көзү кызылда | орто | Стереотиптик ой жүгүртүү |
| Алтын баштуу аялдан бака баштуу эр жакшы | негативдүү | Аялдардын жынысына карата басмырлоо |
| Катын эрди карайт, эр жерди карайт | негативдүү | Аялдар күйөөлөрүнө көз каранды |
| Бирөөнүн тоогун жесең, каз байла; малын жесең, кыз байла | негативдүү | Аялдар материалдык байлык менен барабар |
| Жардынын кызы арзан деп, жайсыздан катын алба | негативдүү | Кыздын үй-бүлөсүнүн социалдык статусуна көңүл бурулат |

| | | |
|---|---|---|
| Калемпир ачуу—туз болбойт, катындар кыңшылап сүйлөп — кыз болбойт | негативдүү | Аялдарды жаш курагы, сырткы көрүнүшү, дене түзүлүшү боюнча басмырлоо<br>Кыздык белгини эч нерсе менен алмаштыра албайсың |
| Кыз — кырк жылкы, эркек бала — ырыскы | негативдүү | Аялды материалдык байлык менен теңейт |
| Азансыз молдо болсо да, казансыз катын болбойт | негативдүү | Аялдын образын ашкана аркылуу гана көрүшөт (үй кожойкеси) |
| Баланы — жашынан, катынды — башынан | негативдүү | Аялдарга жана балдарга карата зомбулук |
| Кызга кырк үйдөн тыюу | негативдүү | Бардык жерде тыюу болушу керек |
| Кунажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт | негативдүү | Аялдар өздөрү күнөөлүү |
| Бейиш эненин таманынын алдында | позитивдүү | Аялдарга карата аяр мамиле |
| Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат | орто | Эркектерди ашыкча милдеттендирет |
| Эркектин жүрөгүнө жол ашказандан башталат | негативдүү | Эркектерди тамак жөнүндө гана ойлонот деген стереотиптик түшүнүк |
| Куч күйөө уктаганын калыңга төлөйт | негативдүү | Эркектерди жашоо абалы боюнча басмырлоо |
| Эр өлүмгө күлүмсүрөп барат (Жигит өлөр жерине күлүп барат) | негативдүү | Эркектерди ашыкча милдеттендирет, эркектер да коркот |
| Жигиттин сөзү өлгөнчө өзү өлсүн | негативдүү | Эркектерди ашыкча милдеттендирет, стереотип |
| Жакшы жигит эл сактайт, жаман жигит жан сактайт | орто | Супермен жөнүндөгү стереотип |
| Жакшы жигит элин өргө сүрөйт, жаман жигит элин көргө сүйрөйт | орто | Супермен жөнүндөгү стереотип |

## Көнүгүү 2 Тексттерге анализ жүргүзүү

Эки топко бөлүнүп иштөө. Мугалим топторго тексттерди берет. Тапшырма: студенттер текстти окуп, кандай стереотиптик көз караштар бар экенин аныктап, текстти гендердик сезимтал мүнөздө кылуу сунуштарын бериши керек.

Таблица 5.1.2.

Изилдөө үчүн тексттер жана аларга карата кыскача түшүндүрмөлөр

### 1-топ үчүн текст

*Аталышы:*

**Ош шаарында эркек адам аялын өлтүрүүгө аракет кылды. Сот ишти токтотуп койду**

Ош шаардык соту аффект абалында аялын өлтүрүүгө аракет кылган деп табылган күнөөлүү адамга карата кылмыш ишин токтотуп койду. Бул жөнүндө сот өкүмүндө билдирилди. Документте айыпталуучу жубайы менен урушуп кеткен. Аялы анын эркектик намысына тийген. Айыпталуучу аялын уруп, унаасынан бычак алып бир канча жолу ургулаган. Жабырлануучуну кошуналары сактап калган. Аялды реанимацияга жаткырышкан. Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө айыпталуучунун жактоочусу эки тараптын элдешип алганына байланыштуу кылмыш иши токтогонун билдирген. «С. Х. Б. күнөөсүн толугу менен мойнуна алды жана өзүнүн коргоочусун колдоду» деген сот өкүмү чыккан.

*Кыскача түшүндүрмө*

Бул материалдын аталышында эле адам өлтүрүүгө чейин барса да жазасыз калышы мүмкүн деген ой жатат.

Текстте автор документке таянат (кайсы докумен экени белгисиз) жана виктимблеймингге жол берилген (б.а. жабырлануучунун дарегине карата күнөөлөгөн жана кылмышкерди актаган сөздөр айтылган).

## 2-топ үчүн текст

*Аталышы:*

**Кызына сексуалдык ыдык көрсөтүүгө шектелген адам кыздын апасын сабаган деп айыпталууда**

Жашы жете элек кызына карата сексуалдык ыдык көрсөтүүгө шектелген адам кыздын энесин сабаган. Бул тууралуу 24.kg агенттигине жабырлануучу тараптын жактооочулары билдирди. Юристтердин айтымында, Бишкектин Свердлов РИИБнүн кызматкерлери экспертиза дайындашкан. Эгерде ал аял күйөөсү дайыма сабаганын, зордуктаганын тастыктаса, анда кылмыш иши козголот. Бул иш боюнча жактоочулар: «Азырынча текшерелип жатат. Жабырлануучу арыз жазган. Бирок ал арыз кызына карата жасалган ыдык көрсөтүү фактылары боюнча ишке тиркелген. Кылмышка шектүү күнөөсүн таптакыр мойнуна алган жок», - деп белгилешти. Кылмышкердин айтуусу боюнча, кыздын энеси наркологиялык диспансерде каттоодо турат жана психикалык жактан жабыркаган.

Эске салсак, аталган адам 3-октябрга чейин Бишкектеги 1-Тергөө камак жайына киргизилген. Өз кезегинде жабырлануучунун жактоочулары эркектин жакын туугандары анын кызын кордогон факты боюнча милицияга кайрылган мурдагы аялына кысым көрсөтүүнү улантып жатканын белгилешти.

Буга чейин 24.kg агенттигине Бишкек шаарынын тургуну, 17 жаштагы кыздын апасы кайрылган. Анын айтымында, баласы төрт ай бою өз атасы тарабынан сексуалдык ыдык көрсөтүүгө кабылган. Ал кыз 15 жашта болгон.

*Кыскача түшүндүрмө*

Материалдын аталышы түшүнүксүз. Анда кичине кызга карата жасалаган зомбулук жөнүндө айтылып жатса да жагдайды түшүнүү кыйын.

Автор текстте энесинин кызын кароого жана тарбиялоого мүмкүнчүлүк бербеген ден соолугунун абалы ж.б.жөнүндө маалымат берет. Мындай тексттер зомбулукка кабылгандардын өздөрү же энелери күнөөлүдөй ойду жаратат.

# 5.2. Визуалдык медиа материалдарда гендердик-сезимтал ыкмаларды практикалык колдонуу

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 3 Образ жана баланс

Эки топко бөлүнүп иштөө. Ар бир топ профессионалдык медианын онлайн материалдарынан үчтөн сүрөт табат.Топтор ал сүрөттөрдүн гендердик тең салмактуулугун талкуулашат жана аларды төмөнкүдөй эки парамтер боюнча баалашат:

- аялдардын жана эркектердин образдары;
- аялдардын жана эркектердин балансы.

Топтор аялдардын жана эркектердин образы аркылуу кандай идея берилип жатканын аныкташы керек. Ошону менен бирге бул сүрөттөр стереотиптик көз караштарды бекемдейби, эркектер менен аялдардын сандык катышында тең салмактуулук сакталганбы  же жокпу аныкташат. Топтук талкууга 10 мүнөт жана топтордун презентациясына 10 мүнөт бөлүнөт.

### Көнүгүү 4 Макала үчүн 11 сунуш

Эки топко бөлүнүп иштөө. Ар бир топ онлайн басылмаларда бирден материалды тандайт. Топтор материалдын мазмунун гендердик сезимталдыкка баалоого мүмкүндүк берген 11 текшерүүчү суроолорду колдонуп, тандалган кейстерди талдап чыгышы керек. Топтордогу талкуудан кийин, студенттер жалпы топто билдирүү жасашат.

# Талдоо үчүн 11 текшерүүчү суроолор

1. Журналисттик материал гендердик мамилелердин аспектилерин чагылдырабы?
2. Анда айтылгандарды тастыктаган жаңы маалыматтар (журналисттик материал) барбы?
3. Ар кандай жыныстагы адамдардын цитаталары келтирилгенби?
4. Журналисттик материал аялдарга өз оюн айтууга мүмкүнчүлүк береби?
5. Адамдардын жүрүм-туруму гендердик стереотиптерге дал келбейби?
6. Расалык, этникалык, класстык жана курактык айырмачылыктар эске алынабы?
7. Журналисттик материал сексисттик сөздөрдү же сексисттик божомолдорду талашабы?
8. Автор адистештирилген терминдерди колдонуудан качабы?
9. Материал контекстти, анализди жана кызыктуу киришүүнү камтыйбы?
10. Материалда «кабинеттик журналистиканын» элементтери жокпу? (Журналист окуя болгон жерге барбай эле материал даярдаган учур).
11. Автор гендердик линзаны колдонобу?

## Тыянактар

Медиа эмнени ойлоп, эмнеге ишенерибизди жана эмне кылып жатканыбызды аныктайт. Бул тармакта иштегендердин жана жетекчилик кылгандардын кабыл алган чечимдери өтө маанилүү экенин билдирет. Эгерде медиа аялдарды бирдей көрсөтпөсө жана алардын ишине, социалдык ролдоруна жана атрибуттарына карата стереотиптерди жайылтса, анда гендердик теңсиздик уланат жана бекемдейт. Бул аялдарга гана эмес, транс адамдарга, сексуалдык, расалык, класстык, диний жана этникалык категорияларга да тиешелүү. Көпчүлүк маалымат каражаттарында аялдар эркектерге салыштырмалуу сюжеттик субъект катары же эксперт катары көрсөтүлбөйт.

Маалымат уюмдар өздөрү түзгөн контенттеги эркектер менен аялдарды талдоого алууда  дисбалансторды аныктап, тиешелүү чараларды көрүү үчүн жооптуу.

# Лекция 6.
# Кыргыз Республикасындагы гендер жана медиа

## 6.1. Гендердик зомбулукту чагылдыруунун өзгөчөлүктөрү
## 6.2. Медиадагы гендердик этикалык нормалар

> ***Предметтердин интеграциясы***

Педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, психология, социология, маданият таануу, лингвистика, юриспруденция, медицина, саясат таануу, журналисттик илик, фактчекинг, дата-журналистика, медиалык жана маалыматтык сабаттуулук.

> ***Негизги сөздөр***

Зомбулук, фемицид, виктимблейминг, этика, этикалык кодекс.

> ***Сабактын максаты***

*Когнитивдик максаты:* Медиада гендердик зомбулукту чагылдыруу өзгөчөлүктөрү жана гендердик-этикалык нормалар.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: лекция***

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Фемицид түшүнүгү | 20 мүнөт | Студенттер фемицид түшүнүгүнө аныктама беришет | Презентациясы жана талкуусу менен чакан лекция |
| 2-кадам | Гендердик зомбулуктун чагылдырылышы | 15 мүнөт | Студенттер гендердик зомбулукту туура чагылдыруу мисалдардын келтиришет | Презентациясы жана талкуусу менен чакан лекция |
| 3-кадам | Гендердик зомбулуктун чагылдырылышы | 15 мүнөт | Студенттер гендердик зомбулукту туура чагылдыруу мисалдардын келтиришет | Презентациясы жана талкуусу менен чакан лекция |
| 4-кадам | Медиадагы виктимблейминг | 15 мүнөт | Студенттер виктимблейминг деген эмне экендигин жана медиа материалдарында жабыркаган адамды күнөөлөбөш үчүн эмне кылуу керек экендигин түшүндүрөт | Презентациясы жана талкуусу менен чакан лекция |
| 5-кадам | Журналисттик коомчулукта гендердик-этикалык нормалар | 15 мүнөт | Студенттер улуттук жана эл аралык медианын гендердик-этикалык нормаларына багыт алышат | Презентациясы жана талкуусу менен чакан лекция |

# 6.1. Гендердик зомбулукту чагылдыруунун өзгөчөлүктөрү

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Өркүндөтүлгөн чакан лекция

Мугалим  төмөнкү маселелерди камтыган  презентация даярдайт: фемидизм түшүнүгү, гендердик зомбулукту чагылдыруу ыкмалары жана виктимблеймингдин алдын алуу.

 Мугалим студенттерге антифемициддик кыймылдын логотибин көрсөтүп, ал кандай маанини туюндураарын жана эмнени эскертерин сурайт. Бардык ой божомолдор кабыл алынат, бейтааныш сөздөрдү интернеттен издөөгө болот. Андан кийин мугалим чакан лекциянын биринчи суроосунун презентациясына өтөт.

Презентациянын биринчи бөлүгүн жыйынтыктап, мугалим студенттерден Kloop Media Foundation сайтында жайгашкан  Айдай Иргебаеванын «Атайын кийим жок» : сексуалдык зомбулуктун курмандыктары эмне кийишкен?» деген макаласы менен таанышууну суранат.  Андан кийин журналисттердин адатта зордуктоодон аман калган адамга берген «Кандай кийингенсиз? Сиздин жашоо образыңыз кандай?»  деген суроолорунун орундуулугу боюнча талкуу уюштурат. Пикирлерди уккандан кийин мугалим студенттерди гендердик зомбулукту чагылдыруу ыкмалары менен тааныштырат.

Презентациянын үчүнчү бөлүгүн мугалим мээ чабуулунан баштайт, студенттерден виктимблейминг сыяктуу кубулуш жөнүндө эмнени билерин же укка-

нын сурайт. Бардык божомолдор мугалимдин же студенттердин сын-пикирлерисиз кабыл алынат. Андан кийин алардын божомолдорун презентацияда берилген маалымат менен салыштыруу сунушталат.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

**Фемицид** — аялды жек көрүүнүн, гендердик басмырлоонун же мамлекеттин жол берүүсүнүн негизинде болгон гендердик зомбулуктун натыйжасында, адатта, эркек тарабынан аялдын өлтүрүлүшү. Фемицид өлтүрүлгөн аялга карата басмырлоо жана сексисттик мамиледен, аялды менчик катары көрүүдөн, жүрүм-турумун көзөмөлдөөдөн, стереотиптик гендердик ролдорго баш ийүүгө мажбурлоодон, үстөмдүк жана бийликти көрсөтүүдөн улам жасалат.

femicid.net долбоорунун маалыматтары боюнча, адам өлтүрүүнү фемицидге так байланыштырган төмөнкү жагдайлар көрсөтүлөт:

- аялды өлтүргөн адам менен өлтүрүлгөн аял тааныш болчу;
- аялдын башка туугандары / кесиптештери/ кошуналары өлтүрүлгөн;
- аял атайын ниетте же байкабай өлтүрүлгөн;
- абдан мыкаачылык, зомбулуктун жеткен чеги менен, кыйноо менен өлтүрүлгөн;
- өлтүрүлгөн аял алсыз абалда же өтө аялуу абалда болгон (мисалы: майып, психикалык жактан жабыркаган, аракечтик, баңгилик, улгайган же абдан жаш курак, никеге туруу максатында ала качуу, ошондой эле мигрант аял, жалгыз бой эне, үй-жайсыз аял, мас абалындагы аял, мурун зомбулуктан жабыркаган аял, кулчулук );
- өлтүрүлгөн аял — лесбиянка, феминистка, укук коргоочу (патриархаттык коомго карыш турган аял[17] );
- өлтүрүлгөн аял өлтүргөн адамдын жумуш ордун талашкан же анын социалдык жана экономикалык статусуна коркунуч туудурган (жабыркаган адам тарабынан патриархатка каршы иш-аракет кылган);

17 Шевченко З. Онлайн-словарь гендерных терминов // https://clck.ru/33LnTo

- өлтүрүлгөн аял билим алып жаткан (мектепте, институтта), билим алгысы келген, бирок ага тыюу салынган;
- өлтүрүлгөн аял сойку болчу;
- аялдарга жана алардын идеяларына болгон жек көрүү сезиминен, (мисалы, жыныстык катнаштан эркине каршы баш тарткан адамдардын инцелс кыймыл (incels) Инцелдер аялдарды ыктыярсыз кармануу үчүн күнөөлөп, кээде аларды зордуктоого үндөшөт) улам болгон;
- адам өлтүрүү - аялдарды экинчи сорттогу адам катары саноо идеясынын, көрө албастыктын, маданий эрежелердин негизинде («аял кылыш керек - кылбаш керек»), интимдик катнаштан баш тартуунун, никеге туруудан баш тартуунун, тил албастыгынан улам, «түзөтүүчү зордуктоо» учурунда (зордуктоо гомосексуалдык ориентацияны гетеросексуалдык ориентацияга өзгөртүү максатында жасалганда) адам өлтүрүү видеого тартылат жана өлтүрүлгөн аялдын беделин түшүргөн видео тарап кетет ж.б.у.с.
- өлтүрүлгөн аял эркек менен болгон мамилесин токтотконго аракет кылган.

**Фемицидке таандык эмес:**

- аял табигый кырсыктар, катастрофа, авария, ууулануу, теракт, жол кырсыгы учурунда каза тапса;
- кээ бир учурлардагы өзүн-өзү өлтүрүшү;
- аялдардын аялдарды өлтүрүшү (эркектин пайдасы үчүн өлтүрүүдөн башкасы),
- аялдардын кээ бир өнөкөт оорулардан каза болушу (неглект эмес);
- күтүлбөгөн жагдайлардан улам өлүм;
- өлтүргөн адам аялды өлтүрүп жатканын билген эмес;
- кооптуу бойдон алдыруу.

2019-жылы гомицид (адам өлтүрүү) боюнча глобалдык изилдөөдө 2017-жылы дүйнө жүзү боюнча 87,000 аял жана кыз өлтүрүлгөнү белгиленет. Ошол эле учурда эркектер менен аялдарды өлтүрүүнүн мотивдери кескин айырмаланат. Эркектердин өлтүрүлүшү негизинен «көчөдө» уурулук, тоноо жана башка кылмыштар жана куралдуу кагылышуулар учурунда болот. Ошол эле учурда аялдарды көбүнчө үйүндө өлтүрүшөт, аларды көпчүлүк учурда эң жакын өнөктөштөрү – күйөөлөрү, сүйгөндөрү, досто-

ру өлтүрүшөт. Алсак, дүйнө жүзү боюнча өлтүрүлгөн аялдардын 58% га жакыны интимдик өнөктөштөрү тарабынан өлтүрүлгөн. БУУнун БКБнын глобалдык гемоцид боюнча отчетунда: «Үй - аялдар үчүн эң кооптуу жайлардын бири, алар теңсиздиктин жана гендердик стереотиптердин курмандыгы болуп келе жатышат» деп айтылат.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча, акыркы эки жылда (2019 жана 2020-жылдары) КР Кылмыш-жаза кодексинин 135-беренеси «Байкабастыктан адам өлтүрүү» боюнча кылмыш иштери каттала баштаган, анда өлтүрүлгөн адам аялдар болгон.

2019-жылы 11 аял каза болуп, анын ичинен 3 факты боюнча кылмыш иши козголгон. Ал эми 2020-жылдын 10 айында 28 аял каза болуп, алардын 23ү боюнча кылмыш иши козголгон. Ошол эле учурда 2019-жылга чейин бул беренелер боюнча бир дагы кылмыш катталган эмес. Бул көрүнүш дагы изилдөөнү талап кылат, анткени фемицид  фактылары бул беренелерде жашырылышы мүмкүн. 100 000 аялга карата атайылап өлтүрүүнүн коэффиценти төмөндөө тенденциясын көрсөтөт: эгерде 2010-жылы ал дүйнөлүк көрсөткүчтөн ашып, төрттөн жогору болсо, акыркы үч жылда анын мааниси экиден төмөн болду.

Кыргызстанда аялдарды өлтүрүүнүн басымдуу бөлүгү орточо эсеп менен он киши өлтүрүүнүн сегизи эркектер тарабынан, 10% аял тарабынан жасалган, 10%ында өлтүргөн адам табылган эмес[18].

Эгерде жалпысынан адам өлтүрүү статистикасын айта турган болсок, Кыргызстанда орточо эсеп менен 10 киши өлтүрүүнүн бирин аялдар жазаса, калган тогузун эркектер жасашат. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча, акыркы 10 жылда жасалган эркектерди өлтүрүү фактыларынын ичинен орточо эсеп менен алганда, 10%дан бир аз көбүрөөк аялдар тарабынан, калган бардык киши өлтүрүүлөр эркектер тарабынан жасалган. Ошону менен бирге соттолгон аялдарды изилдөөнүн жыйынтыгында эркекти өлтүргөн 37 гана аял аныкталган, алардын 17си эркектин кол салуусунан коргонушкан.

18 Капушенко А., Хасанова С. Фемицид. Кто и как убивает женщин в Кыргызстане? / Исследование подготовлено в рамках конкурса «Поддержка медиаинициатив по социально значимым темам с использованием новых подходов и платформ» фонда «Сорос-Кыргызстан». // URL: https://clck.ru/33Lp53

Жаңылыктардын, пресс-релиздердин жана сот өкүмдөрүн терең анализге алганда 2008-2020-жылдар аралыгында 300 аял өлтүрүү фактысы аныкталган[19].

# Гендердик зомбулукту чагылдыруу ыкмалары

«Кандай кийинип жүрдүң эле?», «Сенин жашоо образың кандай?» деген суроолордон алыс болгон жакшы. Мындай суроолор  кылмыштын жарым жоопкерчилиги жабырлануучунун өзүндө деген жаңылыштык түшүнүктү жаратат.

- Статистиканы колдонгула. Статистика көйгөйдүн масштабын көргөзөт. Сандык маалыматтарды мамлекеттик уюмдардан алууга болот.
- Байкоочу жана ретранслятор позициясында болгула. Айтылгандарды айыптабагыла.
- Өзүңөрдү стереотиптештирүүгө жана айыптоого жол бербегиле. Бул автордук блог болбосо, анда жеке пикирди айтуунун кереги жок. Анын ордуна, силердин материалдагы зомбулук темасы жөнүндө адистер айтып беришсин.
- Материалыңарда ыгы жок дүрбөлөңгө түшпөгүлө. Позитивдүү учурларды издегиле, жардам алуу мүмкүнчүлүктөрүн көрсөткүлө.
- Жардам алуу үчүн кайда кайрылуу керектигин так көрсөткүлө: ишеним телефондорунун номурларын, социалдык борборлордун, психологдордун, юристтердин, бейөкмөт уюмдардын даректерин бергиле.
- Гендердик зомбулук үчүн динди же маданиятты айыптабагыла. Гендердик зомбулукту географиялык же маданий чек аралары жок маданияттар аралык феномен катары түшүнүү керек.
- Бул көрүнүштү гендердик зомбулуктун ачык көрүнүшү, адам укуктарынын бузулушу катары карагыла.
- Чыныгы кырдаалды сүрөттөп, керексиз сенсациядан алыс болгула.
- Жашыруун камераларды жана башка «көрүнбөгөн» ыкмаларды колдонууну чектегиле.
- Маалымат балансын гендердик теңчиликтин пайдасына өткөргүлө.

19 Жогорудагы шитемени караңыз..

## Зомбулук темасын сүрөттөөнүн стандарттуу эмес ыкмалары

- Кошунам үй-бүлөсүн уруп, сабайт. Мен эмне кылышым керек?
- Үй-бүлөдө балдар зомбулукка кабылса, эмне кылуу керек?
- Айыл жеринде жашаган аялдар зомбулукка дуушар болушат.
- Мектеп. Зомбулук темасы боюнча кандай сабактар өтүлөт?
- Өзүн-өзү коргоoo курстары: аялдар өзүн коргоону кайдан үйрөнүшөт?
- Аялдарга экономикалык зомбулук көрсөтүү: өлкөнүн ИДПсына кандай таасир этет? (Мисалы, аялга иштөөгө уруксат берилбесе.)
- Зомбулук жөнүндө эмес дүйнөнүн маданияты жөнүндөгү макалалар.

## Фемицидди чагылдырган журналисттерге сунуштар

1. Патриархалдык коомдо киши өлтүргүч ким жана аны кандай жаза күтүп жатат деген суроого көп көңүл бурулат. Силер андан алыс болгула. Киши өлтүргөн адамга эмес, каза болгон аялга көңүл бургула.
2. Фемицидди сенсация кылбагыла же кылмыштын оор жагдайларын апыртып айтпагыла.
3. «Өлтүрүлгөн»- өлтүрүлгөн дегенди билдирет. Бул сөздү өлгөн сыяктуу нейтралдуу этиштер менен алмаштырбагыла.
4. Жабырлануучуну күнөөлөөгө мүмкүндүк берген божомолдор же комментарийлер барбы? Текшергиле. Кыздын кийими, жүрүм-туруму, жашоо образы, арак ичкени же ичпегени зомбулукту актабайт.
5. Аялды өлтүргөн эркекти кошуналары, достору кандай сыпаттаганы, күнөөлүнүн өкүнүп жатканы маанилүү эмес.
6. Кызганыч, аракечтик сыяктуу жагдайлар киши өлтүргүчтү психологиялык жактан актайт. Мунун зарылчылыгы жок.
7. Аялды өлтүрүүнүн курмандыгы тууралуу маалыматтарда төмөнкүлөр менен чектелсе болот: жашы, социалдык жана үй-бүлөлүк абалы, бал-

дарынын саны, туугандарынан же милициядан жардам сурап кайрылгандардын саны, жарандык активдүүлүгү. Өлтүрүүчү жөнүндө: жашы жана соттолгонунун саны.

## Иллюстрация

Публикациядагы видеодо эмнелер камтылбашы керек

- өлтүрүүдө колдонулган курал (бычак, балта ж.б.);
- кан;
- өлгөн адам;
- муштумдун, кансыраган колдун сүрөтү;
- социалдык тармактардан алынган интимдик  сүрөттөр;
- жабыркаган балдардын сүрөттөрү;
- аялдын жылаңач денеси.

# Медиадагы виктимблейминг

**Виктимблейминг** — англис тилинде *victim blaming* «жабыркаган адамды күнөөлөө» деген маанини туюндурат. «Виктимблейминг» термини жабыркаган адамды болгон окуяга өзүн күнөөлөө жагдайын туюндурат. Анын типтүү мисалдары: *аял өзү күнөөлүү, ал жакка эмнеге барат, абдан кыска юбка кийип алыптыр.*

Тилекке каршы, Кыргызстанда виктимблейминг феномени абдан кеңири таралган. Мында кеп өз функционалдык милдеттерин аткарбаган, тескерисинче жабырлануучуну кодулоого дуушар кылган укук коргоо органдарынын кызматкерлери, ошондой эле социалдык медиада кылмышкерлерди коргогон жана муну менен алар зомбулукту актап жатканын түшүнбөгөн комментарийлер жөнүндө болуп жатат.

Мектепте мугалим окуучуну сабаган окуя буга мисал боло алат. Бул окуяга карата «баары так эмес» жана «балдар азыр тарбиясыз, ошого жеткириштти» деген көптөгөн комментарийлер болгон. Бул виктимблейминг.

Бул феномендин негизги көйгөйү – адамдар социалдык медиада жана мессенджерлеринде жабырлануучуну айыптоо менен зомбулукту кадимки көрүнүшкө айландырышат. Мисалы: «Ооба, ал болгон окуяга өзү күнөөлүү». Виктимблейминг жабырлануучуну андан да оор эмоцияларга дуушар кылат жана кошумча психологиялык травманы пайда кылат. Виктимблейминг зордук-зомбулуктан аман калгандарга кыянаттыктын өзүн нормалдуу эмес, кабыл алынгыс жана жазага татыктуу деп табуунун ордуна өзүн туура алып жүрүү керектигин жана андан кийин эч нерсе болбой тургандыгын таңуулоого аракет кылат.

## Эсиңизде болсун!

- Жабыркаган адамдардын эч кандай күнөөсү жок.
- Зомбулук зордукчулдун ичинде жашайт. Зордук-зомбулуккту актоого болбойт. Зордук-зомбулукка жол берилбеш керек. Ар дайым зордук-зомбулук кылган адам күнөөлүү.
- Кылмышкерде ар дайым тандоо болот: зордук-зомбулук көрсөтүү же маселени адекваттуу жол менен чечүү, бирок ал зомбулукту тандап алган.
- Зордук-зомбулук кылган адам жазаланыш керек, жабырлануучу колдоого муктаж.

## Виктимблейминг төмөнкүдөй мүнөздө болот:

- Милицияда жабыр тарткандар зордук-зомбулукка күнөөлүү экени айтылып, аларга психологиялык кысым көрсөтүп, ачыктан-ачык шылдыңдашат.
- Зордуктоодон кутулган кызга милиционерлер арыз кабыл алуудан баш тартып, "коркунучтуу эч нерсе болгон жок"деп күлүшөт.

- Социалдык медиада жана мессенджерлерде зомбулук жагдайлары: «бары ачык айтылган эмес», «жабырлануучу өзү туура эмес кийинип алып кылмышка түрткү болгон», «көп ичип алган», «соцтармакка ачык сүрөтүн коюп койгон», «өзү туура эмес адам менен сүйлөшкөн», «өзү көп деле каршы болгон эмес», «өзү кечинде көчөгө чыккан», «өзү үйдөн чыккан» деген мүнөздө талкууланат;
- медиа инсандары чоң аудиториянын алдында жабырлануучуга: «Сени урбаш үчүн өзүң эмне кылдың?» деген мааниде суроо узатып, кылмышкерди колдошот;
- адам өлүмү тууралуу жаңылыктардын астына комментаторлор: өлтүрүлгөн адам өзү бир жерден туура эмес кылган, мүмкүн күмөндүү адамдар менен арак ичкен, мүмкүн өзү кооптуу жерлерде жүргөн, өзү бирөөгө жамандык кылган, ошондуктан жазасын алды деген ой-пикирлерин жазышат;
- алдамчылык жөнүндө сөз болгондо, жабырлануучуларга карата өздөрү өтө акылсыз жана этиятсыз деп эсептеген адамдар бар жана алар өздөрү шылуундарга акча которгондугу же сапатсыз кызмат көрсөтүүлөр тууралуу сын-пикирлерди окубаганы үчүн эч ким күнөөлүү эмес деген сөздөр айтылат;
- эгерде сексуалдык же үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучу эркек болсо, аны ачык эле шылдыңдашат: «өтө алсыз», «эркек эмес». Мындан тышкары, жабырлануучуга: «сага жакшы болду, сениин ордуңда болууну каалагандар көп» деп айтышат.
- эгерде кылмыштан жабыркаган адам бала болсо, анда баланын өзүн күнөөлөшөт — «азыр балдар абдан текебер жана эрке», же ата-энеси, көпчүлүк учурда, «апасы караган эмес», «туура эмес тарбияланган», «жашы жеткенге чейин колунан жетелеп мектепке алып барган эмес» деген күнөө тагылат.

Виктимблеймингдин көп жактары жана көрүнүшү бар, бирок маңызы дайыма бирөө: көңүл кылмышкерге эмес жабырлануучуга өтөт. Мисалы: Айзаданын энесине тергөөчү «сарсанаа болбогула, той жейсиңер» деп айткан.

# 6.2. Медиадагы гендердик этикалык нормалар

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Талкуусу менен чакан лекция

Чакан лекциянын алдында мугалим студенттер менен медиада кандай гендердик-этикалык нормалар бар экендигин талкуулайт. Тактага тизме түрүндө бардык сунуштарды жазат. Андан соң мугалим чакан лекция өткөрүп, анын мазмунун студенттердин идеялары менен байланыштырат, андан кийин айтылган идеяларды «Теңдик нуру» долбоорунун алкагында иштелип чыккан журналисттер үчүн гендердик-этикалык Кодекстин жоболору менен салыштырууну сунуштайт.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

**Этика кодекстери** — бул тиешелүү кесиптин адамы үчүн ылайыктуу деп эсептелген туура, ылайыктуу жүрүм-турумдун ченемдеринин жыйындысы.

Гендердик көз караште комплекстүү деп эсептелген кодекстер төмөнкү элементтерди камтыйт:

1. Кодексти ишке ашыруу контекстинде көп түрдүүлүктүн ар кандай формаларын таануу. Кодекстерде расасы, этникалык таандыгы, жынысы, укук жөндөмдүүлүгү, сексуалдык багыты, жаш курагы жана социалдык классы сыяктуу жайгашкан жерине негизделген айырмачылыктар айтылат.

2. Журналистикада жол берилбеген практикалардын так аныктамасы:
    - адамга/топко карата айтылган басмырлоочу же каралоочу сөздөр;
    - бир адам/топ жөнүндө маалыматты бир жактуу же кемсинткен түрдө берүү;
    - бир адамга же топко карата алардын мүнөздөмөлөрү боюнча кастыкты/жек көрүүчүлүктү козутууга багытталган материалдарды жарыялоо;
    - адамдын/топтун кадыр-баркын кемсинтүүгө өбөлгө түзгөн материалдарды жарыялоо;
    - топтун өзгөчөлүктөрү боюнча басмырлоону күчөткөн материалдарды жарыялоо;
    - адамдын/топтун мүнөздүү белгилерин негизсиз бөлүп көрсөтүү менен терс маанайда көрсөтүү;
    - адамды/топту кемсинтүү;
    - адамдарды айырмаланган белгилери боюнча айыптоо;
    - жек көрүүчүлүктү, сабырсыздыкты, басмырлоону жана инсанга/топко карата зомбулукту күчөтүү;
    - моралдык же физикалык зыян келтире турган кемсинткен сөздөрдү колдонуу;
    - адамдын укуктарына жана эркиндигине коркунуч келтирген маалыматтарды түзүү же иштеп чыгуу.
3. Ар түрдүүлүк принциптеги пикирлердин таануу жана урматтоо.
4. Адам укуктарынын ажырагыс бөлүгү катары гендердик теңчилик жөнүндө маалыматты таратууда медиа акызматкерлерин жоопкерчиликке тартуу.
5. Басмырлоого жол бербөө – журналисттин милдети.
6. Медианы демократиялаштырууга көмөктөшүү зарылдыгын – адамдардын коомго катышуусун арттыруу, өзүн-өзү аңдуусун арттыруу жана тынчтык маданиятын (согуш маданиятына каршы) түзүү максатында журналисттердин милдети катары аныктоо.
7. Төмөнкүлөрдү так аныктоо:
    - кодекстин колдонулушу үчүн жооптуу жактарды;
    - талаптарды караган жактарды;

- талаптарды кабыл алган жактарды;
- арыздарды берүү жана аларды кароо тартибин.

8. Гендердик аспектилерди эске алган жана төмөнкү маселелерге багытталган жоболордун болушу:
   - акыйкат гендердик образдарды түзүү;
   - виктимизация;
   - адам укуктарын сыйлоо;
   - эксплуатация;
   - терс образдардын түзүлүшү;
   - деградация;
   - гендердик стереотиптердин түзүлүшү;
   - тил жана терминология тандоо;
   - адамдарды гендердик белгиси боюнча стигматизация кылуу;
   - комментаторлор жана эксперттер арасындагы гендердик паритет;
   - жынысына, физикалык өзгөчөлүктөрүнө, үй-бүлөлүк абалына же жарандык абалга туура эмес басым жасоо;
   - бирдей мамиле.

# Журналисттер үчүн гендердик-этикалык кодекс

**(«Тендик нуру» долбоорунун алкагында журналисттер тарабынан иштелип чыккан)**

Ушул Кодексти кабыл алган медиа уюмдар өздөрүнүн контентинде жана редакциялык саясатында гендердик теңчиликке умтулууга, гендердик стереотиптерге каршы күрөшүүгө милдеттенишет. Кодекс Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына, Кыргыз Республикасында кабыл алынган эл аралык документтерге, Кыргызстандагы журналисттин этикалык кодексине негизделген.

## Менеджмент

1. Медиа уюм гендердик теңдикти жайылтуу аркылуу өнүккөн жана адилеттүү коомду куруудагы өз ордун терең түшүнөт жана ошого шайкеш иш алып барат.
2. Медиа уюм кадрдык саясатында, милдеттерди жана темаларды бөлүштүрүүдө гендердик дискриминацияга жол бербейт.
3. Медиа уюм аялдарга жана эркектерге бирдей эмгек шарттарын, бирдей эмгек акыны, кызматтан жогорулоого тең мүмкүнчүлүктөрдү кепилдейт.
4. Медиа уюм сексуалдык ыдык, харассмент жана гендердик дискриминациянын алдын алуу үчүн комплекстүү чараларды кабыл алат. Бул боюнча кызматкерлерден арыз түшсө, тыкыр текшерүүдөн кийин адилеттүү чечимдерди чыгарат.
5. Медиа уюм үй-бүлө менен жумушту айкалыштырууда же дагы башка турмуштук шарттарда аялдар менен эркектер үчүн бирдей ийкемдүү саясатты иштеп чыгат.

6. Медиа уюм өз кызматкерлеринин гендердик маалымдуулугун жогорулатууга, кесиптик көндүмдөрүн жакшыртууга умтулат.

## Контент

7. Медиа уюм өз контентинде гендердик стереотиптерге, басмырлоого жол бербейт, ар дайым гендердик теңдикти сактоого умтулат.
8. Журналист сексисттик кастык тилинен качып, гендерге сезимтал тилди колдонот.
9. Журналист маалыматтын булагы, эксперттик көз карашын билдирүүчү катары аялдар менен эркектерге бирдей мүмкүнчүлүк берет жана алардын ар бирин салттуу эмес ролдордо чагылдырууга аракеттенет.
10. Журналист гендердик зомбулук темасын чагылдырганда курмандыктын укуктарын жана кызыкчылыктарын биринчи орунга коет. Бул көйгөйдү ашыкча жөнөкөйлөтүп, ага турмуштук кадыресе көрүнүш катары түс берүүдөн карманат.

1) Виктимблейминг: 9-декабрда ооруканадан милицияга 13 жаштагы кыз байланышка чыгып, аны белгисиз бирөө сабап, зордуктоого аракет кылганын билдирген. Кыз борборго Чебоксарыдан апасы менен урушуп кетип келип калган, ал психоневрологиялык диспансерде каттоодо турат. «Китай-Городок» метросунун жанынан өспүрүм 30 жаштагы жигит менен таанышып калат. Жаңы таанышы окуучу кызды Пятницкая көчөсүндөгү үйлөрдүн бириндеги ижарага алган батирге алып келип, сабап, зордуктоого аракет кылган. Кыз кол салган адамдан качып кетүүгө үлгүрүп, андан соң ооруканага кайрылган. Анын колунда жана буттарында көгала тактар бар экени аныкталган. Кийинчерээк жабырлануучу аталган бөлүмдөгү милиция кызматкерлери ага орой мамиле жасашканын айткан. Алар аны тамашалап, сырткы көрүнүшү боюнча «сынга алышкан». Түнкүсүн өспүрүм атайын балдар мекемесине жөнөтүлүшү керек болсо да, милиция бөлүмүндө кармалган[20].
2) Аялдар менен эркектер ар түрдүү жаңылык темаларына жана репортаждын стилине ар кандай мамиле кылышат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, аялдар жеке, эмоциялык жана визуалдык контентке көбүрөөк маани беришет. Бирок бул көрүнүш аялдар атактуулар жөнүндө гана окугусу келет дегенди билдирбейт.

20 В Москве проверяют полицейских: статья на веб-сайте Readovka.bu // URL: https://readovka.by/news/40056.amp

ФАКТЫЛАР

# БУЛАКТАР

1. Учебное пособие по гендерно-этической журналистике и надлежащей политике медиакомпаний. Книга 1. Концептуальные вопросы. / Ред. С. Макарайа, П. Мориниер, 2012 г. // URL: https://clck.ru/amSEk
2. Gender Balance Guide for Media, Rebeca Zausmer, Simone Flückiger, April 2022, For Women in News (WAN-IFRA) // URL: https://sexualharassment.womeninnews.org/uploads/file_ressources/gender-balance-guidebook-final-rgb-1-60701aa683fc3505641972.pdf
3. Веб-сайт «Женщины в новостях». // URL: www.womeninnews.org
4. Фемицид подпитывается патриархальными социальными нормами, и изменение мышления имеет первостепенное значение: интервью с Косаной Бекер на сайте «ООН-женщины». // URL: https://eca.unwomen.org/ru/news/stories/2018/12/femicide-is-fueled-by-patriarchal-social-norms-and-changing-minds-is-of-utmost-importance
5. *Капушенко А., Хасанова С.* Фемицид. Кто и как убивает женщин в Кыргызстане? / Исследование подготовлено в рамках конкурса «Поддержка медиаинициатив по социально значимым темам с использованием новых подходов и платформ» Фонда «Сорос-Кыргызстан». // URL: https://clck.ru/33Lp53
6. *Иргебаева А.* «Нет специальной одежды»: Во что были одеты жертвы сексуального насилия? // https://kloop.kg/blog/2018/10/06/net-spetsialnoj-odezhdy-vo-chto-byli-odety-zhertvy-seksualnogo-nasiliya/
7. *Плошкина А.* «Значит, заслужили»: что такое виктимблейминг и почему из-за него насилия становится только больше: статья на веб-сайте «Лайфхакер». // URL: https://lifehacker.ru/viktimblejming/

# Семинар 6. Кыргыз Республикасындагы гендер жана медиа

## 6.1. Гендердик зомбулукту чагылдыруу боюнча медиа материалдарды талдоо

## 6.2. GALS «Кыялдануу» ыкмасы

> ***Предметтердин интеграциясы***

Жазуу жөндөмү жана редакция кылуу, журналистика негиздери, журналисттин кесиптик этикасы, дата-журналистика, медиа-маалыматтык сабаттуулук, педагогика, феминисттик педагогика, социалдык педагогика, социология, маданият таануу.

> ***Негизги сөздөр***

Зомбулук, фемицид, виктимблейминг, этика, этикалык кодекс.

> ***Сабактын максаты***

*Социалдык-эмоциялык максаты*

- Студенттер фемицид түшүнүгүнө аныктама бере алышат;
- Студенттер гендердик сезимтал контентин илгерилетүү үчүн уюштуруучулук стратегияларды аташат.

*Жүрүм-турумдук максаты*

- Студенттер медиа уюмдардагы гендердик тең салмактуулукту өнүктүрүү үчүн өздөрүнүн сунуштарын бере алышат;
- Студенттер гендердик сезимтал контент үчүн концепттерди пландаштыра алышат.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: семинар***

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Практикалык көнүгүү: журналисттик материалдарындагы фемицид | 20 мүнөт | Студенттер фемицид деген эмне жана аны окуяларды чагылдырууда кандай ыкмалар колдонуларын билишет | Топ менен иштөө |
| 2-кадам | Фемициддин масштабдары | 20 мүнөт | Студенттер фемицидке көңүл буруу канчалык маанилүү экендигин түшүндүрүшөт, өлкөдөгү жана дүйнөдөгү фемицид масштабдарын көрсөтүшөт | Практикум<br>Тест |
| 3-кадам | Уюмдардагы гендердик саясат | 50 мүнөт | Студенттер медиа уюмдардагы гендердик саясатты талдоого алышат | Топ менен иштөө<br>Талкуу |

# 6.1. Гендердик зомбулукту чагылдыруу боюнча медиа материалдарды талдоо

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 1 Медиа материалдарындагы фемицид

Мугалим топторго бөлүп иштөөнү уюштурат. Тапшырма: төмөнкү жагдайлардын кайсынысы фемицидге кирерин аныктоо.

## Талдоо жана баалоо үчүн жагдайлар

- аял табигый кырсыктар, катастрофа, авария, ууланyу, теракт, жол кырсыгы учурунда каза тапса;
- кээ бир учурлардагы өзүн-өзү өлтүрүшү;
- аялдардын аялдарды өлтүрүшү (эркектин пайдасы үчүн өлтүрүүдөн башкасы);
- аялдардын кээ бир өнөкөт оорулардан каза болушу (неглект эмес);
- күтүлбөгөн жагдайлардан улам өлүм;
- өлтүргөн адам аялды өлтүрүп жатканын билген эмес;
- кооптуу бойдон алдыруу;
- аялды өлтүргөн адам менен өлтүрүлгөн аял тааныш болчу;
- аялдын башка туугандары / кесиптештери/ кошуналары өлтүрүлгөн;

- аял атайын ниетте же байкабай өлтүрүлгөн;
- абдан мыкаачылык, зомбулуктун жеткен чеги менен, кыйноо менен өлтүрүлгөн;
- өлтүрүлгөн аял жардамсыз абалда же алсыз  абалда болгон;
- өлтүрүлгөн аял лесбиянка, феминистка, укук коргоочу болгон;
- өлтүрүлгөн аял өлтүргөн адамдын жумуш ордун талашкан же анын социалдык жана экономикалык статусуна коркунуч туудурган;
- өлтүрүлгөн аял  билим алып жаткан (мектепте, институтта), билим алгысы келген, бирок ага тыюу салынган;
- өлтүрүлгөн аял  сойку болчу;
- аялдарга жана алардын идеяларына болгон жек көрүү сезиминен, (мисалы, жыныстык катнаштан эркине каршы  баш тарткан адамдардын инцелс кыймыл (incels) Инцелдер аялдарды ыктыярсыз карманууүчүн күнөөлөп, кээде аларды зордуктоого үндөшөт) улам болгон;
- адам өлтүрүү кызганычтан, маданий эрежелерден улам болгон;
- өлтүрүлгөн аял  эркек менен болгон мамилесин токтотконго аракет кылган.

## Көнүгүү 2 Фемицид масштабдары

Мугалим студенттерге дүйнөдөгү жана Кыргызстандагы фемицид масштабдары боюнча текстти экран аркылуу көрсөтөт же таратат. Текстте сандардын (маалыматтардын) ордуна боштуктар калтырылган. Мугалим студенттерге кандай сан жөнүндө кеп болуп жатканын, б.а., фемицид масштабын аныктоону сунуштайт. Студенттер өздөрүнүн божомолдорун негиздешет жана талкуулашат.

Талкуудан кийин мугалим студенттерге чыныгы сандарды көрсөтөт жана «Статистика эмне жөнүндө айтып жатат?», «Бул сандар коомду кандайча мүнөздөйт?», «Журналисттер бул жагдайга кандай таасир эте алышат?», «Кандай тыянактарды чыгарууга болот?» деген суроолордун чегинде талкуу уюштурат.

Таблица 6.1.1. Дүйнөдөгү жана Кыргызстандагы фемицид масштабдары

## Силер дүйнөдөгү жана Кыргызстандагы фемицид масштабдарын билесинерби?

2019-жылы гомицид (адам өлтүрүү) боюнча глобалдык изилдөөдө 2017-жылы дүйнө жүзү боюнча ........ **аял** жана кыз өлтүрүлгөнү белгиленет.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча, 2010-жылдан 2020-жылдын 9 айы боюнча аялдар өлтүрүлгөн «Киши өлтүрүү» беренеси боюнча ........ кылмыш иши козголгон.

Жаңылыктардын, пресс-релиздердин жана сот өкүмдөрүн терең анализге алганда 2008-2020-жылдар аралыгында ..... **аял өлтүрүү фактысы** аныкталган.

Өлтүрүлгөн аялдардын ...... жакын өнөктөштөрү тарабынан өлтүрүлгөн. Алар интимдик өнөктөштөрү , туугандары жана тааныштары болгон.

Акыркы жылдары Кыргызстанда жыл сайын ...... үй-бүлөлүк зомбулук катталат.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарын гумандаштыруу жөнүндө мыйзамына ылайык, 2019-жылы күчүнө кирген жаңы Кылмыш-жаза Кодексинде «Киши өлтүрүү» беренесине өзгөртүүлөр киргизилген. Мурунку мыйзамда кылмышкерлер түрмөгө ....... **жылга** кесилсе, азыр болсо болгону ....... кесилет.

2019-жылы гомицид (адам өлтүрүү) боюнча глобалдык изилдөөдө 2017-жылы дүйнө жүзү боюнча 87 аял жана кыз өлтүрүлгөнү белгиленет.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча, 2010-жылдан 2020-жылдын 9 айы боюнча аялдар өлтүрүлгөн "Киши өлтүрүү" беренеси боюнча 726 кылмыш иши козголгон.

Жаңылыктардын, пресс-релиздердин жана сот өкүмдөрүн терең анализге алганда 2008-2020-жылдар аралыгында 300 аял өлтүрүү фактысы аныкталган

Өлтүрүлгөн аялдардын 75% жакын өнөктөштөрү тарабынан өлтүрүлгөн. Алар интимдик өнөктөштөрү, туугандары жана тааныштары болгон.

Акыркы жылдары Кыргызстанда жыл сайын 7000 үй-бүлөлүк зомбулук катталат.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарын гумандаштыруу жөнүндө мыйзамына ылайык, 2019-жылы күчүнө кирген жаңы Кылмыш-жаза Кодексинде «Киши өлтүрүү» беренесине өзгөртүүлөр киргизилген. Мурунку мыйзамда кылмышкерлер түрмөгө 20 жылга кесилсе, азыр болсо болгону 15 жылга кесилет.


# 6.2. GALS «Кыялдануу» ыкмасы

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 3 Уюмдардын гендердик саясаты

Оюнду өткөрүү үчүн керектүү ресурстар: флипчарттар (4 барак), маркерлер (ар бир топко кызыл түстөгү 1 маркерден), түстүү калемдер (катышуучулардын санына жараша).

Студенттер 4 топто иш алып барат. Мугалим студенттерге флипчарттарды таратып берет жана «Кыялдануу» ыкмасын колдонуп, алар иштегиси келген гендердик сезимтал редакциянын сүрөтүн тартууну сунуштайт.



*Сүрөт 6.2.1.*

Ар бир топ 6.2.1.-сүрөттө көрсөтүлгөндөй кызыл маркер менен бир чоң күндү тартат, анын ичине ар бир студент өзүнүн кыялын тартат (жазбайт!). Топтордо студенттер баарлашып, өз көз караштарын талкуулап, андан кийин иштей башташат. Мында ар бир студент салым кошуп, четте калбашы маанилүү. Бул учурда, сүрөттө адамдын жеке кыялдары эмес, топтун (команданын) кыялдары чагылдырылат. Сүрөт тартып бүткөндөн кийин ар бир топ өздөрү

кыялданган гендердик сезимтал редакциясын презентация кылат. Мугалим мындай суроолорду берип, сүрөттөрдү талкуулоону уюштурат:

- Сүрөттөр бири-бирине канчалык деңгээлде окшош?
- Эркектер менен аялдардын сүрөттөрүн ортосунда айырмачылыктар барбы?
- Бар болсо, алар кандай айырмачылыктар?
- Эмне үчүн алар айырмаланышат?

## Тыянактар

Контенттеги гендердик тең салмактуулукту жогорулатууга багытталган процесстер топ-менеджерлердин максатка умтулган командасына муктаж. Эгерде команда жогорудан келсе, жоопкерчилик линиясы автоматтык түрдө түзүлөт. Мында баалуулук дароо таанылат, кызматкерлер жана ресурстар чечимдерди негиздөө үчүн көп күч-аракет жумшалбастан, оңой бөлүштүрүлөт дегенди билдирет. Кээде уюмдун ичиндеги адамдар өзгөрүүлөрдү жасай алышат, бирок жетекчиликтин каршылыгы болсо, демилге толугу менен жараксыз болуп калышы мүмкүн.

Жетекчилик жана редакция контенттеги гендердик тең салмактуулукту жогорулатууну жактаганы абдан маанилүү. Колдонула турган стратегиялар уюм үчүн мурда иштеген же азыр иштеп жаткан нерселерге негизделиши керек. Натыйжада, контенттеги гендердик тең салмактуулук редакциялык маданияттын бир бөлүгү болушу керек.

Ар кандай жаңылык категорияларындагы аял кабарчылардын жана редакторлордун санынын көбөйүшү окурмандарды кызыктырган жана алардын көз карашын так чагылдырган контенттин, көз караштын жана жазуу стилинин ар түрдүү болушуна алып келет. Аялдар эркектер менен бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болуп, эркектер үстөмдүк кылган редакцияларда ийгиликке жетүүгө мүмкүндүк бере турган системанын болушу маанилүү.

Жетекчилерден баштап кызматкерлерге чейин гендердик тең салмактуулук маселелери боюнча даярдыктан өтүшү керек. Башка пайдалуу ресурстар гендердик тең салмактуулук стилистикасы боюнча колдонмону жана аял эксперттердин маалымат базасын камтышы мүмкүн. Гендердик баланс уюмдун ишине баа берүүнүн бир бөлүгү боло алат.

# II бөлүм боюнча студенттердин өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар

1. Кыргызстандагы медиаларга байкоо жүргүзүп, материалдын авторлорунун максаттуу аудиторияга эмпатиясы бар-жогун талдап, контент ким үчүн жасалганын аныктоо.
2. Медиа материалдарындагы 5 сүрөткө гендердик сезималдык боюнча талдоо жүргүзүү.
3. Медиа материалдарда аялдардын образдарына талдоо жүргүзүү жана медиада кимдин образы басымдуулук кылгандыгын аныктоо (10 редакциядан кем эмес).
4. Гендердик-этика кодексин башка студенттер менен талкуулоо жана ага киргизүү үчүн  же андагы сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн өзгөртүү боюнча өздөрүнүн сунуштарын жазуу.

# «Гендердик-сезимтал журналистика» II бөлүм боюнча кирүү жана чыгуу тесттери

1. **Өзүңөрдүн контентиңерде стереотип жаратпай туруп аялды кантип байкала тургандай кылып берсеңер болот?**
   A. Аялдар тууралуу көбүрөөк көңүл ачуучу жана мода боюнча окуяларды жазуу керек
   B. Аялдар тууралу «аялддар окуясын» айтуу менен чектелбеш керек
   C. Мүмкүн болсо, аялдарды, кыздарды башкы каарман кылып берүү керек
   D. Билбейм.

2. **Төмөнкүлөрдүн кайсынысы гендердик стереотиптердин аныктамасы болуп саналат?**
   A. Аялдар менен эркектердин жынысына жараша өзгөчөлүктөрү жана коомдогу ролу кандай болушу керектиги жөнүндө калыптанган ойлорго негизделген көз караштар
   B. Адамдарды жынысы боюнча гана басмырлаган жана кемсинткен мамилелер жана иш-аракеттер. Алар ачык болушу мүмкүн
   C. Коом адамга берген мүнөздөмөлөр, ага таңууланган жүрүм-турум нормалары жана анын жынысына гана негизделген мамилелер
   D. Билбейм

3. **Аталган 4 ыкманын кайсынысы жаңылыктагы аялдарды стереотиптештирет?**
   A. Аялдарга өтө күчтүү көз карандылык; аялдарга ишенбөөчүлүк; аялдардын тең салмактуу эмес сүрөттөлүшү; тең салмактуу эмес контент
   B. Тең салмактуу чагылдырбоо, тең салмактуу эмес пикирлер, тең салмаксыз сүрөттөр, жеткиликсиз контент
   C. Бирдей чагылдыруу, бирдей пикир, бирдей сүрөт жана жеткиликтүү контент
   D. Билбейм

**4. Эгерде аялдын сүрөтүн берүү менен гендердик балансты сактоону кааласак, анда .......басым жасалган тилди жана сүрөттү колдонушубуз керек**

A. Жаш курагына
B. Билимине жана тажрыйбасына
C. Аял жана эне катары ролуна
D. Билбейм

**5. Төмөнкү макала аталыштарынын кайсынысы бул билдирүүгө гендердик стереотип болуп саналбайт?**

*Мэри Сибанда жаңы эле жергиликтүү юридикалык кайрымдуулук уюмунун башкармалыгынын төрайымы болуп дайындалды. Ал - бул кеңешке төрайымдык кылган биринчи аял. Анын практик юрист катары жыйырма жылдык тажрыйбасы бар. Өзүнүн беш жылдык юридикалык карьерасында Мэри өзүнүн фирмасынын өнөктөшү болуп, юридикалык коомчулукта абдан кадыр-баркка ээ болду. Ал дүйнөгө белгилүү музыкант Таванда Сибандага турмушка чыккан. Алардын эки уулу бар.*

A. Эки баланын энеси юридикалык кайрымдуулук уюмунун башкармалыгынын төрайымы болуп дайындалды
B. Мэри Сибанда – кайрымдуулук уюмунун башкармалыгынын төрайымы болгон биринчи аял
C. Сибанда юридикалык кайрымдуулук уюмунун башкармалыгынын төрайымы болуп дайындалды
D. Билбейм

**6. Уюмда кайсы топ контентте гендердик балансты жакшыртуу үчүн өзгөртүү киргизиши керек?**

A. Медиада иштеген аялдар гана
B. Уюмдун лидерлери
C. HR командасы
D. Билбейм

**7. Медиаконтентте гендердик тең салмактуулукту сактоого ниеттенип жаткан медиауюмдун жетекчисинин милдеттерин көрсөткүлө.**

A. Контентте аялдарды тиешелүү деңгээлде байкаларлык кылып берүү; сексистик жана стереотиптик түшүнүктөр жана образдар менен күрөшүү; аялдар үчүн контентти мазмундуу кылуу, прогресске көзөмөл кылуу

B. Эркектерди чагылдырууну азайтуу; гезитте өзүнчө «аялдар бөлүмүн» ачууу; контенттин тилин жөнөкөйлөштүрүү
C. Эркектерди жаңылыктар сюжетинен алып салуу, аялдардын сюжети үчүн атайын убакыт бөлүү, контентте гендердик тең салмакты сактабаган журналисттерди аныктоо жана аларды тартипке салуу
D. Билбейм

**8. Фемицид бул – ...**

A. Феминисттик көз караштагы элдердин тобу
B. Феминизмге каршы башкача ыкмалар менен күрөшүү, мисалы, музейде жылаңач аялды демонстрация кылуу
C. Аялдардын эркектер тарабынан өлтүрүлүшү
D. Билбейм

**9. Төмөнкүлөрдүн кайсынысын зомбулук жөнүндөгү материалга камтууга болот?**

A. Зомбулукту ачык чагылдырган жана көрүүчүлөрдү ыйлаткан сүрөттөрдү жана видеолорду
B. Жардам көрсөтө алган кризистик борборлордун даректерин жана телефондорун
C. Жабырлануучунун ысымдарын, иштеген жерин жана ишин
D. Билбейм

**10. Гендердик баланс жөнүндө сөз кылганда гендердик тең салмактуу контент үчүн аялдар менен эркектердин максаттуу пайыздык шайкештиги кандай болот?**

A. 40%-60%
B. 50%-50%
C. 25%- 75%
D. Билбейм

Тесттин жооптору:
1. C. 2. A. 3. B. 4. B. 5. C. 6. B. 7. A. 8. C. 9. B. 10. B.

# III Бөлүм. Медиа мониторинги

## Лекция 7. Гендердик линза медиа мониторингинин негизги куралы

### 7.1. Гендердик линза, негизги түшүнүктөр жана анын түрлөрү
### 7.2. Медиада гендердик линзаны колдонуу өзгөчөлүктөрү

> ***Предметтердин интеграциясы***

Журналистика негиздери, журналисттик илик, дата-журналистика, жазуу жөндөмдөрү жана редакция кылуу, касташуу тили, фактчекинг, медиалык жана маалыматтык сабаттуулук.

> ***Негизги сөздөр***

Гендердик линза, андроцентризм линзасы, линза биологиялык эссенциализм линзасы, гендердик поляризация линзасы.

> ***Сабактын максаты***

*Когнитивдик максаты*

- Студенттер гендердик линза түшүнүгүнө аныктама бере алышат;
- Студенттер гендердик линзаны колдонуу чөйрөсүн түшүндүрө алышат.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: лекция***

## > Сабактын планы

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Практикалык көнүгүү «Түшүнүү үчүн сүрөт тартуу» | 10 мүнөт | Студенттер түшүнүк тууралуу өздөрүнүн билгендерин сүрөттөп беришет жана аны негиздешет | Жекече иш |
| 2-кадам | Гендердик линза, негизги түшүнүктөр жана анын түрлөрү | 40 мүнөт | Студенттер жоопторун аргументтештирүү менен гендердик линзага аныктама беришет жана анын түрлөрүнө, аташат | Жекече иш<br>Чакан лекция<br>Талкуу |
| 3-кадам | Медиадагы гендердик линзанын өзгөчөлүктөрү | 30 мүнөт | Медиадагы гендердик линзанын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөшөт, мисал келтиришет | Чакан лекция<br>Талкуу |
| 4-кадам | Практикалык көнүгүү "Түшүнүү үчүн сүрөт тартуу" | 10 мүнөт | Студенттер түшүнүк тууралуу өздөрүнүн билгендерин сүрөттөп беришет жана өзгөрүүлөрдү негиздешет | Жекече иш<br>Талкуу |

# 7.1. Гендердик линза, негизги түшүнүктөр жана анын түрлөрү

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 1 «Түшүнүү үчүн сүрөт тартуу»

Мугалим студенттерге барактарды таратып берип, 5 мүнөттүн ичинде «гендердик линзанын» абстракттык түшүнүк сүрөтүн тартууну сунуштайт. Жекече иш бүткөндөн кийин студенттер тарткан сүрөттөрүн түшүндүрүп беришет. Студенттер бири-биринин тарткан сүрөттөрүн талкуулашпайт жана комментарий бербейт. Мугалим студенттер тарткан сүрөттөрдү баалабайт, жөн гана кылган иштерине, пикирлерине ыраазычылык билдирет. Андан кийин сүрөттөр аудиториядагы атайын бөлүнгөн жерге жайгаштырылат.

### Чакан лекция

Мугалим алдын ала даярдалган презентацияны колдонуп чакан  лекция окуйт. Лекциянын жүрүшүндө студенттерге материалды терең ойлонуу үчүн бир катар тапшырмалар берилет. Ал тапшырмалар «Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар» деген параграфта берилген.

# Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

**Гендердик линза** кырдаалды талдоодо же конкреттүү ыкмаларды же программаларды иштеп чыгууда аялдар менен эркектердин ортосундагы учурдагы айырмачылыктарды эске алат. Линзанын ар кандай теориялары бар. Эң кеңири тарагандардын бири - Сандра Бэмдин маданият линзасы теориясы.

Сандра Бем маданияттын линзалары жөнүндөгү өзүнүн теориясын «Гендердик линзалар. Гендердик теңсиздик проблемасына көз караштардын трансформациясы» (1993) монографиясында киргизген. Маданияттын линза теориясы жыныстык негизде ички системанын (таануу системасы) калыптаныш механизмдерин талдайт.

**Биринчи линза — маданий дискурска, коомдук институттарга жана адамдардын психикасына кирген андроцентризм линзасы.**

С. Бем өзүнүн теориясында чыныгы дүйнө менен биздин ортобузда маданиятта өнүккөн билим системасы бар, ошондуктан адамдар кыйшык күзгү сыяктуу патриархаттык система эмнеге чакырып жатканын көрүшөт деп эсептейт.

С. Бемдин теориясына ылайык жана ички процесстердин активдүүлүгүнүн принциптерине таянып, адамдын кабылдоосу тандалма – ал эркектер менен аялдардын полярдык кабылдоосунун кадимки схемасына туура келгенди тандап алат, ал эми эмне болгондугун сын көз менен карабайт, реалдуулукта өтө кеңири таралган, бирок эч кандай түрдө маданияттын алкагына туура келбейт. С. Бем адамдык сапаттарга жана жүрүм-турумга эркектик жана аялдык белгилерди кошуу идеясын сындаган. Мындан радикалдуу жыйынтык чыгат: эркек жана аял болуу үчүн

эч нерсе кылуунун кереги жок. Анткени, биздин жынысыбыз төрөлгөндөн бери биз менен бирге.

С.Бемдин пикири боюнча, акыркы 150 жылдын ичинде азыркы коомдук аң-сезимде канчалык терең өзгөрүүлөр болгонуна карабастан, жыныс жана гендерге байланыштуу жашыруун буйруктар дагы эле маданий дискурстарда, коомдук институттарда жана адамдардын жан дүйнөсүндө камтылган бойдон калууда. С. Бем бул баштапкы позицияларды ***гендердик линзалар*** деп атайт. Алар коомдук институттарда калыптанган, ошондуктан алардын таасири өтө сезилет. Жалпысынан автор үч линзаны бөлуп көрсөтөт[21].

Биринчи линза — маданий дискурска, коомдук институттарга жана адамдардын психикасына кирген ***андроцентризм линзасы***.

## Студенттер үчүн ой жүгүртүү эксперименти

Мугалим студенттерге: «бир адамды элестеткиле» деп тапшырма берет.

*Комментарий:* Адатта, алар эркек адамды элестетишти болуш керек. Бул – табигый көрүнүш. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, көпчүлүк адамдар адамдын, социалдык тармактын колдонуучусунун, журналисттин, дарыгердин, балдар адабиятынын каарманынын эркек адам түрүндө элестетишет. Типтүү адамды эркекке теңөө — андроцентризмдин көрүнүштөрүнүн бири.

21 Линзы гендера и гендерная социализация // URL: https://kzref.org/gendernaya-psihologiya.html?page=10

# Андроцентризм деген эмне?

Бул маданий-социалдык салт болуп саналат, анда эркек жана анын тажрыйбасы норма катары каралат, ал эми аял жана аялдын тажрыйбасы жыныстын өзгөчөлүгүнө байланыштуу бул нормадан тышкары катары кабыл алынат.

Экинчи линза — бул ***гендердик поляризация линзасы***.

## Студенттер үчүн ой жүгүртүү эксперименти

Мугалим жагдайды сүрөттөп, студенттерге төмөнкү суроолорду берет.

1. Силер үч жаштагы кызга кызгылт же көк көйнөк сатып беришиңер керек болуп жатат. Кайсы түстөгү көйнөктү тандайсыңар?
2. Бала апасы менен дүкөнгө оюнчук тандаганы келди. Алар кайсы бөлүмгө барышат: машина жана роботтор бөлүмүнөбү же ашкана буюмдары жана куурчак саткан бөлүмгөбү?

*Комментарий*: көпчүлүк студенттер «кызгылт көйнөктү» жана «машина жана роботтор бөлүмүн» тандашат болуш керек.

Поляризация балалык кезде эле башталат, мында кыздар кызгылт түстү, эркек балдар оюнчук жүк ташуучу унааларды артык көрүүгө үндөшөт. Эркек менен аялдын ортосундагы айырма көптөгөн жолдор аркылуу балдарга берилет.

# Поляризация деген эмне?

Бул эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылыктар коомдук турмушка ушунчалык кеңири киргизилгендиктен, жашыруун алмаштыруу ишке ашат дегенди билдирет: маданияттын дээрлик бардык аспектилери, адамдык тажрыйбанын ар бир аспектиси биздин алдыбызда гендердик мүнөздөмөлөр менен ажырагыс байланышта пайда болот — кийим-кече стилине, социалдык ролдор, ал тургай сезимдерди билдирүү жана сексуалдык каалоону ишке ашыруу жолдоруна тиешелүү.

Үчүнчү линза — башка линзаларды логикалык жактан негиздеген жана мыйзамдаштырган, аларды аялдар менен эркектердин тукум куучулук биологиялык табиятынын табигый жана кутулгус кесепеттери катары көрсөткөн ***биологиялык эссенциализм линзасы***. С. Бем биологиялык фактыларды четке какпайт, бирок бул биологиялык кубулуштардын туруктуу, өз алдынча мааниси жок деп ырастайт. Аларга берилген маани маданият тарабынан кандайча түшүндүрүлүп, колдонулганына, ал эми социалдык мааниси тарыхый жана азыркы контекстке жараша болот.

С. Бемдин пикири боюнча, андроцентризмдин, гендердик поляризациянын жана биологиялык эссенциализмдин линзалары эркектердин бийлигин методикалык түрдө эки жол менен пайда кылат. Биринчиден, бул линзалар маданий дискурстарда жана социалдык институттар автоматтык түрдө аялдар менен эркектерди ар кандай жана тең эмес турмуштук кырдаалдарда калыптанган. Экинчиден, маданият менен таанышуу процессинде инсан акырындык менен маданияттын линзаларын өздөштүрүп, өзүнүн инсандыгын ошого ылайык калыптандырууга умтулат.

# 7.2. Медиада гендердик линзаны колдонуу өзгөчөлүктөрү

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көйгөйлүү маселелер жана аларды талкуулоо

Мугалим «Медиадагы гендердик линзанын өзгөчөлүктөрү» деген темага байланыштуу даярдалган суроолорду берет.

**Талкуу үчүн суроолор**

1. Медиадагы «гендердик линза» окуя же процесс аялдарга жана эркектерге кандай таасир этерин көрсөтө алабы?
2. «Гендердик линзаны» колдонуу журналисттик материалга кандай таасирин тийгизет?
3. Күндө көрсөтүлгөн жаңылыктар түрмөгүндө «гендердик линзанын» кандай мисалдарын келтире аласыңар?

### Чакан лекция

Мугалим алдын ала даярдалган презентацияга жана көйгөйлүү маселелерди талкуулоонун натыйжаларына таянуу менен чакан лекция өткөрөт.

# Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Гендердик линза аркылуу гендердик теңчиликке жана социалдык өзгөрүүлөргө жетишүүгө болот. Гендердик линза коомдук-социалдык турмушта гана эмес, медиа тармагында да маанилүү.

Гендердик линза бул журналисттерге дүйнөнү аялдардын жана эркектердин көзү менен кароого жана аялдар менен эркектердин тажрыйбалары, кызыкчылыктары жана муктаждыктары жөнүндө айтууга, алардын ой-пикирин чагылдырууга, аялдар менен эркектерге өз окуяларын айтууга жардам берет.

Гендердик линза окуянын же процесстин аялдарга жана эркектерге, кыздарга жана балдарга кандайдыр бир таасир тийгизгендигин көрсөтүп, журналисттерге окуяны гендердик көз караш менен карап, анын дагы бир маанилүү тарабын ачууга мүмкүндүк берет. Гендердик линза медиада чагылдырылган бир катар окуяларды жана темаларды кененирээк жана тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.[22]

Аялдар менен эркектер бир тектүү топ эмес экенин моюнга алуу маанилүү. Гендердик линзаны колдонууга аракет кылууда журналисттер аялдар менен эркектер таандык болгон коомдун татаал түзүлүшүн мүмкүн болушунча толук чагылдыруу үчүн ар кандай социалдык, маданий жана экономикалык тектеги аялдар менен эркектердин тажрыйбаларын жана көз караштарын (мисалы, класссты, расаны/кастаны/этниканы/ улутту, дини, жаш курагы, жайгашкан жери, билим деңгээли жана ден соолук абалы) эске алуусу зарыл.

Аялдар гана эмес, ошондой эле балдар, карылар, расалык/этникалык же диний азчылыктар, майыптар жана башка социалдык жана/же экономикалык кыйынчылыктарды башынан өткөргөн башка аярлуу топтордун көйгөйлөрүнө көңүл буруу да маанилүү. Албетте, бул топтордун ичинде

22 Макарайа С., Мориниер П. Учебное пособие по гендерно-этической журналистике и надлежащей политике медиакомпаний. Книга 2. Практические ресурсы // URL: https://new.waccglobal.org/wp-content/uploads/wacc-global/Images/highlights/ifj/learning-resource-kit-book-1-ru.pdf

аялдар жана кыздар дагы кошумча кыйынчылыктарга дуушар болушу мүмкүн.

Мындан тышкары, гендердик көйгөй аялдарга гана эмес, эркектерге да тиешелүү экенин эстен чыгарбоо керек. «Гендердик аспектилер жана кырсыктар тармагында» ((Gender Disaster Network, 2010) гендердик көйгөйлөр жана кырсыктар боюнча мындай айтылат: «Жыныс жана гендер кырсыкка чейинки, учурундагы жана андан кийинки адамдардын жашоосун аныктайт. Гендердик мамилелер эркектерге чечим кабыл алуу бийлигин берип, негизги ресурстарды аялдарга караганда көбүрөөк көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн бергени менен, гендердик иденттүүлүк жана гендердик нормалар алардын аярлуулугун жогорулатат».[23]

**Кесиптик чөйрөдө дагы эле гендердик маселе – тар профилдик тема, аны ушул сыяктуу «анча маанилүү эмес» сюжеттер менен алектенген адистер гана иликтешет, бул маселе «олуттуу», маанилүү жаңылыктарды гана чагылдырган журналисттерге тиешеси жок деген көз караш жашап келет.**

Медиада гендердик маселени жетиштүү деңгээлде чагылдырылбай жаткандыгынын негизги себеби: гендердик маселе жаңылыктардын күн тартибине коюла элек. Кесиптик чөйрөдө дагы эле гендердик маселе – тар профилдик тема, аны ушул сыяктуу «анча маанилүү эмес» сюжеттер менен алектенген адистер гана иликтешет, бул маселе «олуттуу», маанилүү жаңылыктарды гана чагылдырган журналисттерге тиешеси жок деген көз караш жашап келет. Гендердик маселелерди эске алуу чыр-чатактар жана кырсыктар, саясат жана бизнес, кылмыш жана жаза сыяктуу салттуу түрдө маанилүү жаңылыктарга тиешелүү окуяларды жана темаларды чагылдырууга оң таасирин тийгизе тургандыгы азырынча кеңири таанылa элек.

23 См. там же.

ЖМК жана бул чөйрөдө иштеген кызматкерлерге гендердик көйгөйдү негизги линза катары кароо маанилүү экенин аңдап түшүнүүгө убакыт келди. Ал линза аркылуу окуя жана тема толугу менен чагылдырылат.

Билдирилген маалымат ар тараптуу жана тең салмактуу болушу үчүн, кабарчылар гана эмес, редакторлор жана режиссерлор, фотографтар жана видеографтар, изилдөөчүлөр жана фактыларды текшерүү үчүн жооптуу адамдар, атүгүл дизайнерлер жана иллюстраторлор да көпчүлүк окуялар, кубулуштар жана саясат жашоонун ар кандай катмарлары үчүн ар кандай мааниге ээ экендигин эстен чыгарбашы керек..

Чындыгында, журналистика - бир максат менен баяндоо болуп саналат. Ал эми медиаларда окуяларды чагылдыруунун максаты - болуп жаткан учурду кабарлоо гана эмес, ошондой эле кырдаалды жөнгө салууга багытталган чаралар адилеттүү жана ар кандай топтордун өзгөчө муктаждыктарына жооп берүү үчүн ар кандай жабыр тарткан калкка (айрыкча, коркунуч жаралган адамдарга) болгон окуянын таасирин так көрсөтүү.

Маселен, медиа социалдык, экономикалык жана медициналык, санитардык кесепеттерге көңүл буруу менен коомчулукка да, бийликке да окуянын калктын түрдүү катмарына, анын ичинде аялдардын ар кандай категорияларына тийгизген таасирин жана анын кесепеттерин түшүндүрө алат. Ошол эле учурда алар жардамдашуу, реабилитациялоо жана кайра куруу процессинде адамдардын ар кандай топторунун тажрыйбаларын, ой-пикирлерин, муктаждыктарын, күчтүү жана алсыз жактарын жана ресурстарын эске алуунун маанилүүлүгүн баса белгилей алышат. Эгерде мамлекеттик уюмдар жана башка мекемелер аялдарга жана башка аярлуу топторго өзгөчө көңүл бурбаса, анда медианын милдети алардан эмне үчүн көңүл бурбай жатканын сурап, мындай аракеттердин зарылдыгын жана баалуулугун түшүндүрүү болуп саналат.

Сенсациялуу окуяларды чагылдыруунун алгачкы күндөрү журналисттерде гендердик жана башка аспектилерди кароого дайыма эле мүмкүнчүлүк боло бербейт. Бирок, гендердик (жана башка) факторлор адамдардын окуяны башынан өткөрүүсүнө жана анын кесепеттерине таасир этиши мүмкүн экенин билүү зарыл, баалуу жана мактоого арзыраарлык өзгөчө

окуяларды табууга жардам берет. Экинчи жагынан, гендердик жана башка негиздер жашоого кандай таасир этээрин түшүнбөсө, жабыр тарткан аялдардын айткандарына кызыкпаса (башындагы шок жана кайгырган абалынан башка), медиа кызматкерлери маңыздуу, ошондой эле таасирдүү окуяларды көз жаздымда калтырышы мүмкүн. Журналисттер аялдар менен байланышууга аракет кылып, башынан өткөргөн кырсыкты, чыр-чатакты же башка окуяны суроо менен өздөрүнүн кесиптик гана милдетин аткарбастан, ошону менен бирге өз сюжеттерин бир өңчөй эмес, оригиналдуу кыла алышат. Демек, алардын материалдары тез өзгөрүп жаткан медиа контенттин фонунда өзгөчө болуу ыктымалдыгын жогорулатат.

## «Түшүнүү үчүн сүрөт тартуу» көнүгүүсүн кайталоо

Мугалим студенттерге барактарды таратып, 5 мүнөттүн ичинде «гендердик линза» түшүнүгүн тартууну сунуштайт. Студенттер өзалдынча сүрөт тартышы керек. Башкалардын сүрөттөрүн кароого жана көчүрүүгө болбойт. Чакан лекцияга чейин студенттер тарткан сүрөттөрдү жаңы түзүлгөн сүрөттөр менен салыштыруу туура эмес түшүнүктөрдү жоюуга жардам берет. Мугалим студенттер менен өзгөрүүлөрдү талкуулап, аудиториянын теманы канчалык өздөштүргөндүгүн аныктай алат.

# ФАКТЫЛАР

1) Бишкек — «эркектердин» шаары. Анткени көпчүлүк топонимдер эркектердин аты менен байланышкан[24]. Ошентсе да аялдардын ысымы менен аталган көчөлөр да бар[25]. Мисалы: Бүбүсара Бейшеналиева, Уркуя Салиева, Динара Асанова атындагы ж.б. көчөлөрү[26].

---

24 Толковый онлайн-словарь С.И. Ожегова. // URL: https://dic.academic.ru/dic.nsf/ogegova/243022

25 Великие женщины, чьими именами названы улицы Бишкека : статья на веб-сайте Today.kg https://today.kg/news/41791/

26 «Женские» улицы Бишкека. Кем были эти женщины : статья на веб-сайте Kaktus.media/ // URL: https://kaktus.media/doc/388971_jenskie_ylicy_bishkeka._kem_byli_eti_jenshiny.html

# БУЛАКТАР

1. *Бем С. Л.* Линзы гендера: Трансформация взглядов на проблему неравенства полов. — М.: РОССПЭН, 2004. – 331 с.
2. *Сидорская И., Раду А.* Гендер и СМИ : учебное пособие для журналистов. [Электронный ресурс]. // URL: https://elib.bsu.by/bitstream/123456789/107773/1/Гендер%20и%20СМИ_Сидорская%2C%20Раду.pdf
3. Линзы гендера и гендерная социализация. // URL: https://kzref.org/gendernaya-psihologiya.html?page=10
4. Учебное пособие по гендерно-этической журналистике и надлежащей политике медиакомпаний. Книга 1. Концептуальные вопросы. / Ред. С. Макарайа, П. Мориниер, 2012 г. // URL: https://clck.ru/amSEk
5. Гендерно-чувствительные индикаторы средств информации : система показателей для оценки гендерной проблематики в деятельности и содержании. / Ред. А. Гризл, ЮНЕСКО, 2012. // URL: https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000368689/PDF/368689rus.pdf.multi

# Семинар 7. Гендердик линзаны жана медиа мониторингди практикалык колдонуу

**7.1. Гендердик линзаны колдонуу менен медиа материалдарды талдоо**

**7.2. Гендердик теңчиликти камсыз кылуу маселелери жана медиа**

**7.3. Практикалык иш: чакан медиа мониторинг**

> ***Предметтердин интеграциясы***

Журналистиканын негиздери, дата-журналистика, журналисттик илик, журналистикадагы маалыматтык технологиялар.

> ***Негизги сөздөр***

Гендердик линза, талдоо, кейс, мониторинг.

> ***Сабактын максаты:***

*Социалдык-эмоциялык максаты*

- Студенттер мониторингдин жана линзанын жеке жашоого тийгизген таасирин аныктай алышат;
- Студенттер гендердик линзанын жана мониторингдин максаттарын, милдеттерин атай алышат.

*Жүрүм-турумдук максаты*

- Студенттер гендердик линзаны колдонуу менен медиаконтентти баалай алышат;
- Студенттер гендердик линзаны жана медиамониторингди колдонуу боюнча өздөрүнүн варианттарын сунуштай алышат.

> ***Сабакты өтүү мөөнөтү: 90 мүнөт***

## > *Сабактын формасы: семинар*

## > *Сабактын планы*

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Гендердик линзаны колдонуу менен материалдары талдоо (1-2- кейстер) | 25 мүнөт | Студенттер медиаконтентти баалоо үчүн гендердик линзаны колдонушат | Мээге чабуул<br>Кейстерди талдоо<br>Талкуу |
| 2-кадам | Аялдын медиадагы орду жана ролу: журналист жана «Журналистикадагы аялдар» симпозиумунун президенти Меган Камериктин сүйлөгөн сөзү | 30 мүнөт | Студенттер аялдардын КР медиасында чагылдырылышын жана дүйнөлүк тажрыйбаны салыштырып, жыйынтык чыгарышат | Мээге чабуул<br>Видео көрүү<br>Талкуу |
| 3-кадам | Чакан медиа мониторинг | 35 мүнөт | Студенттер тандалган редакцияларда аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгүн баалашат | Изилдөө<br>Талдоо<br>Талкуу |

# 7.1. Гендердик линзаны колдонуу менен медиа материалдарды талдоо

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Мээге чабуул

Мугалим: медиада гендердик линза кандай максатта колдонулат? Ал контентке кандай таасир этет? деген суроолор аркылуу мээге чабуул жасайт. Андан кийин сабактын темасы, максаттары жана планы менен тааныштырат.

### Эки топто кейстер менен иштөө

Тапшырма: материалды окуп чыгып, аны топтордо талкуулагыла жана талкуунун жыйынтыктары менен бөлүшкүлө.

**I топ.**

### Кейс 1.

- «Атка минерлер өздөрүнө ыңгайлуулук үчүн кам көрүшкөн. Калгандары күтүп турушат» (2022-жылдын 22-апрелинде жарыяланган www.24.kg);
- «АЧК -11». Дыйкан-фермерлерге берилген насыя 3 млрд сомдон ашты» («Кабар» МА)

**Материалдарга шилтемелер:**

https://24.kg/obschestvo/231708_chinovniki_ozabotilis_komfortom_dlya_sebya_ostalnyie_podojdut/

http://kg.kabar.kg/news/achk-11-dyikan-fermerlerge-berilgen-nasyia-3-mlrd-somdon-ashty/

### Талкуу үчүн суроолор

1. Бул материалды гендердик сезимтал деп эсептөөгө болобу? Эмне үчүн?
2. Журналист материалды даярдоодо гендердик линзаны колдонгонбу? Пикириңерди далилдегиле?
3. Гендердик линзаны колдонуу менен бул материалды кантип иштеп чыгууга болот?

**II топ.**

### Кейс 2.

- «Одесса — Буча — Бишкек. Кыргызстандын тургуну согуш курчаган Украинадан кантип качкандыгын айтып берет» (2022-жылдын 6-августунда жарыяланган www.kloop.kg).
- «Кыргызстандагы жайдын символу болгон «шоро эжелердин» турмушу жана кыялы» (www.kloop.kg).

### Материалдарга шилтемелер:

https://kloop.kg/blog/2022/08/06/odessa-bucha-bishkek-urozhenki-kyrgyzstana-rasskazyvayut-kak-oni-bezhali-iz-ohvachennoj-vojnoj-ukrainy/

https://ky.kloop.asia/2023/06/29/kyrgyzstandagy-zhajdyn-simvolu-bolgon-shoro-ezhelerdin-turmushu-zhana-kyyaly/

### Талкуу үчүн суроолор

1. Бул материалды гендердик сезимтал деп эсептөөгө болобу? Эмне үчүн?
2. Журналист материалды даярдоодо гендердик линзаны колдонгонбу? Пикириңерди далилдегиле?
3. Эгерде силер редакциядан бул окуя жөнүндө материал даярдоо боюнча тапшырма алсаңар, аны кандай өңүттө берет элеңер?

Чакан топтордун иши аяктагандан кийин, лидерлер аткарылган тапшырманын жыйынтыгын баяндап беришет. Бул учурда мугалим гендердик линзаны студенттер айткан медиада материалдарды талдоо куралы катары колдонууну белгилейт жана студенттерге гендердик линзаны колдонууга жардам берүү менен аткарылган тапшырманы талкуулоону уюштурат.

# 7.2. Гендердик теңчиликти камсыз кылуу маселелери жана медиа

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Мээге чабуул

Мугалим студенттерге «КР медиасында аялдар жана эркектер кандай образда жана ролдо берилген?» деген суроонун үстүндө ойлонууну сунуштайт. Бардык жооптор кабыл алынат, мүмкүнчүлүгүнө жараша, негизги идеялар тактага класстер түрүндө жазылат.

### Видео көрсөтүү жана аны талкуулоо

Студенттер Меган Камериктин TED конференциясында сүйлөгөн «Аялдар ММКдагы аялдарды изилдеш керек» деген баяндамасы менен таанышат жана  бул маселелер боюнча анын мазмунун талкуулашат.

**Материалга шилтеме:**

https://www.ted.com/talks/megan_kamerick_women_should_represent_women_in_media/transcript?language=ru (Меган Камерик — журналист жана «Журналистикадагы аялдар» симпозиумунун президенти.  Журналист англис тилинде сүйлөйт. Видеонун жанында орус тилиндеги стенограмма менен таанышууга болот. Жалпы котормонун саны – 29).

### Талкуу үчүн суроолор

1. Силердин оюңар боюнча Кыргызстандын редакциялары Меган Камерик мисал келтирген редакциялар менен окшоштуктары барбы?
2. Глобалдык медиа мониторинги аял кабарчылар жазган окуялар эркектерге караганда стереотиптерге көбүрөөк каршы турууга жөндөмдүү экенин моюнга алды. Сиз ушул тыянакка кошуласызбы? Эмне үчүн?

## Тыянактар

Эл аралык жана медиа уюмдардын аракеттерине жана көңүл буруусуна карабастан, изилдөөлөр гендердик теңсиздикти жана аялдардын медиа чөйрөдө жетишсиз өкүлчүлүгүн каттайт. Глобалдык медиа мониторинг долбоорунун отчетуна ылайык, жаңылыктар үчүн маалымат булактары көпчүлүк учурда эркектер.

2005-жылдан бери аял-авторлорунун окуяларынын саны 37 пайыздын түздү. 2000-жылдан бери аялдарга арналган окуялардын жалпы саны 10 пайызды түздү. Экономикалык жана саясий чөйрөдө аялдардын катышуусунун эң төмөнкү деңгээли 5 пайыздан 7 пайызга чейин.

Бийликте жана саясатта аялдардын болушу башка аялдарга мамлекетке кызмат кылуу бир гана «эркектин оюну» эмес экенинен кабар берет. Бийликтеги аялдар башка аялдарга үлгү болуп, алардын амбициясын жана өзүнө болгон ишенимин арттырышат..

# 7.3. Практикалык иш: чакан медиа мониторинг

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

Окутуучу студенттер менен бирдикте сабакта изилдене турган ММ-Клардын санын аныктайт.

Мугалим студенттер менен биргеликте сабактын алкагында изилдене турган редакциялардын санын аныктайт. 3 топ түзүлөт (студенттердин каалоосу боюнча): басма (онлайн басылмалар), радио жана телевидение. Ар бир топ, өз категориясына ылайык, талдоо үчүн 3-4 редакцияны тандашы керек.

Тапшырма: талдоо үчүн берилген суроолорго жооп берип, редакциялык саясатта, жумуштун бөлүнүшүндө эркектер менен аялдардын өкүлчүлүгүн аныктоо.

*Бул практикалык иш студенттердин биринин өз алдынча ишинин же курстук ишинин башталышы боло алат.*

### Талдоо үчүн суроолор

3. Медиамониторингдин чегинде редакциялык коллегиянын курамына кыскача талдоо жасагыла: канча аял жана эркек иштейт, алардын канчасы жазат, ал эми канчасы медианы жетектейт (эркек жана аялдарды бөлүп саноо).
4. Редакцияда аялдарга жана эркектерге иштин бөлүнүшүн баалагыла: канча аял жана эркек менеджерлик жана аткаруу кызматтарын ээле-

шет, анын ичинде директорлук кызмат, башкы редактор, фотограф, саясий серепчи, репортер болуп иштешет. Ошондой эле төмөнкүлөрдү да баалагыла:

- саясий бөлүмдөрдө канча аял жана эркек серепчи бар экендигин;
- башкаруу түзүмүндө канча аял жана эркек  бар экендигин;
- акча боюнча:
    - ким жогорку маяналуу кызматта иштейт;
    - ким төмөнкү маяналуу кызматта иштейт.

## Тыянактар

Улуттук жана эл аралык мыйзамдар коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө эркектер менен аялдарга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө милдеттендирет. Медиа аялдардын үнүн тиешелүү көлөмдө, ошондой эле биринчи беттерде бериши керек: саясатчы  жана бизнес айымдарды эркектер менен бирдей деңгээлде камсыз кылышы керек.

Медиа жетекчилери этикалык маселелерге көбүрөөк көңүл бурушу зарыл. Медиадагы баланс коллективдеги балансстан башталат.  Журналист айымдар эркек журналисттер менен бир эле журналистика факультеттеринде окуп, бирдей диплом алышат. Демек, экөө тең кабарчы гана эмес, башкы редактор болуп да иштей алат, экөө тең саясат, экономика жөнүндө жазып, же журналисттик иликтөө жүргүзө алышат.

# Лекция 8. Гендердик анализдин куралдары жана ыкмалары

## 8.1. Медиа Мониторинги: түшүнүктөр, түрлөрү, колдонулушу

## 8.2. Медиа материалдарды талдоодо мониторингдин ролу: эл аралык жана ата мекендик тажрыйба

## 8.3. Медиа мониторингинин методологиялык жана усулдук негиздери

> ***Предметтердин интеграциясы***

Журналистиканын негиздери, дата-журналистика, журналисттик илик, журналистикадагы маалыматтык технологиялар, мультимедиалык журналистика.

> ***Негизги сөздөр***

Медиа мониторинг, талдоо, индикатор, көрсөткүчтөр, методология.

> ***Сабактын максаты***

*Когнитивдик максаты*

- Студенттер медиа мониторинг деген эмне жана аны кантип жүргүзүү керектигин түшүндүрүшөт;
- Студенттер мониторингдин колдонуу чөйрөсүн сыпатташат.

> ***Узактыгы: 90 мүнөт***

> ***Сабактын формасы: лекция***

## > Сабактын планы

| Сабактын кадамдары | Сессиянын аталышы | Узактыгы | Күтүлүүчү натыйжалар | Сабакты өтүү ыкмалары |
|---|---|---|---|---|
| 1-кадам | Көнүгүү «Сөздөрдүн булуту» | 5 мүнөт | Студенттер теманы жана тема боюнча суроолорду түзүшөт | Көнүгүү Талкуу |
| 2-кадам | Медиа мониторинг: түшүнүктөр, түрлөрү, колдонулушу | 25 мүнөт | Студенттер мониторинг түшүнүгүнө аныктама беришет, анын түрлөрүн жана колдонулушун мүнөздөшөт. | Презентациясы жана талкуусу менен чакан лекция |
| 3-кадам | Медиа материалдары талдоодо мониторингдин ролу: эл аралык жана ата мекендик тажрыйба | 25 мүнөт | Студенттер медиа материалдарын талдоодо мониторингдин ролун түшүндүрүп беришет, эл аралык жана ата мекендик тажрыйбалардан мисалдарды келтиришет | Презентациясы жана талкуусу менен чакан лекция |
| 4-кадам | Медиа мониторингинин методологиялык жана усулдук негиздери | 35 мүнөт | Студенттер медиалык изилдөөлөрдүн сандык жана сапаттык усулдарына басым жасашат | Презентациясы жана талкуусу менен чакан лекция |

# 8.1. Медиа Мониторинг: түшүнүктөр, түрлөрү, колдонулушу

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 1 «Сөздөрдүн булуту»

Мугалим алдын ала онлайн генератордун жардамы менен  чакан лекциядан алынган  бир же андан көп абзацтан турган сөз булутун түзөт (Wordle, Taxedo же Tagul караңыз).   Студенттерге теманы болжолдоп, алар буга чейин билгендерин жана эмнени билгиси келерин кыскача айтып берүү сунушталат. Бул  көнүгүү студенттерди кызыктырууга жана теманын лексикалык-семантикалык талаасын аныктоого жардам берет.

### Чакан лекция

Мугалим алдын ала даярдалган презентацияга таянуу менен жана 1-көнүгүү учурунда студенттердин айтылган каалоолорун эске алуу менен чакан лекция өткөрөт.

# Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

**Мониторинг** — чечимдерди кабыл алуу процессин өркүндөтүү, ошондой эле кыйыр түрдө коомчулукка маалымдоо же түз долбоорлорду ишке ашыруу, программаны баалоо же саясатты иштеп чыгуу үчүн кайтарым байланыш куралы катары колдонулган маалыматтарды системалуу чогултуу жана иштеп чыгуу.

Медиа мониторинги белгилүү бир социалдык баалуулуктарды, мамилелерди жана нормаларды сактоодо маанилүү роль ойнойт. Медиа өкүлчүлүктөр калыптанган маданий нормаларды бузуп, айрым субъекттер үчүн жаңысын түзүшү мүмкүн же калыптанып калган практикаларды жана иерархияларды бекемдейт.

Азыркы учурда медиа гендердик жана феминисттик изилдөөчүлөрдүн кызыгуусунун чордонунда турат. Алар гендердик стереотиптерди сактоодо медиа өзгөчө роль ойноорун баса белгилешет.

Негизги көйгөйлөрдүн бири – аялдардын медиада салыштырмалуу аз болушу. 107 өлкөдө жүргүзүлгөн дүйнөлүк медиа мониторингине ылайык, 2015-жылга карата медиада аялдардын берилишие 24% түзгөн.

Аялдар президент жана кеме капитандары болуп жатышат, космоско учушат, эркектердин футболдук командаларын машыктырышат, симфониялык оркестрлерди жетектейт жана салттуу түрдө эркектики деп эсептелген көптөгөн башка кесиптерде мыкты ийгиликтерге жетишишет. Ошого карабастан, гендердик стереотиптер бүгүнкү күнгө чейин медиада, тасмаларда жана жарнамада үстөмдүк кылууда.

Мисалы, миңдеген окурманы бар «АкиПресс-Турмуш» сайтында жарыяланган күйөөсү кызганычтан улам аялын өлтүргөн окуя боюнча материалды алалы. Макаланын «Шек санаган жигит досу экөө аялынын «ойношунан» өч алган. Үйүнөн качып чыккан келиндин кабары»[27] деген аталышы

27 Шек санаган жигит досу экөө аялынын «ойношунан» өч алган. Үйүнөн качып чыккан келиндин кабары // Веб-сайт Turmuch. URL: https://www.turmush.kg/news:474601

криминалдык тасманын сюжетин сүрөттөп жаткандай сезим калтырат. Макаланын аталышында аялдын «ойношу болгон» деп негизсиз айыптоо менен кылмышкерди актоо аракети камтылган. Материалды окуганда автордун журналисттик этиканы сактабаганын, гендердик сезимтал эмес экени көрүнүп турат. Бул бир эле мисал. Мындай мисалдар башка маалымат каражаттарында да көп кездешет.

Бирок дайыма эле жарнама жаратуучулар же буйрутма берген тарап сындан улам жарнамаларын алып салышпайт. Мисалы, «Намба Такси» компаниясы (2018) өзүнүн айдоочуларынын биринин иши жөнүндө комикстерди чыгарган. Андан тышкары, комикстин каармандары аял жүргүнчүлөр (бир гана учурда — эркек жүргүнчү) болушкан. Сүрөттөр бөлүгүндө такси кардарларын маанайы, акылсыздыгы, ач көздүгү, көп сүйлөгөндүгү жана «көзкарандысыздыгы» үчүн шылдыңдашат. Айрым колдонуучулар жана активисттер бул комикстерди сыйга жатпаган жана сексисттик деп эсептешкен. Намба Такси колдонуучулардын реакциясын «күтүүсүз, бирок маанилүү» деп атап, жаңы контентти түзүүдө эске алууну убада кылган.[28]

Мындай көрүнүштөр медиага гендердик сезимталдык боюнча үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү зарылдыгын көрсөтүп турат. Тексттерге, материалдарга гендердик талдоо жүргүзүү жана бул жааттагы журналисттердин, операторлордун, редакторлордун, дизайнерлердин, продюсерлердин ж.б. билимдерин дайыма өркүндөтүү талап кылынат.

Эреже боюнча, медиа мониторинг 4 фазаны камтыйт:

1) бир катар потенциалдык булактарга байкоо жүргүзүү (басылмалар, онлайн басылмалар, радиостанция, телеканал, ж.б.);
2) медиа материалдарды көчүрүү, архивдөө;
3) фильтрирлөө жана категорияларга бөлүү;
4) чогултулган материалды андан ары талдоо үчүн өткөрүп берүү.

Медиа мониторингинин продуктусу мезгилдүү басылманын же интернет-басылманын макаласынын үзүндүсү же толук тексти, клиппинг (макаланын түп нускасында жарыяланган формасында графикалык сүрөтүн

28 «Намба Такси» выпустило комиксы со стереотипными шутками о женщинах. Что с этим не так? // Веб-сайт Kloop.kg. URL: https://kloop.kg/blog/2018/10/12/namba-taksi-vypustilo-komiksy-so-stereotipnymi-shutkami-o-zhenshhinah-chto-s-etim-ne-tak/

камтыган кагаз же электрондук документ), уктуруунун стенограммасы, видео же аудио жазма берүү, эфирдик маалымат, статистикалык отчет, дайджест болушу мүмкүн.

Медиага мониторинг жүргүзүү адатта издөө тутумдарын (серверлерди) же адистештирилген медиа базаларын же автоматташтырылган шаймандарды колдонот. Мындай куралдар кызматкерлердин түйшүгүн олуттуу жогорулатпастан, контенттеги гендердик балансты өлчөөнү жеңилдетет.

# «Жаңылыктардагы аялдар» (WIN) программасынын гендердик трекери

WIN бир нече көрсөткүчтөр боюнча контенттеги гендердик балансты көзөмөлдөө үчүн ички куралды түздү. WIN өз ишинде жаңылыктардын контентин талдоо , тенденцияларды жана прогрессти көзөмөлдөө үчүн гендердик трекерди колдонот. Учурда ал ички колдонуу үчүн гана. Келечекте аны медиа индустрияга жеткиликтүү кылуу пландары бар.

## Гендердик теңчилик трекери

Белгилүү бир өлкөдөгү бир нече жаңылык ресурстарынын контентинде эркектер менен аялдардын өкүлчүлүгүн көзөмөлдөгөн курал.. Программа жакында жарыяланган макалаларды окуп, эркек же аял ысымдарын же эркек же аял ат атоочторун канча жолу тапканын эсептейт.

## Gendermeme

Бул табигый тилди иштетүүнү колдонуу менен мазмундагы гендердик балансты толук талдоо үчүн кызмат кылган ачык булак куралы. Ал ошондой эле өз куралдарын түзүүнү каалаган уюмдар тарабынан колдонулушу мүмкүн.

## Her headline

Her Headline-Chrome тарабынан спорттук медиада гендердик теңчиликке багытталган кеңейтүү. Her Headline спорттук макалалардын сканерлөө аркылуу гендердик көз караштагы сөздөрдү жана сөз айкаштарын тандап жана эмне үчүн алар сексисттик жана көйгөйлүү болушу мүмкүн экенин түшүндүрөт. Бул Кембридж университетинин басмаканасынын колдоосу менен ишке ашырылган ЮНЕСКОнун демилгеси.[29]

Гендердик тең салмактуулукту өлчөө үчүн алдын ала даярдалган онлайн куралдарынан баштап, жеке электрондук жадыбал куралдар, негизги кол менен эсептөөгө чейин бир катар hi-fi жана lo-fi ыкмалар бар. Уюмдар өздөрүнүн ресурстарына жараша опцияны тандап алса болот. Мисалы, Integrum же Medialogy ж.б.у.с. Бул онлайн кызматтар медиада камтылган маалыматты издөө, чогултуу, иштеп чыгуу жана талдоо үчүн иштелип чыккан. Бул акы төлөнүүчү медиа мониторинг кызматын аткаргандыктан аны ар бир эле уюм колдоно албайт. Ошондой эле телерадиоберүүлөрдүн, басылмалардын, онлайн-басылмалардын сайттарындагы материалдардын мазмунунун сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн талдоого негизделген мониторинг жүргүзүү усулдары бар.

Мониторинг журналистикада гендердик талдоонун негизги куралы болуп эсептелет. Анын жардамы менен өнүгүүнү жана натыйжаларды көзөмөл-

29 Пособие по гендерному балансу для медиа // Веб-сайт «Женщины в новостях». URL: https://genderbalancecontent.womeninnews.org/ru/#chapter-6

дөсө болот. Бул белгилүү бир аймактагы эркектер менен аялдардын катышынына статистикасы үчүн зарыл. Мындан тышкары, жөн гана прогрессти көзөмөлдөөдөн башка, редакцияларга, телерадиокомпанияларга, онлайн-басылмаларга гендердик тең салмактуулукту сактоо үчүн кандай иш-аракеттерди жасоо боюнча кеңеш берүү үчүн маалымат керек.

Медиада гендердик тең салмактуулукту камсыз кылышы керек, анткени аялдар менен эркектерге бирдей мамиле кылуу азыркы демократиялык коомдун өзөгүн түзгөн негизги аныктоочу укук жана анын өнүгүшү үчүн зарыл.

Гендердик теңчилик – адамдык баалуулуктардын башында турган ар бир адамдын негизги укугу. Журналисттердин атуулдук милдети – жалпы адамзаттык баалуулуктарды сактоо жана жайылтуу. Гендердик теңчиликти медианын күнүмдүк ишмердүүлүгүнө киргизүү алардын баалуулуктарын колдонуу менен барабар.

# 8.2. Медиа материалдарды талдоодо мониторингдин ролу: эл аралык жана ата мекендик тажрыйба

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 2 «Медиа мониторингинин практикалык баалуулугу»

Мугалим студенттерди медиа мониторингинин функциясы кандай жана анын жыйынтыктарын журналисттер кантип колдоно алары тууралуу өз пикирин айтууну сунуштайт.  Студенттердин жоопторун тактага татаал кластер катары жазууга болот жана медиа мониторинг функциялары менен журналисттердин анын натыйжаларын колдонуу мисалдарынын ортосундагы мамилелерди көрсөтөт. Көнүгүү мурунку сессиянын мазмунун системага салууга мүмкүнчүлүк берет.

### Чакан лекция

Мугалим алдын ала даярдалган презентацияга таянуу менен жана 2-көнүгүүнүн алкагында талкуунун жыйынтыгын эске алуу менен чакан лекция өткөрөт.

# Рекомендуемые материалы для подготовки мини-лекции

**Көбүнчө медиаларда эркектер саясат жана экономика тармагында, ал эми аялдар оюн-зоок жана шоу-бизнес тармагында эксперт катары көрсөтүлөт**

Медианын мониторинги маалыматтык түшүндүрүү иштерин аналитикалык колдоонун маанилүү компоненти болуп саналат. Медиа маалыматтык түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө коммуникациянын эң маанилүү каналдары болуп саналат. Бул аларга ар тараптуу мониторинг жүргүзүүгө шарт түзөт. Медиадагы гендердик теңчиликтин тенденцияларын аныктоо, аялдардын медиадада аз санда катышканын шарттаган факторлорду аныктоо жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы  медианын ордун түшүнүү үчүн дүйнөнүн ар кыл өлкөлөрүнөн келген редакциялар жана журналисттик ассоциациялар медиага мониторинг жүргүзүп, телерадиоберүүлөрдүн же гезиттердин контентинде этика нормаларынын сакталыш даражасы жана адам укуктарын, анын ичинде аялдардын жана балдардын зомбулуксуз жашоого укуктарын коргоо боюнча чараларды ишке ашырууга катышуусун аныктап жатышат.

Мониторинг аялдардын жана эркектердин кесиптик статусунун чагылдырылышын көзөмөлдөөгө да мүмкүндүк берет. Көбүнчө медиаларда эркектер саясат жана экономика тармагында, ал эми аялдар оюн-зоок жана шоу-бизнес тармагында эксперт катары көрсөтүлөт. Колдонулган эпитеттерди талдап чыгуу зарыл. Адатта, эркектерге карата «акылдуу», «чечкиндүү», «күчтүү», «өтө ийгиликтүү» сыяктуу сын атоочтор; «чечүү», «кабыл алуу», «башкаруу», «уюштуруу», «дайындоо» сыяктуу этиштер колдонулса, алар дирек-

тор, менеджер, министр, кеңешчи, жетекчи, юрист сыяктуу кесиптердин өкүлдөрү болушат. Ошол эле учурда аялдарды сыпаттаган эпитеттер жана этиштер аялдар эркектер менен бирдей билим алып, кесипкөйлүккө ээ болуп жатканына карабай, аларды алсыз кылып сүрөттөйт.

Эркектер менен аялдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн өнөктөш моделин чагылдырган сүрөттөр ар дайым биринчи беттерде же саясий тилкелерде орун таба бербейт. Медиада сүрөттөр көбүнчө гендердик стереотиптерди жана гендердик дисбалансты чагылдырат. Расмий кийимчен эркектер - саясатчылар, лидерлер ыйгарым укуктарды бөлүштүрүп, чечим кабыл алышат. Аялдар, адатта, угуучулар же жардамчылар, кол алдындагылар катары көрсөтүлөт. Сексуалдык зордук-зомбулукка кабылган аялдарды көбүнчө баштарын жерге салган түрдө көрсөтүшөт. Зордук-зомбулуктан жабыркаган адамды күнөөлөбөш керек!

Мониторингдин натыйжалары медиадагы конкреттүү кемчиликтерди, редакциялардын ишиндеги алсыз жактарды көрсөтүү менен тыянактарды жүйөлөштүрүүгө жардам берет. Корутундулар жана сунуштар материалдарда гендердик тең салмактуулукка жетишүү боюнча теңчилик жөнүндө мыйзамдардан тартып редакциялык этикага чейинки сунуштарды камтууга тийиш. Кээ бир медиаларда аялдарды сыпаттоодо стереотиптик тил колдонулат. Бул этикалык эрежелерге туура келбейт. Басма кызмтакерлери туура тилди колдонуу менен стереотиптерди, жек көрүүчүлүктү, коомдун бардык мүчөлөрүн басмырлоону жок кылууга салым кошо алышат.[30]

Кыргызстанда аялдар менен эркектердин шайлоо компанияларында, жетекчилерде, күч түзүмдөрүндө, мамлекеттик органдарда, Медиада өкүлчүлүктөрүнө да мониторинг жүргүзүлөт. Бүткүл өлкө боюнча гендердик өкүлчүлүккө масштабдуу медиа мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Кыргызстанда эркектер менен аялдардын өкүчүлүгү боюнча: шайлоо кампанияларда, жетекчиликте, укук коргоо органдарында, мамлекеттик органдарда, медиада мониторинг жүргүзүлөт. Бирок бүткүл өлкөдө гендердик чагылдыруу боюнча масштабдуу медиамониторинг жүргүзүлгөн эмес.

30 Сидорская И., Раду А. Гендер и СМИ : учебное пособие для журналистов // URL: https://elib.bsu.by/bitstream/123456789/107773/1/Гендер%20и%20СМИ_Сидорская%2C%20Раду.pdf

«ЖМКларды колдоо борбору» коомдук фонду тарабынан БУУнун Аялдар түзүмү менен өнөктөштүктө гендердик сезимтал журналистиканы өнүктүрүү боюнча долбоордун алкагында максаттуу редакцияларга мониторинг жүргүздү. Мониторингдин максаты Ош шаарынын, Нарын жана Чүй облустарынын медиа уюмдарында гендердик көйгөйлөрдү чагылдыруу, гендердик өкүлчүлүк предметине карата медиа контентти изилдөө болгон.

Мониторинг саясат, экономика жана социалдык жаңылыктар багыттары боюнча максаттуу редакциялардын арасында жүргүзүлдү. Жалпысынан 19 редакциядан 4792 материал талданды. Тандалып алынган материалдарда экономикалык чөйрөдө аялдардын катышуусу 27% ды, ал эми социалдык жаңылыктарда — 31% ды түздү. Саясий мүнөздөгү жаңылыктардын каармандары катары аялдардын катышуусу белгиленди.

Аялдардын мамлекеттин саясий турмушуна активдүү катышуусунун себеби жергиликтүү кеңештерге жана Жогорку Кеңешке шайлоолордо аялдар үчүн 30% квота менен байланышат. Шайлоо алдында саясатчы аялдардын, талапкер аялдардын ишмердүүлүгү көбүрөөк чагылдырыла баштады. Аялдардын катышуусунун жана активдүү аракеттеринин өсүшү Кыргызстанда белгиленип жаткан Энелер күнүнүн, шайлоонун жыйынтыктарынын эсебинен өстү, анткени бардык медиа депутат аялдарга жана баатыр энелерге арналган материалдарды даярдады. Мисалы, төмөнкүдөй материалдар жарыкка чыккан: «Үлгүлүү баатыр эне», «Нарын шаардык мэриясы энелерди майрамдатууда», «Чемпиондордун энесине сый урмат», «Жумгал: энелер күнү белгиленди» ж.б.

Медиамониторлор белгилегендей, материалдарды даярдоодо журналисттер аялдарды башкы каармандар жана эксперттер катары тарта баштады. Ишкерлер арасында ийгиликтүү аялдардын позитивдүү мисалдары, «стереотиптик адистиктер» менен материалдар пайда болду. Бирок, бул массалык мүнөзгө ээ эмес экенин моюнга алуу керек. Көпчүлүк учурда кыргызстандык медиа гендердик теңчилик жана гендердик зомбулукту жоюу маселелеринде сезимтал эмес.

# 8.3. Медиа мониторингинин методологиялык жана усулдук негиздери

## Сабактын усулдары жана ыкмалары

### Көнүгүү 3. Медиа гендердик мониторинги эмнени көзөмөлдөйт?

Муглаим студенттерге гендердик мониторингде эмнени талдоого алауу керек боюнча өз оюн айтууну сунуштайт. Студенттердин жообу тактага эки тизме түрүндө жазылат: биринчи тизмеге анализге алынып жаткан сандык (мисалы, басма/онлайн басылмалардын биринчи бетинде берилген аялдардын/эркектердин сүрөтүнүн саны) маалымат жазылат. Экинчи тизмеге – сапаттык (аялдардын/эркектердин сүрөтүндө катылган идеялардын сыпатталышы) маалымат жазылат.

### Чакан лекция

Мугалим алдын ала даярдалган презентациясы жана студенттердин жоопторун эске алуу менен чакан лекция окуйт.

## Чакан лекцияны даярдоо үчүн сунушталган материалдар

Көпчүлүк медиаконтент аялдарды үй кожойкелери же жабырлануучу сыяктуу стереотиптик ролдордо чагылдырат. Аялдардын сырткы көрүнүшү, жашы, үй-бүлөлүк абалы сыяктуу өзгөчөлүктөргө шилтемелер көбүрөөк болот. Ал эми эркектер көбүнчө таасирдүү коомдук жана саясий ишмер катары көрсөтүлүп, медиа алардын кесиптик чеберчилигине көбүрөөк көңүл бурушат. Кеңири талдоо жана жогорудагы гипотезаны тастыктоо үчүн медиага мониторинг жүргүзүү максатка ылайыктуу.

# Гендердик мониторингдин методологиясы

1. Медиада гендердик катышты талдоо:
    - макалаларга талдоо жасоо (радио- же телеберүү): кесипкөй жана эксперт катары тартылган аялдардын жана эркектердин саны;
    - аялдардын жана эркектердин сүрөттөрүнө талдоо жасоо: саны, ролу жана жайгашкан орду (башкы жана акыркы бетте, жаңылыктын башында жана аягында);
    - жумуш берүү боюнча жарыяларга талдоо жасоо: жогорку маяналуу жумуштарга эркектерди гана алышабы же аялдарды дагыбы;

- редакциялык жамааттарга гендердик талдоо жүргүзүү: редакцияларды ким башкарат: аялдарбы же эркектерби, эмне үчүн, жаңылыкты ким жасайт, ким чечет, эфирде эмне болот жана жыйынтык канчалык деңгээлде тең салмактуу?

2. Медиада гендердик катыштыкты талдоо жүргүзүүдөн мурун мониторингдин объектисин аныктап алуу зарыл. Мониторингдин объектиси мезгилдүү басылмалар/онлайн басылмалар, радиоуктуруулар же телекөрсөтүү боло алышат. Объектини изилдөөнүн башында аныктоо керек, башкача айтканда, талданууга тийиш болгон *рубрикалар, авторлор, бөлүмдөр* атайын белгилениши керек.
3. Андан кийин гендердик катыштык боюнча медиага мониторинг жүргүзүүнүн максатын аныктоо керек:
   - медиада гендердик маселелерди чагылдыруунун өзгөчөлүктөрүн кароо;
   - тандалган материалдарда гендердик катыштык үчүн медиа контентти изилдөө;
   - талдоого алынган медиа гендердик теңчилик маселелерин канчалык деңгээлде объективдүү жана тең салмактуу чагылдыргандыгын аныктоо.
4. Маалыматты тандоонун максаттары жана ыкмасы такталгандан кийин биз изилдөөнү жүргүзүүгө өтөбүз. Бул үчүн, талдоо жана үлгүлөрдү алуу ыкмаларынын көлөмүнө байланыштуу маселелер чечилет. Медиага мониторинг жүргүзүүдө маалыматтарды чогултуунун үч ыкмасы колдонулат:
   - сандык;
   - сапаттык;
   - сандык-сапаттык (контент-анализ).

   Алгачкы маалыматтарды чогултуу жана кийинки контент-анализ үчүн документтештирүү, адатта, атайын индикаторлорду колдонуу менен кол менен жүргүзүлөт. Чогулган маалымат ар бир материал боюнча өзүнчө аналитикалык таблицаларда документтештирилет (жаңылык / макала / видеосюжет).

5. Андан ары редакция тарабынан тандалып алынган гендердик мониторинг үчүн индикаторлор аныкталат.

   5.1. Материалдын идентификациялык маалыматтарын аныктоо керек (мисалы, басылманын номери, күнү, бети – эгер оффлайн болсо, шилтеме/скрин – онлайн болсо). Ошондой эле, материалдын авторлорунун көрсөткүчү өтө маанилүү, бул журналисттердин санын көзөмөлдөөгө, автор менен материалдын каармандарынын ортосундагы байланышын текшерүүгө жардам берет (мисалы, эркек журналисттер өз материалдарында эркек жынысына көбүрөөк орун беришеби же жокпу).

**Таблица 8.3.1. Гендердик мониторингдин индикаторлору**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Жарыяланган же чыккан күнү күнү | Күнү/айы/жылы |
| 2. | Басылмалар үчүн | Басылманын №, беттердин № |
| 3. | Онлайн басылмалар үчүн | Материалга шилтеме/скрин |
| 4. | Материалдын автору | ☐ Аял<br>☐ Эркек<br>☐ Белгисиз |

5.2. Материалдын мазмуну

Алгач изилдей турган рубриканы аныктап алуу керек. Бул ар кайсы чөйрөлөрдө медиа аялдар менен эркектердин ролун жана ордун кантип чагылдырууда негизги көрсөткүчтөрдүн бири. Көпчүлүк учурда саясий жана экономикалык чөйрөдө эркектер, социалдык чөйрөдө аялдар басымдуулук кылат. Ушуга байланыштуу деталдуу талдоо үчүн бул багыттарды алуу сунушталат.

5.2.1. Тематикалык блок

Бул жерде материал жарыяланган рубрика тандалат.

*Көрсөткүчтөрү*

- саясий;
- экономикалык (бизнес, ишкерлик);

- социалдык (маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо)

5.2.2. Кыскача сыпаттама

Материалга кыскача мүнөздөмө берүү керек жана аялдар менен эркектердин коомдогу өзгөчөлүктөрүн жана ролдорун ачык сексисттик чечмелөөлөрдүн болгондугун же болбогондугун аныктоо үчүн материалды талдоо зарыл. Салттуу "аял"/"эркек" мүнөздөмөлөрүн, ошондой эле коомдогу эркек/аял ролдорун чагылдыруу. Материалдын авторлору / кабарчылар/ алып баруучулар колдонгон сексисттик тилдин болушу (цитаталарды тикелей келтирген учурларды кошпогондо). Мисалы, жыныстык же гендердик ролго негизделген бир жактуулукту, басмырлоону же стереотипти көрсөтүү.

5.2.3. Материалда адамдардын катышуусу

Төмөнкү көрсөткүчтөрдү чагылдыруу үчүн фильтр катары колдонулган материалды бөлүү индикатору. Материалда адамдар жок болсо, кийинки көрсөткүчтөр чагылдырылбайт.

*Көрсөткүчтөр*

- бир адам катышат
- бир канча киши катышат
- катышпайт

5.2.4. Башкы каарман

Материалда эркектин/аялдын башкы каарман катары катышуусу анын негизги көрсөткүчү. Бул көрсөткүчтүн жардамы менен тандалган рубрикаларга эркектердин/аялдардын катышуу деңгээлин аныктоого болот.

*Көрсөткүчтөр*

- эркек
- аял
- паритет
- эркектер басымдуу кылат
- аялдар басымдуу кылат
- жагы белгисиз

5.2.5. Башкы каармандын образы

Каармандын образын аныктоочу индикатор, анын жардамы менен тандалган рубрикаларда эркектер/аялдар кандай өңүттө чагылдырылганын аныктоого болот.

*Көрсөткүчтөр*

- оң
- нейтралдуу
- терс

Материалдагы каармандын иш-аракети. Эгерде ал аракетте болсо, анда – активдүү, иш-аракеттерди аткарбаса – пассивдүү.

*Көрсөткүчтөр*

- пассивдүү
- активдүү

5.2.6. Экинчи орундагы каармандар

Материалда экинчи орундагы каарман катары эркектердин/аялдардын катышуусунун негизги көрсөткүчү. Бул көрсөткүчтүн жардамы менен тандалган рубрикаларга эркектердин/аялдардын катышуусунун даражасын аныктоого болот.

*Көрсөткүчтөр*

- эркек
- аял
- эркектер басымдуу кылат
- аялдар басымдуу кылат
- аныктоого мүмкүн эмес

5.3. Тексттик материалга карата сүрөттөр

Материалда сүрөттүн болушу — негизги көрсөткүч. Бул көрсөткүч сүрөттөр менен коштолгон материалдарды башкалардан бөлүп турат жана ага кийинки эки көрсөткүчтү чогултуу көз каранды болот. Сүрөттө эч ким жок болсо, андан аркы көрсөткүчтөр чагылдырылбайт.

*Көрсөткүчтөр*

- бар
- жок

5.3.1. Сүрөттүн кыскача сыпаттамасы

Бул көрсткүчтө сүрөткө кыскача аныктама берүү керек, анда аялдар менен эркекетердин коомдогу мүнөзүн жана ролдорун ачык сексистик интерпретациясынын болушуна талдоо жүргүзүлөт.

5.3.2. Сүрөттө адамдардын болушу

Сүрөттө адамдардын болушунун көрсөткүчү, ошондой эле кийинки көрсөткүчтү чагылдырууда колдонулат. Сүрөттө эч ким жок болсо, андан аркы көрсөткүчтөр чагылдырылбайт.

*Көрсөткүчтөр*

- бар
- жок

5.3.3. Сүрөттөгү адамдын жынысы

Тандалып алынган сүрөттө эркектерди/аялдарды чагылдырган көрсөткүч.

*Көрсөткүчтөр*

- эркек
- аял
- паритет
- эркектер басымдуулук кылат
- аялдар басымдуулук кылат

5.3.4. Сүрөттөгү адамдын мүнөздөмөсү

Каармандын образын аныктоо үчүн көрсөткүч, анын жардамы менен эркектер/аялдар тандалган рубрикада кандай мүнөздө берилгени аныкталат. Сүрөттү байкоо үчүн аны тартып алып (скриншот) маалыматтар топтолгон таблица түрүндө сактоо сунушталат.

*Көрсөткүчтөр*

- оң

- терс

Сүрөттөгү каармандын иш-аракети. Эгер ал иш-аракет кылса, анда ал – активдүү, эгер иш-аракет кылбаса – анда ал пассивдүү.

*Көрсөткүчтөр*

- пассивдүү
- активдүү

6. Жогоруда көрсөтүлгөн бардык индикаторлор системалуу түрдө, жок дегенде жума сайын чогултулуп жана маалыматтар базасына киргизилиши керек. Баштапкы статистикалык маалымат үчүн таблица түрүндөгү куралды колдонуу сунушталат (8.3.2. таблицаны караңыз.)

## Сүрөт 8.3.2. Баштапкы стастистикалык маалымат таблицасынын мисалы

| с | | | | | Контент материала | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дата публикации/выхода | Вид информации | | | Автор материала | Содержание материала (текст/видео) | | | | | | | | Изображение к текстовому материалу | | | | | |
| | Печатный (№ издания, № страницы) | Онлайн медиа (ссылка на статью) | Телевидение (Ток шоу, новости) | | Тематический блок | Заголовок материала | Краткое описание (о чем материал) | Главный герой | Образ главного героя | | Цитируемый герой/эксперт | Второстепенные герои | Наличие изображения | Пол человека изображенного на фотографии | Характеристика человека, изображенного на фото | | Скрин |
| 04.02.2022 | №4 (1464) | | | Без подписи | Экономика | Акылбек Жапаров обсудил перспективы развития ОсОО "Алтынкен" | о перспективах развития "Алтынкен" | мужчина | Отсутствует | Отсутствует | отсутствует | отсутствуют | Есть | Мужчина | Положительный | Активный | |
| 04.02.2022 | №4 (1464) | | | Женщина | Экономика | Минсельхоз: поднимем сельское хозяйство - поднимем всю экономику | о проблемах в аграрном секторе и возможных путях их решения | женщина | Положительный | Активный | женщина | мужчины | Есть | Преобладают мужчины | Положительный | Активный | |
| 04.02.2022 | №4 (1464) | | | Женщина | Социальный | Орошение пашни - насущная задача дня | по поводу управления водного хозяйства | мужчина | Положительный | Активный | мужчина | отсутствуют | Есть | Мужчина | Положительный | Активный | |
| 04.02.2022 | №4 (1464) | | | Женщина | Социальный | Фермерам - тепличные условия | о строительстве насосной станции | мужчина | Отсутствует | Отсутствует | отсутствует | отсутствуют | Есть | Отсутствует | Отсутствует | Отсутствует | |
| 04.02.2022 | №4 (1464) | | | Без подписи | Политика | Откровенный разговор с избирателями | о проблемах района и плане работ на будущее | мужчина | Положительный | Активный | отсутствует | отсутствуют | Есть | Мужчина | Положительный | Активный | |
| 04.02.2022 | №4 (1464) | | | Без подписи | Политика | Знакомьтесь - новый заместитель главы района | о назначении нового заместителя главы района | мужчина | Положительный | Отсутствует | отсутствует | отсутствуют | Есть | Мужчина | Положительный | Отсутствует | |

1) Кыргызстанда аялдар үй иштерине эркектерге караганда үч эсе көп убакыт коротушат: аялдар - төрт жарым саат, эркектер – бир жарым саат (Кеңири маалыматты Kloop Media Foundation сайтынан алса болот [31]).

2) Аялдардын өлкөдөгү саясий турмушка активдүү катышканына карабай, мамлекеттик парламенттерде аялдарга 23,7 пайыз гана орун берилет. Демек гендердик паритеттин принциптерине жооп бербейт.[32]

- Жогорку Кеңеште 90 депутаттын 21% аялдар.[33]
- 36 бир мандаттуу аймактар боюнча бир гана аял-депутат шайланган.
- Кыргыз Республикасы Парламентиндеги аялдардын саны боюнча Борбордук Азияда акыркы орунда турат.
  - Өзбекстанда бул көрсөткүч 32% түзөт;
  - Казакстанда — 27,1%;
  - Тажикистанда — 25,8%;
  - Түркмөнстанда — 25%.[34]

31 У работающих женщин в Кыргызстане почти нет свободного времени — они тратят его на уборку дома : статья на веб-сайте Kloop Media Foundation. // URL: https://kloop.kg/blog/2019/02/08/u-rabotayushhih-zhenshhin-v-kyrgyzstane-pochti-net-svobodnogo-vremeni-oni-tratyat-ego-na-uborku-doma/

32 Цель 5: Обеспечение гендерного равенства и расширение прав и возможностей всех женщин и девочек : статья на веб-сайте ООН. // URL: https://www.un.org/sustainabledevelopment/ru/gender-equality/

33 Абдыразакова Н. В 2005 году в парламенте Кыргызстана было нулевое представительство женщин : статья на веб-сайте газеты «Вечерний Бишкек», 6 мая, 2022 г. // URL: https://www.vb.kg/doc/417692_v_2005_gody_v_parlamente_kyrgyzstana_bylo_nylevoe_predstavitelstvo_jenshin.html

34 Жогорудагы шилтемени караңыз

ФАКТЫЛАР

# БУЛАКТАР


1. *Анапреенко Я. Г.* Проблемы гендерного равенства : метод. пособие / Я. Г. Анапреенко. — Минск : Науч.-исслед. учеб.-метод. центр МВД Респ. Беларусь, 2001. — 51 с.
2. Универсальная журналистика: Учебник для вузов / под ред. Л.П. Шестеркиной. — М.: Издательство «Аспект Пресс», 2016. — 480 с.
3. *Воскресенская Н. Г.* Медиаметрические исследования целевой аудитории: методика количественного анализа: Учебно-методическое пособие / Н.Г. Воскресенская Е.Г. Фирулина. — Нижний Новгород: Нижегородский госуниверситет, 2014. – 66 с.
4. Исследования СМИ: методология, подходы, методы: учебно-методическое пособие / под ред. И. Фомичевой. — М.: Изд-во Моск. ун-та, 2011. — 236 с.
5. Гендерно-чувствительные индикаторы средств информации : система показателей для оценки гендерной проблематики в деятельности и содержании. / Ред. А. Гризл, ЮНЕСКО, 2012. // URL: https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000368689/PDF/368689rus.pdf.multi
6. *Ибраева Г, Торалиева Г.* Руководство по гендерно-чувствительному освещению событий и противодействию пропаганде экстремизма через медиа-грамотность. // URL: https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2020-08/Учебник_0.pdf
7. *Сидорская И, Раду А.* Гендер и СМИ : учебное пособие для журналистов. [Электронный ресурс]. // URL: https://elib.bsu.by/bitstream/123456789/107773/1/Гендер%20и%20СМИ_Сидорская%2C%20Раду.pdf
8. *Щурко Т.* Глобальный медиа мониторинг: кто сообщает о ком? : статья на веб-сайте «Гендерный маршрут». // URL: http://gender-route.org/articles/sity/global_nyj_media_monitoring_kto_soobwaet_o_kom/

# III бөлүм боюнча студенттердин өз алдынча иштери үчүн тапшырмалар

1. Макала аталыштарындагы гендердик калпыстыктарга мониторинг жасоо: сандык жана сапаттык талдоо.
2. Тандалган маалымат каражаттарында эркектер жана аялдарга карата колдонулган эпитеттерди талдоо (мугалим менен бирге тандаса болот).
3. Тандалган медиадагы текстти/видео/аудиону гендердик сезимталдуулугун талдоо (мугалим менен бирге тандаса болот).
4. Гендердик линзанын жардамы менен кызуу темада материал даярдоо.

# «Медиа мониторинги» III бөлүм боюнча кирүү жана чыгуу тесттери

**1. Гендердин кайсы түшүнүгү жөнүндө сөз болуп жатканын аныктагыла.**

*Бул коомго маданий дискурстарда, коомдук институттарда, күнүмдүк практикада жана адамдардын психикасында камтылган аялдар жана эркектер үчүн жашыруун буйруктардын маңызын түшүнүүгө жардам берет, алар социалдык чындыкты кабыл алуу жана түшүнүү перспективасын гана белгилебестен, ошондой эле бул чындыкты да өзүн жаратат.*

A. Гендердик теңчилик
B. Гендердик укук
C. Гендердик линза
D. Билбейм

**2. Сандра Бем өзүнүн мадания линзасы теориясында канча линзаны бөлүп көрсөтөт жана сыпаттайт?**

A. Эки
B. Үч
C. Төрт
D. Билбейм

**3. Төмөндө Сандра Бемдин теориясынын кайсы линзасы сыпатталган?**

*Бул эркек жана анын тажрыйбасы норма катары, ал эми аял менен аялдардын тажрыйбасы нормадан тышкары каралган, жыныстык өзгөчөлүк менен шартталган маданий-социалдык салт болуп саналат.*

A. Андроцентризм линзасы
B. Гендердик поляризация линзасы
C. Биологиялык эссенциализм линзасы
D. Билбейм

**4. Төмөндө Сандра Бемдин теориясынын кайсы линзасы сыпатталган?**

*Эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылык коомдук турмушка экстенсивдүү кирет, ошону менен бирге маданияттын дээрлик бардык аспектисинде, адам тажрыйбасынын бардык аспектисинде көмүскө орун алмашуу болот. Бул кайсы линзанын аныктамасы?*

A. Андроцентризм линзасы
B. Гендердик поляризация линзасы
C. Биологиялык эссенциализм линзасы
D. Билбейм

**5. Бул аныктамага ылайык түшүнүктү белгилегиле**

*Чечим кабыл процессин жакшыртуу үчүн колдонула турган маалыматтарды системалуу түрдө жыйноо жана иштеп чыгуу.*

A. Аналитика
B. Мониторинг
C. Сурамжылоо
D. Билбейм

**6. Медиадагы гендердик катышка мониторингди баштоодон мурда эмне кылуу керек?**

A. Мониторингдин объектисин аныктоо
B. Материалды кыскача сыпаттоо
C. Материалдын каарманын табуу
D. Билбейм

**7. Медиадагы гендердик маселени изилдеген эң чоң эл аралык изилдөө кандай аталат?**

A. Медиага мониторинг жасоо боюнча Глобалдык долбоор
B. Медиага мониторинг жасоо
C. Медианын аймактык мониторинги
D. Билбейм

**8. Медиага мониторинг жасоодо кандай топтоо методдору колдонулат?**

A. Интернеттен издөө жана сурамжылоо методу
B. Медианын адистештирилген базасы жана анкета методу
C. Сандык, сапаттык методдор жана контент-анализ методу
D. Билбейм

**9. Жогорку Кеңештеги 90 депутаттын канча пайызын аялдар түзөт?**

A. 11%
B. 21%
C. 31%
D. Билбейм

**10. Төмөндө айтылган ойго макулсузбу же макул эмессизби?**

*Кыргызстандагы аялдар үй иштерине эркектерге караганда үч эсе көп убакыт коротушат: аялдар – төрт жарым саат, эркектер бир жарым саат.*

E. Ооба, дал ошондой
F. Жок, бул жалган маалымат
G. Муну изилдөөгө мүмкүн эмес
H. Билбейм

**Тесттин жооптору:**
1. C. 2. B. 3. A. 4. B. 5. B. 6. A. 7. A. 8. C. 9. B. 10. A.

# Корутунду

Күн тартибинде туруктуу өнүгүүгө тоскоол болгон патриархалдык, гендердик дифференцияланган жүрүм-турум моделдери кайрадан актуалдуу болуп калды. Гендердик маселелердин бир топ ачык жана жашыруун комплекси бар.  Ошондуктан коомдук аң-сезимди максаттуу кайра куруу зарыл. Гендердик стереотиптерди жокко чыгарууда, гендердик сезимтал журналистиканын принциптерин алга жылдырууда башкы ролду журналисттер жана медиа уюмдар аткарышы керек.

Гендердик теңсиздик көйгөйлөрүн чечүү үчүн аялдар менен эркектерге, кыздарга жана балдарга толук кандуу  шарттарды түзүү, аларга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу жана адамдардын бардык топторунун, анын ичинде эң аялуу топтордун кызыкчылыктарын эске алуу маанилүү.

Бул милдеттерди ишке ашырууда адамдардын аң-сезимине зор таасир тийгизген медианын ишмердүүлүгү өтө маанилүү. Гендердик тематика боюнча толук маалыматка ээ болбой туруп, гендердик теңсиздик чөйрөсүндөгү реалдуу маалыматка ээ болбой туруп, гендердик теңчиликти чагылдыруу маселелерине тийиштүү маани бербестен, гендердик сезимталдыкты көрсөтпөстөн журналисттер бул маселелерди туура эмес чагылдыруу менен өздөрүнүн материалдарында гендердик стереотиптерди, бейкалыс пикирлерди билбестиктен таңуулашы мүмкүн.

Гендердик стереотиптерди жеңүү, гендердик сабатсыздыкты жоюу келечектеги журналисттерди даярдоодон башталат. Келечектеги журналисттерде жана башка медиа кызматкерлерде гендердик маселелерди так түшүнүүнү, аларды чечүүдөгү медианын ролунун маанилүүлүгүн, гендердик теңсиздик маселелерин талдоодо жана чагылдырууда алган билимдерин туура колдоно билүүнү калыптандыруу зарыл.

2021-жылы журналисттер тарабынан «Теңдик нуру» долбоорунун алкагында

## КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасында журналисттер үчүн биринчи гендердик-этикалык кодекс иштелип чыккан. Бишкекте ондогон медиа уюмдар гендердик сезимтал журналистика принциптерине умтулуу жана жогоруда аталган кодекстин ченемдерин кабыл алуу боюнча келишимге кол коюшту.

Бул багыттагы маанилүү кадамдардын бири гендердик сезимтал журналистика боюнча окуу курсун жана ага карата окуу куралын иштеп чыгуу болду. Колдонмону түзүүгө гендердик маселелер жана мониторинг боюнча эксперттер, медиа, ошондой эле «Журналистика» багыты боюнча ЖОЖдордун мугалимдери катышты.

Окутуунун максаттарына натыйжалуу жетүү үчүн түзүүчүлөр тарабынан берилген иштин түрлөрү сунуштама мүнөзүндө. Мугалимдер аларды толуктап, студенттердин даярдык деңгээлине жараша ылайыкташтыра алышат.

Бул окуу куралында мугалимдерде пайда болушу мүмкүн болгон бардык суроолор камтылган жок. Ошондуктан профессордук-окутуучулук курам үчүн гендердик-сезимтал мамилелерди талкуулоо жана башка дисциплиналарга интеграциялоо үчүн семинарларды, тренингдерди өткөрүп туруу зарыл. Ошону менен бирге медиада гендердик маселелерди чагылдыруунун өзгөчөлүктөрүн комплекстүү изилдөө келечектеги журналисттердин гендердик сезимталдыгын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

# Гендердик-сезимтал журналистика боюнча глоссарий

**Виктимблейминг** — (англис тилинде *victim blaming* «жабыркаган адамды күнөөлөө») жабыркаган адамды болгон окуяга өзүн күнөөлөө жагдайын туюндурат. Анын типтүү мисалдары: *аял өзү күнөөлүү, ал жакка эмнеге барат, абдан кыска юбка кийип алыптыр.*

**Гендер** — социалдык конструкция. Бул түшүнүк менен байланышкан нормалар коомдон коомго гана өзгөрбөстөн, ошол эле коомдун же мамлекеттин чегинде трансформация болот, ошондой эле ар кандай маданияттарда өзгөчөлөнөт жана убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү да мүмкүн.

**Гендердик линза** — коомдун гендердик түшүнүгү, ал аркылуу психология стандарттары, эркек менен аялдын инсандык сапаты калыптанат[35]. Гендердик линза жагдайды же конкреттүү бир ыкмаларды же программаларды иштеп чыгууда аялдар менен эркектердин ортосундагы айырмачылыктарда катышат.

**Гендердик теңчилик (gender equality)** — БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1948-жылы 10-декабрда кабыл алынган Адам укуктарынын Жалпы декларациясына шайкеш келген адам укуктары боюнча эл аралык укуктун бөлүгү. Бул белгилик документте адам укуктарынын тарыхында «бардык адамдар эркин жана бардыгына тең укукта болуп төрөлүшөт жана ар бир адам расасына, динине же башка абалына карабай бул Декларацияда көрсөтүлгөн бардык эркиндиктерге жана укуктарга ээ болушу керек».[36]

35 Радина Н. К., Никитина А. А. Возможное влияние женщин как гендерной группы на трансформации мужской идентичности. — С. 2 [Электронный ресурс]. // URL: https://publications.hse.ru/pubs/share/folder/q9v55c8vgv/63065924.pdf

36 Веб-сайт Организации объединенных наций. // URL: https://www.un.org/ru/global-issues/gender-equality

«Гендердик теңчилик — аялдардын жана эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруунун бирдей мүмкүнчүлүктөрү, жынысына карабастан, адамдарга жашоонун саясий, экономикалык, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүнө катышуу үчүн өз мүмкүнчүлүктөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берүү...».[37] Бул – коом тарабынан аялдар менен эркектердин ортосундагы окшоштуктарга жана айырмачылыктарга, ошондой эле алардын коомдо жана үй-бүлөдөгү ар кандай социалдык ролуна бирдей баа берүү. Мындан тышкары, бул – адам укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн бирдей шарттар аркылуу жетишилген аялдар менен эркектердин статусу.

**Гендердик-сезимтал тил** — гендердик өзгөчөлүккө ээ эмес, аялдар менен эркектерге шилтеме жасалбаган, бардык адамдарга тиешелүү, же аялдар менен эркектердин адилеттүү катышын чагылдырган тил. Тектеш термин: гендердик нейтралдуу тил.

**Гендердик анализ** — саясаттын, программалардын жана мыйзамдардын аялдарга жана эркектерге потенциалдуу таасирлерин аныктоо үчүн саясатты иштеп чыгууда аялдар менен эркектердин ортосундагы социалдык жана экономикалык айырмачылыктарга негизделген анализ; иш-аракеттерди жасоодо жана пландаштырууда аялдар жана эркектер, балдар жана кыздар үчүн бирдей натыйжалардын камсыз болушун талдоого алат.

**Ыдык көрсөтүү** — экономикалык жана социалдык турмушка толук жана бирдей катышуу мүмкүнчүлүгүн чектеген деңгээлине, социалдык абалына карабастан бардык курактагы аялдарга же эркектерге таасир эткен зомбулук. Бул коомдук мейкиндикте: коомдук, жумуш жана билим берүү жайларында, жеке мейкиндиктен тышкары кесиптештер, иш берүүчүлөр, кардарлар, бейтаптар, бейтааныш адамдар тарабынан жасалат.

**Мониторинг** — чечимдерди кабыл алуу процессин өркүндөтүү, ошондой эле кыйыр түрдө коомчулукка маалымат берүү же долбоорлорду ишке ашыруу, программаны баалоо же саясатты иштеп чыгуу үчүн түз байланыш куралы катары колдонулган маалыматтарды системалуу чогултуу жана кайра иштетүү.

37 Веб-сайт Института Омбудсмена (Акыйкатчы) Кыргызской Республики. // URL: https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=77:what-is-gender-equality&catid=23&Itemid=145&lang=ru

**Жыныс** — эркектер менен аялдардын ортосундагы биологиялык айырмачылык, адам менен кошо төрөлгөн, белгилүү бир куракка жеткенде кандай репродуктивдүү функцияны ишке ашыра аларын белгилеп турат.

**Мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги** — сбирдей натыйжаларга жетишүү үчүн эркектер менен аялдардын укуктарын ишке ашыруудагы адилет мүмкүнчүлүктөр.

**Укуктардын теңдиги** — эркектер менен аялдардын жеке, социалдык, экономикалык жана маданий өнүгүүсүндөгү бирдей укуктар, ошондой эле саясий турмушта бирдей добуш берүү.

**Сексизм** — адамдарды жынысы боюнча гана басмырлаган мамилелер жана аракеттер; ошондой эле адамдарга карата бейкалыс көз караштардын жана жек көрүүлөрдүн жыйындысы же жынысы боюнча адамдарды басмырлоо; кандайдыр бир жыныстагы адамдарга карата бейкалыс, терс мамиле же антипатия.

**Фемицид** — көбүнчө эркектер аялдарды жек көрүүдөн, гендердик басынтуудан же мамлекет көзөмөлгө албаган гендердик зомбулуктун натыйжасында аялдардын өлтүрүлүшү.

**Флирт** – оң маанайда, өз ара түшүнүктүү, жагымдуу, бирдей деңгээлде көзөмөл байкалган, каалоо менен болгон, мыйзамдуу, жеке чектер сакталган, адамга оң таасирин тийгизген эмоцияны жаратат.

**Харассмент** — башка бир адамдын ыңгайсыздык, физикалык жана психикалык чыңалуунун жараткан жүрүм-туруму. Мындай жүрүм-турум экинчи бир адамдын жеке жашоосунун тынчтыгын, бейпилдигин бузат.

**Касташуу тили** — массалык маалымат каражаттарындагы негативдүү, кемсинткен сөздөрдү жана сүрөттөрдү камтыган, белгилүү бир расанын өкүлдөрүн, этникалык топту, динди же социалдык топту басынткан визуалдык контенттин формасы.

# ГЕНДЕРДИК-СЕЗИМТАЛ ЖУРНАЛИСТИКА

Келечектеги журналисттерди даярдоо боюнча
окуу-усулдук комплекси
2–3 курстар үчүн


Редактор

Корректор

Мукаба дизайны

Компьютерде калыпка салган
*А. Борисова*

Кагаздын форматы 70х100 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 14,125 б. т.

# ГЕНДЕРДИК-СЕЗИМТАЛ ЖУРНАЛИСТИКА

Келечектеги журналисттерди даярдоо боюнча окуу-усулдук комплекси

2–3 курстар үчүн

Инициатива «Луч света»
Покончить с насилием в отношении женщин и девочек

Медиа сабак

ООН ЖЕНЩИНЫ